Имам ан-Навави

# КЫРК ХАДИС
## ТҮШҮНДҮРМӨСҮ МЕНЕН

УДК 29
ББК 86.38
И 50

**Китептин аталышы: Кырк хадис жана анын түшүндүрмөсү**

**Автору:** Имам ан-Навави

**Жыйнактап которгондор:** Сыдыгалиев Бакыт,
Заид Зулкарнай уулу,
Орозокул уулу Асылбек,
Аширалиев Касиет

**Текшерген:** Бахтияр.Т.У

Имам ан-Навави
И 50 Кырк хадис жана анын түшүндүрмөсү. Б: 2022 - 160б
ISBN 978-9967-483-16-3

Акыретти ойлогон ар бир мусулман үчүн бул хадистерди билүү зарыл. Анткени бул хадистер мусулмандын жашоосуна эң керектүү. Жакшылап ой жүгүртүп окуган адам бардык ибадаттардын түрүн бул хадистерден таба алат.

**КЫРГЫЗСТАН МУСУЛМАНДАРЫНЫН ДИН БАШКАРМАСЫ**

Бул китеп Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы тарабынан тастыкталат. "06"__09__2019-жыл

И 0403000000-19
ISBN 978-9967-483-16-3

УДК 29
ББК 86,38

# КИРИШ СӨЗ

Ааламдардын Раббиси Аллах таалага мактоолор болсун жана пайгамбарыбыз Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламга, үй-бүлөсүнө жана сахабаларына салам-салаваттар болсун.

Бул хадистер жыйнагын Ислам дүйнөсүндөгү эң белгилүү аалымдардан болгон Яхья ибну Шараф ан-Навави топтогон. Ал “Имам ан-Навави” деген лакап менен белгилүү болгон аалым.

Ал өзүнүн **"Кырк хадис"** китебине пайгамбарыбыздын динди толук камтып турган хадистерин киргизген. Көптөгөн аалымдар **«Кимде-ким менин үммөтүм үчүн анын дин ишинен болгон кырк хадисти сактап берсе, Кыямат күнү Аллах аны факих жана аалымдар тобунда тирилтет»**, башка бир риваятта: **«Аллах аны факих, аалым кылып тирилтет»,** Абу Дарданын риваятында **«Мен Кыямат күнү ал үчүн шапаат кылам жана күбө болом»,** Ибну Масууддун риваятында: **«Ага: “Бейиштин каалаган эшигинен кир”** – деп айтылат», Ибну Умардын риваятында: **«Ал аалымдардын катарына жазылат жана шейиттердин арасында тирилет»** деген хадиске амал кылуу максатында ар түрдүү маанидеги кырк хадисти топтоп жазышкан. Бирок, хадис аалымдарынын айтуусунда бул хадис ишенимдүү эмес заиф хадис экендиги айтылган. Имам ан-Навави "Кырк хадис" китебинин киришүүсүндө минтип айтат: "Көпчүлүк аалымдар кайсы бир амалдын артык-

чылыгын жеткирүүдө ишенимдүү эмес заиф хадистерге да амал кылууга болорун айтышкан. Бирок, мен бул китепти жазууда пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа салламдын: «Уккандар укпагандарга жеткиргиле» жана «Менин сөзүмдү угуп жана аны жаттап, аны өзгөртпөстөн башкаларга жеткирген адамдын жүзүн Аллах таала нурлуу кылсын» деген ишенимдүү сахих хадистерине амал кылдым. Бул китепке Имам Бухари менен Имам Муслим “Сахих хадистер жыйнагында” келген кээ бир хадистерди киргизүүгө аракет кылдым.

## БИРИНЧИ ХАДИС

عَنْ أَمِيرِ الْمُؤْمِنِينَ أَبِي حَفْصٍ عُمَرَ بْنِ الْخَطَّابِ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قَالَ: سَمِعْت رَسُولَ اللَّهِ ﷺ يَقُولُ: «إنَّمَا الْأَعْمَالُ بِالنِّيَّاتِ، وَإِنَّمَا لِكُلِّ امْرِئٍ مَا نَوَى، فَمَنْ كَانَتْ هِجْرَتُهُ إلَى اللَّهِ وَرَسُولِهِ فَهِجْرَتُهُ إلَى اللَّهِ وَرَسُولِهِ، وَمَنْ كَانَتْ هِجْرَتُهُ لِدُنْيَا يُصِيبُهَا أَوْ امْرَأَةٍ يَنْكِحُهَا فَهِجْرَتُهُ إلَى مَا هَاجَرَ إلَيْهِ». رَوَاهُ الْبُخَارِيُّ وَ مُسْلِمٌ

Момундардын башчысы Абу Хафс Умар ибну аль-Хаттаб, радыяллаху анху, айтат: «Мен пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын уктум»: **«Чындыгында иш-аракеттер ниеттерге гана жараша болот жана ар бир адам ниет кылганына гана жетет. Кимдин хижраты Аллах жана Анын элчиси үчүн болсо, анда анын хижраты Аллах жана Анын элчиси үчүн болот. Ал эми кимдин хижраты дүнүйөгө жетүү үчүн же аялга үйлөнүү үчүн болсо, анда ал эмне үчүн хижрат кылган болсо, ошол үчүн хижрат кылган болот».** (Сахих Бухари)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Бул хадис Ислам120 дининде өтө чоң орунду ээлейт. Себеби шарияттын көпчүлүк өкүмдөрү ушул хадис менен өтө тыгыз байланышкан. Бул нерсеге аалымдардын айткан сөздөрү ачык далил болот.

Имам Шаафи айтат: ***«Мына ушул хадис, илимдин үчтөн бирин өзүнө камтыйт жана фикх китептеринин жетимиштей бөлүмүндө келет».***

Имам Ахмад айтты: «Ислам дининин негиздери үч хадиске курулган. Алар: Умар, радыяллаху анху, риваят кылган хадис: **«Чындыгында иш-аракеттер ниетке жараша»,** Айша, радияллаху анха, риваят кылган хадис: **«Кимде-ким биздин динибизге Куран-сүннөттө жок нерсени киргизсе, анда ал кабыл кылынбайт»,** Нуман ибну Башир, радыяллаху анху, риваят кылган хадис **«Адал дагы белгилүү жана арам дагы белгилүү»** — деп айтылган хадистер.

Имам Бухари да ушул хадисти «Ал-Жаами ас-Сахих» китебинин башында алып келген. Имам Навави да өзүнүн «Момундар бакчасы» жана «Аль-Азкар» китептерин так ушул хадис менен баштаган. Себеби илим алгандар жана шарият китебин окугандар ниеттерин оңдоп, ар бир кылган ишин жалгыз Аллах үчүн кылышсын деген маанини билдирип турат.

Бул хадистин айтылган себеби, бир адам Умму Кайс аттуу аялга жуучу болуп келгенде, ал аял: «Эгер сен Мединага хижрат кылсаң, мен сага турмушка чыгам» — деп шарт коёт. Ошондо ал адам Меккеден Мединага сахабалар менен бирге хижрат кылып барат. Бирок анын хижраты Умму Кайска үйлөнүү ниетинде болчу. Ал чындап эле Умму Кайска үйлөнөт. Бирок ал дин үчүн хижрат кылган адамдар сыяктуу соопко ээ боло албай калды.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

### 1. Ниет кылуу – ибадаттар менен тыгыз байланышкан

Шарият өкүмдөрү менен ниеттин өтө тыгыз байланышы бар. Себеби ниеттин орду жүрөктө, ал эми көпчүлүк ибадаттар жүрөк менен байланышкан. Мына ошондуктан бул хадистин шарияттагы орду өтө маанилүү.

Мисалы, бир бала атасына жакшы көрүнүү ниетинде намаз окуду. Себеби ал намаз окубаса атасынан тил угат. Ал баланын ниети туура эмес болгондуктан, окуган намазынан толук соопко ээ болбой калат.

### 2. Ибадаттарды биринен-бирин ажырата билүү

Мисалы, бир адамдын кечээ күнкү жана бүгүнкү бешим намазын каза кылып койсо, анда ал эки намаздын казасын өтөөдө аларды айырмалаш үчүн сөзсүз түрдө ар бир намазга өзүнчө ниет кылышы керек.

### 3. Ниеттин убактысы жана орду

Ниеттин убактысы ибадатты аткаруудан алдын болот. Мисалы, намазда такбир айтуудан алдын жана ажылыкта ихрам кийүүдөн алдын ниет кылуу керек. Ал эми ибадаттын башталуусу белгисиз болгон учурда алдын-ала ниет кылууга болот. Мисалы, орозодо таң атышын анык билүү кыйын болгон учурда, анда орозо башталуу убактысынан бир аз мурда ниет кылууга болот.

Адам кандай гана шарияттагы ибадатты баштабасын, анда ал ошол ибадаттын өзүнө ниет кылуусу шарт. Мисалы, адам намазга турганда жөн гана намаз окууну ниет кылдым деп ниет кылуусу жетиштүү эмес. Ал адам «Бешим же Асыр намазын окууга» деп анык ниет кылуусу керек.

**4. Динин сактап калыш үчүн хижрат кылуунун зарылдыгы**

Чындыгында хижрат кылуу жакшы амалдардын бири. Себеби анын максаты Аллах жана Анын элчиси үчүн болот. Ар бир иш-аракет Аллах үчүн болсо, анда ал иш-аракет туура иш-аракеттерден болуп эсептелет. Ал эми Аллах үчүн кылынган ар бир иш-аракет ибадат болуп саналат.

Исламдын негизги парздарын аткарууга мүмкүн болбосо, анда ал адамга ал жерден хижрат кылуусу милдеттүү болот. Ал эми негизги парздарды аткарууга мүмкүнчүлүк боло турган болсо, анда ал адамга хижрат кылуу мустахаб болот. Ал эми пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын: «Мекке жеңишинен кийин хижрат болбойт» деген хадиси «Меккеден башка жерлерге хижрат кылууга болбойт» деген маанини түшүндүрөт. Анткени Мекке негизги Ислам борбору болуп калгандыгына байланыштуу ал жерден хижрат кылууга болбойт.

**5. Кимде-ким жакшы иш-аракетти кылууга ниет кылса, бирок ооруу же өлүм, же ушул сыяктуу себептер менен аны аткара албай калса, анда ал үчүн сооп жазыла берет**

Мисалы, үзүрлүү себептерден улам иш-аракеттерди аткара албай калса, анда ниети үчүн сооп алат. Бирок ниетсиз иш-аракеттер чаң сыяктуу сапырылып кетет. Иш-аракет менен ниет — дене менен жан сыяктуу. Дене жансыз жашай албайт, жан дагы денесиз жүрө албайт.

**6. Иш-аракеттерди чын ыкластуулук менен аткаруу**

Акыретте соопко ээ болуу жана бул жашоодо ийгиликке жетүү үчүн ибадаттарды чын ыкластан Аллах үчүн аткаруу зарыл.

**7. «Аллах жана Анын элчиси» деген сөздү ажырата билүү**

**«Аллах жана Анын элчиси»** деген сөздү кантип түшүнөбүз? Бир сахаба пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, келип: **«Аллах жана сен каалаган»** — дегенде, пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: **«Аллах Өзү гана каалайт»** — деп жооп берет. Бул жердеги эки сүйлөмдүн айырмасы кандай түшүнсөк болот?

Пайгамбарга түшкөн шарият жөнүндө сөз болсо, анда Аллах жана Анын элчиси билет деп айтса болот. Себеби шарият пайгамбарга түшүп жатканына байланыштуу Аллах жана Анын элчиси билет деп айтса болот. Ал эми «Эртең жамгыр жаайбы?» — деп суралса, анда Аллах Өзү гана билет деп жооп беребиз. Себеби бул иш Аллахтын Өзүнө гана тиешелүү.

## ЭКИНЧИ ХАДИС

عَنْ عُمَرَ رضي الله عنه أَيْضًا قَالَ: «بَيْنَمَا نَحْنُ جُلُوسٌ عِنْدَ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ ذَاتَ يَوْمٍ، إِذْ طَلَعَ عَلَيْنَا رَجُلٌ شَدِيدُ بَيَاضِ الثِّيَابِ، شَدِيدُ سَوَادِ الشَّعْرِ، لَا يُرَى عَلَيْهِ أَثَرُ السَّفَرِ، وَلَا يَعْرِفُهُ مِنَّا أَحَدٌ. حَتَّى جَلَسَ إِلَى النَّبِيِّ ﷺ . فَأَسْنَدَ رُكْبَتَيْهِ إِلَى رُكْبَتَيْهِ، وَوَضَعَ كَفَّيْهِ عَلَى فَخِذَيْهِ، وَقَالَ: يَا مُحَمَّدُ أَخْبِرْنِي عَنْ الْإِسْلَامِ. فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ الْإِسْلَامُ أَنْ تَشْهَدَ أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللَّهُ وَأَنَّ مُحَمَّدًا رَسُولُ اللَّهِ، وَتُقِيمَ الصَّلَاةَ، وَتُؤْتِيَ الزَّكَاةَ، وَتَصُومَ رَمَضَانَ، وَتَحُجَّ الْبَيْتَ إِنْ اسْتَطَعْتَ إِلَيْهِ سَبِيلًا. قَالَ: صَدَقْتَ . فَعَجِبْنَا لَهُ يَسْأَلُهُ وَيُصَدِّقُهُ! قَالَ: فَأَخْبِرْنِي عَنْ الْإِيمَانِ. قَالَ: أَنْ تُؤْمِنَ بِاللَّهِ وَمَلَائِكَتِهِ وَكُتُبِهِ وَرُسُلِهِ وَالْيَوْمِ الْآخِرِ، وَتُؤْمِنَ بِالْقَدَرِ خَيْرِهِ وَشَرِّهِ. قَالَ: صَدَقْتَ. قَالَ: فَأَخْبِرْنِي عَنْ الْإِحْسَانِ. قَالَ: أَنْ تَعْبُدَ اللَّهَ كَأَنَّك تَرَاهُ، فَإِنْ لَمْ تَكُنْ تَرَاهُ فَإِنَّهُ يَرَاك. قَالَ: فَأَخْبِرْنِي عَنْ السَّاعَةِ. قَالَ: مَا الْمَسْئُولُ عَنْهَا بِأَعْلَمَ مِنْ السَّائِلِ. قَالَ: فَأَخْبِرْنِي عَنْ أَمَارَاتِهَا؟ قَالَ: أَنْ تَلِدَ الْأَمَةُ رَبَّتَهَا، وَأَنْ تَرَى الْحُفَاةَ الْعُرَاةَ الْعَالَةَ رِعَاءَ الشَّاءِ يَتَطَاوَلُونَ فِي الْبُنْيَانِ. ثُمَّ انْطَلَقَ، فَلَبِثْنَا مَلِيًّا، ثُمَّ قَالَ: يَا عُمَرُ أَتَدْرِي مَنْ السَّائِلُ؟. قُلْتُ: اللَّهُ وَرَسُولُهُ أَعْلَمُ. قَالَ: فَإِنَّهُ جِبْرِيلُ أَتَاكُمْ يُعَلِّمُكُمْ دِينَكُمْ». رَوَاهُ مُسْلِمٌ

Умар, радыяллаху анху, мындай деп айтты: «Күндөрдүн биринде биз Аллахтын элчисинин жанында олтурган элек. Ошол учурда жаныбызга аппак кийимчен, чачтары капкара болгон бир адам келди. Анын кейпинде мусапырлык белги да жок, эч кимибиз аны таанибайт да экенбиз. Ал келип эле Аллахтын элчисинин тизесине тизесин тийгизип, колдорун сандарына коюп олтурду да:

**– Оо, Мухаммад! Мага Ислам жөнүндө айтып бер, - деди. Аллахтын элчиси:**

**– Ислам – бул Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок экендигине жана Мухаммад Анын элчиси экендигине күбөлүк берүүң, намазды толук аткарууң, зекет берүүң, рамазан орозосун тутууң жана күчүң жетсе Каабага ажылык кылууң, - деп жооп берди. Жанагы адам:**

**– Туура айттың, - деди.**

Биз анын суроо берип, кайра өзү тастыктап жатканына таң калдык. Андан кийин ал:

**– Эми мага Ыйман жөнүндө айтып бер, - деп сурады. Аллахтын элчиси:**

**– Ыйман – бул Аллахка, Анын периштелерине, Анын китептерине, Анын пайгамбарларына, акырет күнүнө жана жакшылык менен жамандык тагдырдан болоруна ишенүүң, - деп жооп берди. Ал адам:**

**– Туура айттың, - деди. Анан:**

**– Эми мага Ихсан жөнүндө айтып бер, - деди. Аллахтын элчиси:**

**– Ихсан – бул сен Аллахты көрүп турганыңдай Ага сыйынууң. Сен Аны көрбөсөң да, Ал сени сөзсүз түрдө көрүп турат, - деп жооп берди. Ал адам:**

**– Кыямат качан болорун айтып бер, - деди. Аллахтын элчиси:**

**– Бул жөнүндө суралуучу сурап жаткандан артык билбейт, - деп жооп берди. Ал адам:**

**– Андай болсо, мага кыяматтын белгилери туурасында айтып бер, - деди. Ал айтты:**

**– Күңдөн өзүнүн кожоюну төрөлөт, жылаң аяк, киерге кийими жок кедей малчылар бийик-бийик имараттарды курууда бири-бири менен атаандашканына күбө болосуң, - деп жооп берди.**

Умар айтты: *«Андан кийин ал адам кетип калды. Арадан бир топ убакыт өткөндөн кийин Аллахтын элчиси менден:*

**– Эй, Умар! Суроо узаткан адам ким экенин билесиңби? - деди. Мен:**

– Аллах жана Анын элчиси жакшы билет - деп жооп бердим. Ошондо ал:

**– Чындыгында ал Жебреил periште болчу. Силерге диниңерди үйрөткөнү келген эле, - деп айтты».** (Сахих Бухари, Сахих Муслим)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

## ИСЛАМ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Ислам сөзүнүн тилдик мааниси «моюн сунуу, баш ийүү» дегенди билдирет. Ал эми шарият жактан алганда ал төмөнкү негиздерден турат:

**1. Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок жана Мухаммад Анын элчиси деп күбөлүк берүү**

Бул күбөлүк келменин мааниси – адам тили жана жүрөгү менен жалгыз Аллах гана сыйынууга татыктуу экендигин бекем тастыктап, келменин талаптарын, шарттарын толук аткаруусу. Ошондой эле Мухаммад – Аллах тараптан келген элчи экендигине жана анын айткан сөздөрүнө эч шектенбестен терең ишенүүсү. Ал алып келген шарият өкүмдөрүн толук аткаруусу жана ал тыйган иштерден толук тыйылуусу, аны бардык адамдардан жогору коюп үлгү тутуусу, анын гана жолун жолдоп, сүннөттөрүн аткаруусу.

**2. Намазды толук аткаруу**

Тагыраак айтканда, намазды убактысы киргенде шарттарына, талаптарына ылайык жана калтырбай толугу менен аткаруу. Пайгамбарыбыздын бул сөзү – парз, сүннөт жана нафил намаздардын баарысын өзүнө камтыйт.

**3. Зекет берүү**

Зекет – бул адамдын тапкан мал-мүлкү белгилүү бир өлчөмгө жеткенде андан милдеттүү түрдө алынуучу мал-мүлк өлчөмү. Ал шарият белгилеген

адамдарга берилет. Мисалы, кедей-кембагалдарга, муктаждарга, мусапырларга, карызы көп адамдарга, жетим-жесирлерге ж. б. у. с. берилет.

**4. Рамазан айында орозо тутуу**

Орозо – бул таң аткандан күн батканга чейин оозду ача турган нерселерден тыйылуу. Рамазан айында орозо тутуу – Аллахтын пенделерине болгон буйругу.

**5. Ажылыкты аткаруу**

Шарият белгилеген убакта Каабага барып ажылык милдетти аткаруу – ар бир мусулмандын парзы. Эгерде мусулман адам ажылыкка барууга толук шарты болсо, анда ал үчүн өмүрүндө бир жолу ажылыкка баруу парз болуп эсептелет.

## ЫЙМАН ДЕГЕН ЭМНЕ?

Ыйман сөзүнүн тилдик мааниси «ишенүү, тастыктоо» дегенди билдирет. Ал эми шарият жактан алганда төмөнкү негиздерден турат:

**1. Аллахка ыйман келтирүү**

Тагыраак айтканда, Аллахтын барлыгына, бирлигине ыйман келтирип, терең ишенүү. Ал жалгыз Өзү гана сыйынууга татыктуу, бүткүл ааламдын Жаратуучусу, Башкаруучусу, Эгеси, бардык макулуктардын ырыскы Берүүчүсү, чексиз Кудуреттүү улуу Зат.

## 2. Периштелерине ыйман келтирүү

Алардын бар экендигине терең ишенүү. Периштелерди Аллах нурдан жараткан, алар Аллахтын өкүм-буйруктарын кечиктирбестен дароо аткарышат. Эч качан Аллахтын буйругуна каршы чыгышпайт, алар Аллах буйруган милдеттерди кечиктирбестен дароо аткарышат. Алардын ысымдары бар, кудурет жана милдет жактан бири-биринен айырмаланышат. Алар жеп-ичишпейт, алардын эркек-ургаачылары жок, алар бала-чакалуу болуп көбөйүү сыпаттарга ээ эмес. Алардын түрлөрү көп, алардын канаттары бар, алардын саны канча экендиги жалгыз Аллахка гана маалым.

## 3. Китептерге ыйман келтирүү

Аллах тараптан түшкөн китептерге ишенүү. Аллах тараптан түшкөн китептер: Тоорат, Забур, Инжил, Куран жана Ибрахим менен Муса пайгамбарларга берилген (Сухуф) баракчалар. Бул китептер Аллах тараптан түшкөн, бирок азыркы күндө Курандан башка китептердин баарысы бурмаланып кеткен. Аллах тараптан түшкөн китептерге ишенүү – бул ар бир мусулмандын парзы.

## 4. Элчилерге ыйман келтирүү

Адамдардын өздөрүнөн чыккан элчилерге жана пайгамбарларга терең ишенүү. Алар адамзатка Аллах тараптан жиберилген, аларга ишенүү – ар бир мусулманга парз. Кимде-ким кайсы бир пайгамбарды четке каккан болсо, же аны пайгамбар эмес деп танган болсо, анда динден чыгат.

## 5. Кыямат күнүнө ыйман келтирүү

Кыямат күндүн болушуна терең ишенүү. Аллах бардык адамдарды акыретте кабырлардан тирилтип чыгарат. Ал күндө бүткүл адамзат Аллахка сурак беришет. Ар бир адам бул жашоодо кылып өткөн ар бир иши үчүн суралат. Ошондой эле Куран-сүннөттө кыямат күнү боло турган кабарларга ишенүү. Мисалы, кабыр азабы, кабыр жыргалчылыгы, пайгамбардын көлмөсү (хауд), шапаат кылуу, Сырат көпүрөсүнөн өтүү, бейишке же тозокко кирүү.

## 6. Тагдырга ыйман келтирүү

Тагыраак айтканда, адамдын жашоосунда болгон бардык жакшылыкты жана жамандыкты Аллах тааланын алдын ала белгилеп койгонуна ошондой эле бардык нерсе тагдыр боюнча болоруна терең ишенүү. Анткени Аллах таала ар бир адам баласынын тагдырын ал адам жарала электе эле жазып койгон. Ал адам ошол нерсени аткарарын Аллах таала алдын ала билген жана аны ага тагдыр кылып жазган. Ошону менен бирге Аллах адамга тандоо укугун берген. Адамдын ар бир кылганы – ал өз тандоосунун чегинде ишке ашат. Адамдын жашоосундагы ар бир иш – Аллахтын жазган тагдырынын чегинде гана болот.

## ИХСАН ДЕГЕН ЭМНЕ?

Ихсан деген сөздүн мааниси – Аллахка карата жакшылык жана айкөлдүк кылуу. Башкача айтканда, ар бир кылган ибадатты, иш-аракетти Ал үчүн гана чын ыкластан аткаруу, Аллахты көрүп тургандай сыйынуу, сен Аны көрбөсөң да, Ал сени көрүп тураарын анык билүү жана ар бир иште пайгамбарыбызды ээрчүү.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Пайгамбарыбыздын кулк-мүнөздүүлүгү жана жөнөкөйлүгү. Себеби ал дайым сахабалары менен чогу отурган, алардын арасында өзгөчөлөнгөн эмес, өзүн өйдө коюп текеберленген эмес.

2. Периштелер ар кандай келбетке кубулууга жөндөмдүү. Анткени хадисте Жебреил периште адам кейпинде келди.

3. Мугалим менен окуучунун ортосундагы адеп. Себеби Жебреил периште пайгамбарга бетме-бет тизе чөгүп отурду.

4. Ислам дининин артыкчылыгы. Айрыкча анын эң негизги түркүгү болгон күбөлүк келменин ордунун бийиктиги. Себеби адамзатка кандай пайгамбар жиберилбесин, алар эң биринчи даахватты «Лаа илааха иллаллах» келмесинин шарттарын аткарууга, Аллахка гана сыйынып, Ага гана ыйман келтирүүгө чакыруу менен башташкан.

5. Ислам беш түркүктөн турат.

6. Намаздын маанилүүлүгү жана пазилеттүүлүгү. Ал күбөлүк келмесинен кийин эле айтылды. Себеби ал эң улуу ибадаттардан болуп саналат.

7. Намазды толук жана туура аткаруу, б.а. анын рүкүндөрүн, важиптерин, сүннөттөрүн, мустахабдарын жана адептерин толук аткаруу.

8. Рамазанда орозо тутуу, Каабага ажылык кылуу жана зекет берүү – Исламдын түркүктөрүнөн болуп саналат.

9. Ислам менен ыйман бири-биринен айырмаланат. Мына ошол себептен Жебреил периште экөөсүн эки башка сурады.

10. Исламдын түркүктөрү сыяктуу ыймандын да түркүктөрү бар.

11. Эгерде ким ыймандын бир эле түркүгүн четке каккан болсо, анда ал динден чыгат.

12. Кыяматтын качан болорун жалгыз Аллах гана билет. Анткени адамзаттын эң улугу болгон Мухаммад пайгамбар жана периштелердин эң улугу болгон Жебреил периште да анын качан болорун билишкен эмес.

## ҮЧҮНЧҮ ХАДИС

عَنْ أَبِي عَبْدِ الرَّحْمَنِ عَبْدِ اللَّهِ بْنِ عُمَرَ بْنِ الْخَطَّابِ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا قَالَ: سَمِعْت رَسُولَ اللَّهِ ﷺ يَقُولُ: «بُنِيَ الْإِسْلَامُ عَلَى خَمْسٍ: شَهَادَةِ أَنْ لَا إلَهَ إلَّا اللَّهُ وَأَنَّ مُحَمَّدًا رَسُولُ اللَّهِ، وَإِقَامِ الصَّلَاةِ، وَإِيتَاءِ الزَّكَاةِ، وَحَجِّ الْبَيْتِ، وَصَوْمِ رَمَضَانَ».

رَوَاهُ الْبُخَارِيُّ، وَمُسْلِمٌ

Абу Абдурахман Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анхума, айтты: «Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын уктум:

**«Ислам беш нерсеге курулган: Аллахтан башка сыйынууга татыктуу Кудай жок жана Мухаммад Аллахтын элчиси деп күбөлүк берүү, намаз окуу, зекет берүү, ажылык кылуу жана рамазанда орозо тутуу».** (Сахих Бухари, Сахих Муслим)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

1. Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, **«Ислам дини беш нерсеге курулган»** деген сөзүнөн максат – кимде-ким бул беш түркүктү толук аткарса, анда ал адамдын дини да толук болот. Үй дагы негизги устундардан курулуп толук болгондой эле Ислам дини да үй сыяктуу негизги ушул беш түркүктөн куралып толук болот. Ислам динин чыныгы курулушка салыштыргандын себе-

би, курулуштун кээ бир устундары жетишпей калса, анда курулуш толук болбой калат. Ошондой эле Ислам динидеги беш түркүктүн бирөөсү кем болуп калса, анда дин толук болбой калат.

– **«Аллахтан башка сыйынууга татыктуу Кудай жок жана Мухаммад Аллахтын элчиси»** деп тил менен айтып, жүрөк менен тастыктоо. Жалгыз эле тил менен айтып коюу жетишсиз. Аны сөзсүз жүрөк менен да тастыкташ керек.

– **«Мухаммад»** – ал Мухаммад ибну Абдуллах аль-Хашими, Курайш уруусунан. Исмаил пайгамбардын урпактарынан. Ал пайгамбардын урпактарынан Мухаммад, саллаллаху алейхи салламдан, башка пайгамбар болгон эмес.

– **«Аллахтын элчиси»** деген Аллах таала ага шариятты вахий кылган жана аны адамдарга жеткирүүгө буйрулган адам. Ошондой эле пайгамбар деп да аталат.

– **«Ашхаду алла илааха иллаллах уа ашхаду анна Мухаммадар-Расуулуллах»** (Аллахтан башка сыйынууга татыктуу Кудай жок жана Мухаммад Аллахтын элчиси) деп айтуу – бул күбөлүк келмеси. Бул келмени айтуу менен каапыр адам мусулман болот. Ал эми мусулман адам бул келмеге ишенбей аны четке кагып, каршы чыккан болсо, анда ал каапыр болот. Ошондуктан бул келме Ислам дининин эң биринчи жана эң негизги түркүгү болуп эсептелет.

**2. «Намаз окуу»** – бул Ислам дининин экинчи түркүгү. Намазды өз убактысында калтырбай жана толугу менен окуу – балакатка жеткен жана акыл-

эстүү мусулмандын мойнуна жүктөлгөн парз. Намаз деген сөз – намаздын бардык түрлөрүн өзүнө камтыйт. Мисалы, парз намаздар, сүннөт намаздар жана нафил намаздар.

**3. «Зекет берүү»** – бул Исламдын үчүнчү түркүгү. Зекет деген – Аллахка жакындоо максатында өзүнүн байлыгынан адамдарга чыгарып берүүсү парз болгон мал-мүлктүн бир бөлүгүнө айтылат. Зекет – шарият чектеген акылуу адамдарга гана берилет. Зекет чыгара турган байлыктар: алтын, күмүш, мал-жандыктар, жер жемиштер жана соодадагы кирешелер.

**4. «Ажылык кылуу»** – бул Исламдын бешинчи түркүгү. Ажылык кылуу – белгилүү бир убакта Аллахка сыйынуу максатында Мекке шаарындагы аль-Харам мечитинде жайгашкан "Аллахтын үйү" деп аталган Каабага ажылыкты өтөө үчүн баруу. Ажылык кылуунун шарттарынан: барууга кудуреттүү, акчасы бар жана ден-соолугу чың жана балакатка жеткен болуусу керек ж.б.

**5. «Рамазанда орозо кармоо»** – бул Исламдын төртүнчү түркүгү. Орозо кармоо – Аллахка сыйынуу ниетинде таң аткандан баштап күн батканга чейин оозду ача турган бардык нерселерден тыйылуу. Мисалы, жеп-ичүү, дарылануунун кээ бир түрлөрү, жыныстык катнаш ж.б.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

Ибадаттар бир канча түрлөргө бөлүнөт. Мисалы, намаз окуу – дене ибадаттарынан, ал кыймыл-аракет жана сөздөрдөн турат. Ал эми зекет берүү – мал-мүлктү сарптоо ибадаттарынан. Анткени байлыгы жок адам зекет бере албайт. Орозо кармоо – дене ибадаттарынан, бирок дене ибадаттарынын башка түрүнөн. Намаз окуу кыймыл-аракеттерден турат, ал эми орозо кармоо – кээ бир нерселерден тыйылуу жана таштоо менен болот. Кээ бир адамдарга кыймыл-аракет жеңил болушу мүмкүн, бирок ал адамга бир нерседен тыйылуу жана аны таштоо кыйын болушу мүмкүн. Же тескерисинче бир адамга кыймыл-аракет кыйын болуп, бирок ал адамга бир нерседен тыйылуу жана таштоо жеңил болушу мүмкүн. Бул ибадаттардын түрлүү болуусунун себеби, Аллах тааланын сыноолору толук болуусу үчүн. Анткени бардык айыптардан аруу Аллах таала Өз пенделерин ушул сыяктуу ар кандай сыноолор менен сынайт.

## ТӨРТҮНЧҮ ХАДИС

عَنْ أَبِي عَبْدِ الرَّحْمَنِ عَبْدِ اللَّهِ بْنِ مَسْعُودٍ ﵁ قَالَ: حَدَّثَنَا رَسُولُ اللَّهِ ﷺ -وَهُوَ الصَّادِقُ الْمَصْدُوقُ-: «إِنَّ أَحَدَكُمْ يُجْمَعُ خَلْقُهُ فِي بَطْنِ أُمِّهِ أَرْبَعِينَ يَوْمًا نُطْفَةً، ثُمَّ يَكُونُ عَلَقَةً مِثْلَ ذَلِكَ، ثُمَّ يَكُونُ مُضْغَةً مِثْلَ ذَلِكَ، ثُمَّ يُرْسَلُ إِلَيْهِ الْمَلَكُ فَيَنْفُخُ فِيهِ الرُّوحَ، وَيُؤْمَرُ بِأَرْبَعِ كَلِمَاتٍ: بِكَتْبِ رِزْقِهِ، وَأَجَلِهِ، وَعَمَلِهِ، وَشَقِيٍّ أَمْ سَعِيدٍ؛ فَوَاللَّهِ الَّذِي لَا إِلَهَ غَيْرُهُ إِنَّ أَحَدَكُمْ لَيَعْمَلُ بِعَمَلِ أَهْلِ الْجَنَّةِ حَتَّى مَا يَكُونُ بَيْنَهُ وَبَيْنَهَا إِلَّا ذِرَاعٌ فَيَسْبِقُ عَلَيْهِ الْكِتَابُ فَيَعْمَلُ بِعَمَلِ أَهْلِ النَّارِ فَيَدْخُلُهَا. وَإِنَّ أَحَدَكُمْ لَيَعْمَلُ بِعَمَلِ أَهْلِ النَّارِ حَتَّى مَا يَكُونُ بَيْنَهُ وَبَيْنَهَا إِلَّا ذِرَاعٌ فَيَسْبِقُ عَلَيْهِ الْكِتَابُ فَيَعْمَلُ بِعَمَلِ أَهْلِ الْجَنَّةِ فَيَدْخُلُهَا». رَوَاهُ الْبُخَارِيُّ، وَمُسْلِمٌ

Абдуллах ибну Масууд, радыяллаху анху, айтат: «Чындыкты айткан жана айтканы тастыкталган Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, бизге мындай деп айтты: **«Чындыгында силердин жаралууңар энеңердин курсагында кырк күн бою уруктук болуп топтолот. Андан кийин ал уюган канга айланып ошончо убакыт турат. Андан кийин бир тиштем этке айланып ошончо убакыт турат. Андан кийин бир периште жиберилип ага**

**жан салат жана төрт сөздү жазууга буйрулат: анын ырыскысын, ажалын, кылган иш-аракеттерин жана бактылуу же бактысыз болорун (жазат). Өзү гана сыйынууга татыктуу болгон Аллахка ант болсун! Чындыгында силерден бирөө бейиш ээлери кылган иш-аракеттерди кылат. Качан аны менен бейиштин ортосунда бир чыканак аралык калганда, тагдыр китеби озуп, тозок ээлери кылган иштерди кылып тозокко кирет. Ошондой эле силерден бирөө тозок ээлери кылган иш-аракеттерди кылат. Качан аны менен тозоктун ортосунда бир чыканак аралык калганда, тагдыр китеби озуп, бейиш ээлери кылган иш-аракеттерди кылып бейишке кирет». (Сахих Бухари, Сахих Муслим)**

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

– Бул хадисте адам көрбөгөн жатын ичинде жаткан түйүлдүктүн жаралуусу туурасында айтылгандыктан, Ибну Масууд, радыяллаху анху, пайгамбарыбызды «Чындыкты айткан жана айтканы тастыкталган Аллахтын элчиси» деп айтты. Ошондой эле пайгамбарыбыздын бул сөздөрүн азыркы медициналык илимий изилдөөлөр да тастыктап чыккан.

– Адам баласы башында уруктук болуп андан кийин жатынга түшүп, уюган канга, андан кийин этке айланып төрт айдан кийин ага жан салынат. Бул туурасында Аллах таала мындай деп айтат: **«Чындыгында Биз инсанды ылайдан жараттык. Андан кийин аны туруктуу жерде урук суусу кылдык.**

**Андан кийин урук сууну канга айландырдык, канды этке айландырдык, этти сөөккө айландырып, ал сөөккө эт каптадык. Андан кийин аны башка бир жаратылышта өстүрдүк. Эң мыкты Жаратуучу Аллах – Улук Берекеттүү».** (Муъминуун сүрөөсү, 12-14-аяттар)

– Жатындагы түйүлдүккө жан кирээрден алдын анын тагдыр китеби жазылат. Ал китепте өмүрүнүн аягына чейинки ырыскысы, ажалы, бардык аткарган иш-аракеттери жана тозокко же бейишке кирүүсү жазылат.

**– «Аны менен бейиштин ортосунда бир чыканак аралык калганда, тагдыр китеби озуп, тозок ээлери кылган иштерди кылып тозокко кирет»** деген пайгамбарыбыздын сөзүндө аалымдар эки түшүндүрмөнү айтышкан:

**Биринчиси,** ал адам жакшы иштерди кылганы себептүү даражасы бейишке чейин көтөрүлүп, бир чыканак калганда дегенди түшүндүрбөйт. Тескерисинче, ал адам жакшы иштерди аткарып жүргөн эмес. Анын амалдары адамдарга гана сыртынан жакшы иштерди кылып жүргөндөй көрүнгөн. Качан анын ажалына бир чыканак убакыт калганда, ал адам тозоктун ээлеринен болуп тозокко кирет. Анткени башка хадисте пайгамбарыбыз айтат: **«Чындыгында силерден бирөөнүн аткарган иш-аракеттери адамдарга бейишке алып бара турган иш-аракеттерди аткаргандай көрүнөт. Бирок ал тозоктун адамы. Жана бир адамдын иш-аракеттери адамдарга тозокко алып бара турган иштер болуп көрүнөт. Бирок ал бейиштин адамы».** (Сахих Бухари)

**Экинчиси,** бул адам чынында эле жакшы амалдарды аткарып жүргөн. Бирок жашоосунун акырында бейишке бир чыканактай аралык калганда, тагдыр китебинде жазылганы озуп кетип, тозоктун амалдарын аткарып тозокко кирет. Мына ошондуктан ар бир иш акыркы натыйжага карап бааланат. Ар бир адам жакшы иш-аракеттерди аткарып бейишке кирүүгө аракет кылуусу зарыл. Анткени эч ким өзүнүн тагдырында эмне деп жазылганын билбейт. Андыктан Аллахтын ырайымына үмүт кылып, аракет кыла берүү керек. Анткени өмүрүнүн аягына чейин ыкластуулук менен ибадат кылып келген адамды Аллах эч качан адаштырбайт. Ал эми өмүрүнүн аягында адашкандар аз гана. Бирок көбүнчөсү жакшы өлүм менен жан беришет.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Ибну Масууд, радыяллаху анху, пайгамбарга карата айткандагы сөзүнүн курчтуулугун караңыз. Анткени ал пайгамбарды «Чындыкты айткан жана айтканы тастыкталган Аллахтын элчиси» деп эки сыпат менен сыпаттап айтты. Ошондой эле анын мындай деген курч сөздөрү бар: **«Эгерде ким эртең Аллахка мусулман бойдон жолугууну кааласа, анда беш убак намазды калтырбай азан айтылып чакырылган жерде окуп жүрсүн».** (Сахих Муслим)

2. Ибну Масууд пайгамбардын сөзүн тастыктаган сыяктуу мусулман адам да акыйкат сөздөрдү тастыктап туруусу керек.

3. Түйүлдүк эненин ичинде Аллах жана пай-

гамбар айткан тартипте жаралат. Бул туурасында ушул жаатта изилдеген батыштын илимпоздору да: «Мен адамдын жаралуусу туурасында айтылган Курандагы аяттарды билип, тактап алгандыгым мага кубаныч жаратты. Жана бул сөздөр Мухаммадга Кудайдан аян болуп келгендиги анык билинди. Анткени бул изилдөөлөр канча кылымдардан кийин изилденип ачыкка чыккан. Мен бул нерсени Мухаммад Аллахтын элчиси экендигине далил катары баалададым» — деген сөздөрүн айтышкан.

4. Эгерде түйүлдүк этке айланып адам келбетин билдирбеген көрүнүштө түшүп калса, анда ал кан нифас каны болуп эсептелбейт жана ажырашкан аялдын иддасы (күтүү мөөнөтү) бүтпөйт.

5. Аллах тааланын пенделерине болгон мээримин билсек болот. Анткени түйүлдүк энесинин ичинде болгон кезде Аллах ага бир периштени жиберет. Андан кийин төрөлүп жатканда да, бул жашоо-тиричилигинде да периштелердин коштоосунда болот.

6. Адамдын руху бизге белгисиз нерсе. Анын көрүнүшүн Аллах жана Ал каалаган периштелер гана билет. Бул туурасында Аллах таала айтат:

**«Сенден рух туурасында сурашат. Айткын, рух Раббимдин (Өзүнө гана таандык) иштеринен жана силерге илимден бир аз гана берилген». (Исра сүрөөсү, 85-аят)**

7. Адам өзүнүн тагдырында эмне жазылгандыгын билбейт. Мына ошондуктан ал өзүнө пайда алып келе турган гана иш-аракеттерди аткаруусу керек. Жана Аллахтын ырайымына үмүт кылып бейиш ээлеринен болууга аракет кылуусу керек.

## БЕШИНЧИ ХАДИС

عَنْ أُمِّ الْمُؤْمِنِينَ أُمِّ عَبْدِ اللَّهِ عَائِشَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهَا، قَالَتْ: قَالَ: رَسُولُ اللَّهِ ﷺ "مَنْ أَحْدَثَ فِي أَمْرِنَا هَذَا مَا لَيْسَ مِنْهُ فَهُوَ رَدٌّ". رَوَاهُ الْبُخَارِيُّ، وَمُسْلِمٌ

وَفِي رِوَايَةٍ لِمُسْلِمٍ: مَنْ عَمِلَ عَمَلًا لَيْسَ عَلَيْهِ أَمْرُنَا فَهُوَ رَدٌّ

Момундардын энеси Умму Абдуллах Айша, радыяллаху анха, риваят кылган хадисте пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтат:

**“Кимде-ким бул динибизге андагы жок нерсени киргизсе, анда ал кабыл кылынбайт”. (Сахих Бухари, Сахих Муслим)**

Имам Муслимдин башка риваятында: **“Кимде-ким бул динибизде жок иш-аракетти аткарса, анда ал кабыл кылынбайт”.**

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын: **«Кимде-ким бул динибизге андагы жок нерсени киргизсе»** деген сөзүнөн максат – эгерде ким Ислам growing динингде негизи жок же башкача айтканда, Куран китебинде жана пайгамбардын сүннөтүндө жок иш-аракетти ойлоп таап, ошол иш-аракетти Ислам дининен деп таңууласа, анда ал кабыл кылынбайт. Бул риваят бидаатты ойлоп тапкан бидаатчыларга тийиштүү болсо, имам Муслимдин: **“Кимде-ким бул динибизде жок иш-аракетти**

**аткарса"** деген экинчи риваяты – бидаатты ойлоп тапкан бидаатчыларга жана аларды ээрчип, ошол бидаатты аткарган адамдардын баарысына тийиштүү. Ал эми хадистин: **"анда ал кабыл кылынбайт"** деген бөлүгүнүн түшүндүрмөсү – бидаатты ойлоп тапкан же ошол бидаатты кылып жаткан адам ыкластуулук менен аткарса да, андан ошол кылган иш-аракети кабыл кылынбайт. Тескерисинче, ал ошол ишти кылганы үчүн күнөөкөр болот. Анткени Аллах таала ыйык Куранда айтат:

**«Кимде-ким Исламдан башка динди тандаса, андан кабыл кылынбайт жана ал акыретте зыян тартуучулардан болот».** (Аалу Имран сүрөөсү, 85-аят)

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, бул хадиси Ислам дининин негиздеринен. Муну Куранда келген аят да тастыктайт. Аллах таала айтат:

**«Бул – Менин туура жолум! Ушуга гана ээрчигиле! (Башка) жолдорду ээрчибегиле, ал жолдор силерди (Аллахтын) жолунан адаштырып коёт».** (Анъам сүрөөсү, 153-аят)

Аалымдардын бирдиктүү ою боюнча, ибадаттар кабыл болушу үчүн эки шарт талап кылынат:

**Биринчиси:** Ыкластуулук.

**Экинчиси:** Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, сүннөтүнө төп келүүсү.

Бул айтылган экинчи шарт – ушул хадистен жана жогорудагы аяттан алынган.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

**1. Ислам динине жаңылык киргизүүнүн тыйылгандыгы**

Бир адам: **«Эгерде мен бир бидаат киргизсем. Ал нерсенин түбү Ислам шариятында бар. Бирок мен аны шариятта көрсөтүлбөгөндөй сүрөттө кылып койсом, ал нерсе менден кабыл болобу же кабыл болбойбу?» деп суроо сураса, анда мындай деп жооп берилет: «Албетте, кабыл болбойт. Мисалы айтсак, кээ бир адамдар ойлоп тапкан зикирлер жана башка адамдар ойлоп тапкан ибадаттар».**

2. Иш-аракеттер пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, сүннөтүнө төп келүүсү үчүн төмөнкү алты нерсе шариятка туура келүүсү талап кылынат. Алар: ибадаттын себеби, түрү, өлчөмү, сырткы көрүнүшү, убактысы жана орду. Ал эми ушул алты нерсе шариятка туура келбеген иш-аракеттер болсо, анда алар кабыл кылынбайт. Анткени ал Исламда жок нерсени динге киргизүү болуп эсептелет.

**– Биринчи, иш-аракеттер шариятка себеби боюнча туура келүүсү**

Адам ибадатты Аллах себеп кылбаган бир себеп үчүн кылуусу. Мисалы, бир адам үйүнө кирген сайын эки рекет намаз окуп, ошол нерсени сүннөттө бар деп аткаруусу бидаат болот. Анткени шариятта ал себептин негизи жок. Намаздын негизи Ислам шариятында бар болуп турса да, шариятта жок себеп менен кылып жатканы үчүн ал ибадат кабыл болбойт.

Дагы бир мисал, бир адам мусулмандар Бадр согушунда жеңишке жеткендиги үчүн ошол күндү майрам кылып алса, анда ал нерсе кабыл болбойт.

**– Экинчи, иш-аракеттер шариятка түрү боюнча туура келүүсү**

Адам бир ибадатты Ислам шариятында жок түрдө кылуусу. Мисалы, бир адам жылкыны курмандыкка чалса, ал андан кабыл болбойт. Анткени жылкы курмандыкка чалына турган жандыктардын түрүнө кирбейт. Курмандыкка чалына турган жандыктар: төө, уй, кой жана эчки. Ал эми кимде-ким жылкыны союп, этин садака кылып берүүнү каалаcа, анда аны шарият тыйбайт. Анткени ал жылкыны союу менен Аллахка жакындоо үчүн эмес, анын этин садака кылуу үчүн сойду.

**– Үчүнчү, иш-аракеттер шариятка өлчөмү боюнча туура келүүсү**

Адам бир ибадатты кылып жатканда шарият көрсөткөн өлчөмдөн ашырып кылуусу. Мисалы, адам даарат алып жатканда ар бир мүчөсүн төрт жолудан жууса, төртүнчүсү андан кабыл болбойт. Себеби ал шариятка каршы келет. Жада калса, бул тууралуу мындай деген хадис айтылган: Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, даарат алып жатканда ар бир мүчөсүн үч жолудан жууп:

**«Эгерде ким ушундан ашырса, анда ал туура эмес кылды, чектен ашып, зулум кылды» — деп айтты. (Ибну Маажах)**

**– Төртүнчү, иш-аракеттердин шариятка сырткы көрүнүшү менен туура келүүсү**

Адам бир ибадатты кылып жатканда, ибадаттын сырткы көрүнүшү шариятка каршы келсе, анда ал андан кабыл болбойт. Мисалы, бир адам намаз окуп жатканда рүкү кыла элек жатып саждага кетип калса, анын намазы туура эмес. Анткени ал намазды шарият көрсөткөн сүрөттө окуган жок.

**– Бешинчи, иш-аракеттер шарият көрсөткөн убакытка туура келүүсү**

Адам намазды убактысы киргенге чейин эле окуп койсо, анын намазы кабыл болбойт. Анткени ал намазды шарият чектеген убакытта окуган жок. Ошондой эле айт намазды окуганга чейин эле курмандыгын чалып койсо, андан курмандыгы кабыл болбойт.

**– Алтынчы, иш-аракеттер шарият көрсөткөн жерде же орунда болуусу**

Мисалы, бир адам мечитте эмес медреседе же үйүндө этикаф кылса, анын этикафы кабыл болбойт. Себеби ал этикаф кылган жер шариятка туура келбейт. Этикаф кыла турган жер – мечит.

## АЛТЫНЧЫ ХАДИС

عَنْ أَبِي عَبْدِ اللَّهِ النُّعْمَانِ بْنِ بَشِيرٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا، قَالَ: سَمِعْت رَسُولَ اللَّهِ ﷺ يَقُولُ: «إنَّ الْحَلَالَ بَيِّنٌ، وَإِنَّ الْحَرَامَ بَيِّنٌ، وَبَيْنَهُمَا أُمُورٌ مُشْتَبِهَاتٌ لَا يَعْلَمُهُنَّ كَثِيرٌ مِنْ النَّاسِ، فَمَنْ اتَّقَى الشُّبُهَاتِ فَقْد اسْتَبْرَأَ لِدِينِهِ وَعِرْضِهِ، وَمَنْ وَقَعَ فِي الشُّبُهَاتِ وَقَعَ فِي الْحَرَامِ، كَالرَّاعِي يَرْعَى حَوْلَ الْحِمَى يُوشِكُ أَنْ يَرْتَعَ فِيهِ، أَلَا وَإِنَّ لِكُلِّ مَلِكٍ حِمًى، أَلَّا وَإِنَّ حِمَى اللَّهِ مَحَارِمُهُ، أَلَّا وَإِنَّ فِي الْجَسَدِ مُضْغَةً إذَا صَلَحَتْ صَلَحَ الْجَسَدُ كُلُّهُ، وَإِذَا فَسَدَتْ فَسَدَ الْجَسَدُ كُلُّهُ، أَلَا وَهِيَ الْقَلْبُ». رَوَاهُ الْبُخَارِيُّ، وَمُسْلِمٌ

Абу Абдуллах Нууман ибну Башир, радыяллаху анху, риваят кылат: «Мен Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын уктум:

**«Чындыгында адал нерселер белгилүү, арам нерселер да белгилүү. Ал эми ал экөөнүн ортосунда көпчүлүк адамдар билбеген күмөндүү нерселер бар. Ким ошондой күмөндүү нерселерден сактанса, анда ал динин жана абийирин таза сактаптыр. А кимде-ким күмөндүү нерселерди кылган болсо, анда ал арам (нерсени) кылышы мүмкүн. Бул бирөөнүн корук жайынын жанында малын жайып жүргөн малчы сыяктуу. (Ал малын**

**карап турбаса), корук жайга кирип кетүүсү мүмкүн. Ар бир падышанын коруk жайы болот. Аллахтын коруk жайы – Ал адамдарга арам кылган нерселери. Чындыгында денеде бир үзүм эт бар, эгерде ал оңолсо, дененин баары оңолот. Эгерде ал бузулса, дененин баары бузулат. Албетте, ал бир үзүм эт – жүрөк эмеспи!?».** (Сахих Бухари, Сахих Муслим)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, бул хадисте иш-аракеттерди үч бөлүккө бөлдү:

**Биринчиси, эч күмөнү жок адал нерселер**

**Экинчиси, эч күмөнү жок арам нерселер**

Бул экөөндө күмөн жок. Адал – бул адал нерсе, адам ал нерсени кылса, күнөөкөр болбойт. Ал эми арам – бул арам нерсе, адам аны кылуу менен күнөөкөр болот.

**Ал эми үчүнчүсү, ал күмөндүү нерселер**

Бул нерселер адал же арам экендиги белгисиз, көпчүлүк адамдар ал нерсенин өкүмүн билишпейт. Мына ошондуктан пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: **«Ким күмөндүү нерселерден алыстаса, анда ал динин жана намысын таза сактаптыр»** — деп айтты. Ошондой эле бул хадисте пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: **«Чындыгында денеде бир үзүм эт бар, ал оңолсо бардык дене оңолот. Албетте, ал бир үзүм эт – жүрөк эмесби!?»** — деп баяндап кетти. Пайгамбарыбыздын бул сөзү адамдын жүрөгүнө өтө катуу көңүл буруу зарыл экендигин билдирет.

## ХАДИСТЕН АЛЫНА ТУРГАН ПАЙДАЛАР

1. Шарият адал нерселерди аткарууга буйруду жана арам менен күмөндүү нерселерден тыйды. Ошондой эле күмөндүү болгон нерселерден алыс болууга чакырды.

2. Ислам дини адамдардын бардык иштерине көңүл бурган. Шариятта адал нерселер белгилүү, арам нерселер да белгилүү. Ал эми күмөн нерселер аалымдар жана илимдүүлөр үчүн белгилүү.

3. Эгерде адам бир нерсени арамбы же адалбы деп күмөн санап жаткан болсо, анда ал анын адал экенин анык билмейинче ал нерсени таштоосу керек.

4. Адамдарга түшүнүктүү болуу үчүн пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, мисалдарды келтирүүсү.

5. Ар бир нерсеге чек коюлган сыяктуу эле адамдарга да чек коюлган. Ал чек – Аллах тыюу салган иштер. Мына ошол нерселерден адам алыс болуусу керек.

6. Арам иштерге түшүп калбаш үчүн ага алып баруучу себептерден алыс болуу. Анткени адам арамга алып баруучу себептерден сактана алса, арам иштин өзүнөн сактануу жеңил болот. Бул эреже Аллах тааланын бул сөзүнөн алынган:

**«Аллахтан башкага сыйынгандарды сөкпөгүлө! Анткени алар да душмандык кылып, билбестиктен Аллахты сөгүп коюшат».** (Анъам сүрөөсү, 108-аят)

Аллах таала бул аятта мушриктердин кудайчаларын сөгүүдөн тыйды. Анткени бул нерсе Аллах тааланы сөгүүгө алып барат. Мына ушул себептен Аллах таала алардын кудайчаларын сөгүүдөн мусулмандарды тыйган.

7. Жүрөк адамдын денесиндеги эң маанилүү мүчө. Анткени жүрөк денедеги бардык мүчөлөрдү башкарат. Ошондуктан дене амалдарына караганда жүрөк амалдарына көбүрөөк көңүл буруу керек. Ошондой эле кыямат күнү да адам жүрөгүндөгү нерселерден суралат. Аллах таала айтты:

**«(Адам) билбейби?! Мүрзөлөрдүн ичиндеги нерселер чыгарылганын жана да жүрөктөрдөгү (катылган) нерселер ачылганын».** (Адият сүрөөсү, 9-10-аяттар)

**Мына ошондуктан ширктен, бидааттан, мусулмандарга көралбастык кылуудан, аларды жаман көрүүдөн жана башка ушуга окшогон шариятка каршы келген жаман сыпаттардан жүрөктү тазартуу керек.**

## ЖЕТИНЧИ ХАДИС

عَنْ أَبِي رُقَيَّةَ تَمِيمِ بْنِ أَوْسٍ الدَّارِيِّ ﷺ أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ قَالَ: «الدِّينُ النَّصِيحَةُ. قُلْنَا: لِمَنْ؟ قَالَ لِلَّهِ، وَلِكِتَابِهِ، وَلِرَسُولِهِ، وَلِأَئِمَّةِ الْمُسْلِمِينَ وَعَامَّتِهِمْ». رَوَاهُ مُسْلِمٌ

Тамим ибну Аус ад-Даари, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: **«Дин – бул насыйкат»** — деп үч жолу айтты. Ошондо биз: "Оо, Аллахтын элчиси, ким үчүн?" — деп сураганда, ал: **«Аллах үчүн, Аллахтын Китеби үчүн, Аллахтын элчиси үчүн, мусулмандардын башчылары жана жалпы мусулмандар үчүн» —** деп жооп берди. (Сахих Муслим)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**– "Аллах үчүн насыйкат"** дегендин мааниси – Аллах таалага ыйман келтирүү жана Ага эч нерсени шерик кылбоо. Аллахтын көркөм ысым-сыпаттарын жокко чыгарбастан, макулуктарга окшоштурбастан тастыктоо жана улуктоо. Ошондой эле Аллахты бардык айып-кемчиликтерден аруулоо. Аллахтын буйругандарын аткаруу жана тыйгандарынан тыйылуу. Аллах үчүн жакшы көрүү жана Аллах үчүн жаман көрүү. Аллах берген жакшылыктарды моюнга алуу жана аларга шүгүр кылуу. Бардык кылган иш-аракеттерде ыкластуу болуу. Адамдар менен жылуу-жумшак мамиледе болуу. Аллахка

жалбарып дуба кылуу. Чындыгында бул насыйкаттын баары адамдардын өздөрүнө кайтат. Аллах таала башкалардын насыйкатына муктаж эмес.

**– “Аллахтын Китеби үчүн насыйкат”** дегендин мааниси – Куран Аллахтын сөзү жана Аллах түшүргөн деп ага ыйман келтирүү. Куран адамдардын сөзүнө окшобойт жана эч ким Куранга окшош китеп жаза албайт. Куранды улуктап, көңүл коюу менен окуу зарыл. Куранды бурмалоодон алыс болуу жана Куранда келген бардык нерселерге милдеттүү түрдө ишенүү. Куранды туура окууну үйрөнүү жана башкаларга үйрөтүү. Мына ушулар Аллахтын Китебине болгон насыйкат.

**– “Аллахтын элчиси үчүн насыйкат”** дегендин мааниси – Мухаммад Аллахтын элчиси экендигин тастыктоо. Ал алып келген нерсенин баарына ыйман келтирип ишенүү. Буйруктарын аткарып жана тыйгандарынан тыйылуу. Тирүүсүндө да, дүйнөдөн өткөндөн кийин да аны коргоо. Сүннөттөрүн тирилтүү жана элге жайылтуу. Хадис илимин окуу жана башкаларга окутуу. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, адеп-ахлагын үйрөнүү, анын үй-бүлөсүн жана сахабаларын жакшы көрүү. Сүннөттү бидааттардын киришинен сактоо жана өзү сак болуу. Сахабаларына сөз тийгизбөө.

**– “Мусулмандардын башчылары үчүн насыйкат”** дегендин мааниси – акыйкат жана туура иштеринде башчыларга жардамдашуу ошондой эле аларга баш ийүү. Алардын каталарын өздөрүнө жумшак эскертүү. Мусулмандардын алдындагы акыларын аткарбай калса, аларга сылык айтып эс-

кертүү. Эгерде алар имам болсо, анда аркасында намаз окуу, элдерди ага баш ийүүгө чакыруу. Аларга каршы курал алып көтөрүлүшкө чыкпоо. Ошондой эле анын мусулмандар үчүн пайдасын тийгизүүгө дуба кылуу.

**– “Жалпы мусулмандар үчүн насыйкат”** дегендин мааниси – акыретке жана дүйнөгө пайда берүүчү бардык нерселерде жардам берүү. Айыпкемчиликтерин жашыруу, зыяндардан тосуу. Жумшактык, ыкластуулук менен жакшылыкка чакыруу жана жамандыктан тыюу. Керек болгон жерде ортомчу болуу, улуусун урматтап кичүүсүн ызаттоо. Жамандабоо, алдабоо, көрө албастык кылбоо. Өзүнө жакшы көргөн нерсени аларга да жакшы көрүү.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Насыйкат кылуунун өзгөчөлүгү. Анткени пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, динди насыйкат деген.

2. Пайгамбарыбыздын үйрөтүү жолу. Биринчи жалпы айтып, андан кийин кайра чечмелеп айтып берген.

3. Сахабалардын илим алууга болгон кызыгуусу. Алар динге керектүү болгон нерсенин баарын сурап турушкан.

## СЕГИЗИНЧИ ХАДИС

عَنْ ابْنِ عُمَرَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا، أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ قَالَ: «أُمِرْت أَنْ أُقَاتِلَ النَّاسَ حَتَّى يَشْهَدُوا أَنْ لَا إلَهَ إلَّا اللَّهُ وَأَنَّ مُحَمَّدًا رَسُولُ اللَّهِ، وَيُقِيمُوا الصَّلَاةَ، وَيُؤْتُوا الزَّكَاةَ؛ فَإِذَا فَعَلُوا ذَلِكَ عَصَمُوا مِنِّي دِمَاءَهُمْ وَأَمْوَالَهُمْ إلَّا بِحَقِّ الْإِسْلَامِ، وَحِسَابُهُمْ عَلَى اللَّهِ تَعَالَى». رَوَاهُ الْبُخَارِيُّ، وَمُسْلِمٌ

Ибну Умар, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**“Адамдар Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок жана Мухаммад Аллахтын элчиси деп күбөлүк берип, намаз окуп жана зекет берип калышканга чейин, мен алар менен согушууга буйрулдум. Эгерде алар ушуларды аткарышса, анда менден өз жандарын жана мал-мүлктөрүн сактап калышат. Бир гана Исламдын акысын бузушкан кезде (сактай алышпайт). Аллах аларды Өзү эсеп-кысап кылат”.** (Сахих Бухари, Сахих Муслим)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

– Пайгамбарыбыздын “согушууга буйрулдум” деген сөзү – адамдарды бирден кармап алып өлтүрө берүү дегенди түшүндүрбөйт. Согушуу деп

– Аллах жолунда душмандар менен салгылашууга айтылат. Ал эми өлтүрүү деп – өлүмгө татыктуу бир адамды өлтүрүүнү айтат. Ошондуктан "ким менен согушуу уруксат болсо, аларды кармап алып өлтүрө берсе болот" деп айтпайбыз. Өлтүрүү – бул өтө кооптуу маселе жана анын да шарттары бар. Аллах таала айтат:

**"Эгерде момундардын эки тобу өз ара согушуп кетсе, ал эки тарапты жараштыргыла! Эгерде экөөсүнүн бири баш тартып экинчи топко зулумдук кылса, анда Аллахтын өкүмүнө кайтканга чейин баш тарткан топко каршы согушкула! Эгерде (Аллахтын өкүмүнө) кайтса, экөөсүнүн арасын адилеттүүлүк менен жөнгө салгыла жана адилеттүүлүк кылгыла! Чындыгында Аллах адилеттүүлөрдү жакшы көрөт".** (Хужурат сүрөөсү, 9-аят)

– Негизи мусулмандар менен согушуу – арам. Алардын канын төгүү да арам. Бирок Аллах таала келишпестиктерди чечүү үчүн, адилеттүүлүк үчүн жана туруктуулукту орнотуу үчүн каршы чыккан топ менен согушууга буйруду.

– Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок экендигине тил жана жүрөк менен күбөлүк берүү керек. Бирок бирөө тили менен күбөлүк берсе, анда ал жанын жана мал-мүлкүн сактай алат. Ал эми жүрөгүндөгү болгон ыйманы Аллахка тапшырылат.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, деле биз сыяктуу пенде. Башка пенделер буйрулгандай эле пайгамбарыбыз дагы буйрулган.

2. **“Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок”** деп жүрөк жана тил менен күбөлүк берүүнүн милдеттүүлүгү. Эгерде тили менен гана айткан болсо, аны кабыл кылабыз. Ал эми жүрөгүндөгү нерсени биз билбейбиз. Анын жүрөгүндөгү сырын Аллахка тапшырабыз. Ошондуктан адам тили менен келме сөзүн айта турган болсо, анда ал мусулман болуп эсептелет. “Бул адам жүрөгүнөн айтпады, бул адам жалганчы же корконунан айтты” деп, ага биз жалаа жаба албайбыз. Анткени биз адамдардын жүрөгүндөгү нерсени билбейбиз.

3. Адам **“Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок”** деп ишенүүсү керек. **“Аллах сыйынууга татыктуу”** деп ишенүүсү жетиштүү болбойт. Себеби **“Аллах сыйынууга татыктуу”** деп гана ишенүүсү – башка жалган кудайчалар дагы сыйынууга татыктуу деген маанини берип калат. Ошондуктан Аллахты жалгыздоо – башка жалган кудайчаларды четке кагуу менен жана сыйынууга Аллах гана татыктуу экенин бекемдөө менен болот.

4. Намаз окуунун милдеттүүлүгү. Эгерде кайсы бир коом намаздарын окушпаса, алар динден алыстап кетишет.

5. Зекет берүүнүн милдеттүүлүгү. Зекет бул зекет алууга акылуу адамдарга гана берилиши керек. Ошондуктан зекетти өзүнүн жакын бир туугандарына же бай досторуна берген болсо, зекети туура болбойт.

6. Эсеп-кысап кылуучу – Аллах таала. Пайгамбардын милдети – адамдарга жеткирүү гана. Пайгамбардын мураскерлеринин дагы милдети – адамдарга жеткирүү гана. Ал эми эсеп-кысап кылуучу – ал Аллах таала. Ошондуктан Аллахтын жолуна чакыруучу бир тууганым! Эгерде айткан дааватыңды адамдар кабыл кылбаса да кайгырбагын. Эгерде сен аларга Аллахтын динин жеткирген болсоң, анда милдетиңден кутулдуң. Аллах эсеп-кысап кылуучу. Аллах таала пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, кайрылып мындай деп айткан:

**“Сен аларга үстөмдүк кылуучу эмессиң! Бирок ким баш тартып, каапыр болсо, анда аны Аллах чоң азапка салат. Алар (өлгөндөн соң) Бизге кайтышат. Кийин аларды Өзүбүз суракка алабыз”.** (Гашия сүрөөсү, 22-26-аяттар)

# ТОГУЗУНЧУ ХАДИС

عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ عَبْدِ الرَّحْمَنِ بْنِ صَخْرٍ ﵁ قَالَ: سَمِعْت رَسُولَ اللَّهِ ﷺ يَقُولُ: «مَا نَهَيْتُكُمْ عَنْهُ فَاجْتَنِبُوهُ، وَمَا أَمَرْتُكُمْ بِهِ فَأْتُوا مِنْهُ مَا اسْتَطَعْتُمْ، فَإِنَّمَا أَهْلَكَ الَّذِينَ مِنْ قَبْلِكُمْ كَثْرَةُ مَسَائِلِهِمْ وَاخْتِلَافُهُمْ عَلَى أَنْبِيَائِهِمْ». رَوَاهُ الْبُخَارِيُّ، وَمُسْلِمٌ

Абу Хурайра Абдурахман ибну Сахр, радыяллаху анху, айтты: **"Мен пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтып жатканын уктум:**

**"Мен силерди эмнеден тыйсам, ал нерсени таштагыла. Ал эми эмнеге буйруган болсом, аны алыңар жетишинче аткаргыла. Чындыгында силерден мурункулар көп суроо бергендиктери (себептүү) жана пайгамбарларына каршы чыккандыктары (себептүү) кыйроого учурушкан".** (Сахих Бухари, Сахих Муслим)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**– "Мен силерди эмнеден тыйсам, ал нерсени таштагыла"** деген сөздүн мааниси – бир нерсени таштоо аткарууга караганда жеңил болгондуктан, пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, бардык жаман иштерди таштагыла деп кескин түрдө тыйды. Себеби бир ишти таштоо адам үчүн жеңил. Кандай гана арам нерсе болбосун, аны таштап, андан

алыс болуш керек. Арамды таштоо бүт адамдын колунан келет. Арам нерсеге кээ бир учурларда гана уруксат берилет. Эгерде адам ээн талаада калып ачкалыктан өлүм коркунучу бар болсо жана жанында чочконун этинен башка жегенге эч нерсе жок болсо, анда ачкадан өлүп калбоо үчүн бир айыл жергесине жетип алганга чейин зарылдыктын чегинде гана жегенге Аллах таала уруксат берет.

– **“Ал эми эмнеге буйруган болсом, аны алыңар жетишинче аткаргыла”** дегендин мааниси – пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, өзү каалаган нерседен тыйбайт жана өзү ойлогон нерсени буйрубайт. Ал бир гана Аллахтын буйругун адамдарга жеткирет. Парз нерселерди алыңдын жетишинче аткарууң керек. Бирок менин колумдан келбейт деп таптакыр аткарбай коюу туура эмес. Аллах парз кылган нерселердин баарысы колубуздан келет. Мына ошондуктан Аллах таала Куранда мындай деп айткан: **“Аллах адамды алы жетпеген нерсеге буйрубайт”.** (Бакара сүрөөсү, 286-аят). Бирок ошол парздарды аткарып жатканда алың жетишинче аткарууга аракет кылууң керек. Бул тууралуу Аллах таала айтты: **“Алыңар жетишинче Аллахтан корккула!”** (Тагабун сүрөөсү, 16-аят). Ошондуктан бир адам алы жетип туруп, мен кыла албайм десе да ал милдет анын мойнунан түшүп калбайт.

– **“Чындыгында силерден мурункулар көп суроо бергендиктери (себептүү) кыйроого учурушкан”** дегендин мааниси – бизден мурунку үммөттөр өздөрүнүн пайгамбарларына өтө көп мааниси жок суроо беришкендиктери жана пайгамбарларына

каршы чыккандыктары себептүү кыйроого учурашкан. Бирок фикх илимине байланышкан суроолор жана адамдын акыретине пайда алып келе турган шарият суроолору бериле берет.

**– "Силерден мурунку үммөттөр"** деген сөзү – яхудийлер, христиандар ж.б. бардык үммөттөрдү камтып кетет. Эгер яхудийлер менен христиандарга гана айтылганда, анда “силерден мурунку китеп берилген үммөт” — деп эле айтат болчу.

Өзгөчө яхудийлер пайгамбарларына мааниси жок көп суроолорду бере беришкендиктен улам кыйроого көп учурашкан. Алардын пайгамбары Муса, алейхи салам: **“Чындыгында Аллах силерди уй союуга буйруду”** — деп айтканда, алар: "Кандай уй? Өңү кандай? Жашы канчада?" — деп кайра-кайра сурай беришкен.

**– “Пайгамбарларына каршы чыккандыктары (себептүү) кыйроого учурушкан”** дегендин мааниси – кайсы эл болбосун, эгер алар өздөрүнүн пайгамбарларына каршы чыккан болсо, анда алар кыйроого учурашат.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Абу Хурайра, радыяллаху анхунун, чыныгы аты Абдурахман ибну Сахр.

2. Арам нерселерден тыйылуу – бул күнөө иштердин азын-көбүн, чоң-кичинесин баарын өзүнө камтып кетет. Бул кичинекей эле нерсе экен, кылса эч нерсе болбойт деген түшүнүк болбош керек. Мисалы, сүткорлук кылууда анын аз же көп экен-

дигине каралбайт. Же арактыбир стакан ичсе боло берет, анткени ал мас деле кылбайт дегендей түшүнбөш керек. Арам нерсе азбы же көппү, кичинеби же чоңбу ал арам бойдон кала берет.

3. Адам баласы колунан келген иш-аракетти аткарыш керек. Эгерде ал намазды туруп окуй албаса, анда отурган абалда окуйт. Отуруп дагы окуй албаса, жаткан абалда окуса болот.

4. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, буйруган нерселердин баары тең биз үчүн шарият болуп эсептелет. Анын сөзү Куран аяттарында бар болобу же жок болобу, ар бир адам ага моюн сунууга милдеттүү. Анткени сүннөт – бул Куран аяттарын ачыктап берет.

5. Пайгамбарларга каршы чыкпоо. Ар бир мусулман адам пайгамбарга ишенип ага моюн сунуусу керек. Пайгамбарлар – Аллахтын эң сүйүктүү пенделери, ал эми алардын эң акыркысы жана эң сүйүктүүсү – бул Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам.

# ОНУНЧУ ХАДИС

عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ ﵁ قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ «إِنَّ اللَّهَ طَيِّبٌ لَا يَقْبَلُ إِلَّا طَيِّبًا، وَإِنَّ اللَّهَ أَمَرَ الْمُؤْمِنِينَ بِمَا أَمَرَ بِهِ الْمُرْسَلِينَ فَقَالَ تَعَالَى: «يَا أَيُّهَا الرُّسُلُ كُلُوا مِنْ الطَّيِّبَاتِ وَاعْمَلُوا صَالِحًا»، وَقَالَ تَعَالَى: «يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا كُلُوا مِنْ طَيِّبَاتِ مَا رَزَقْنَاكُمْ» ثُمَّ ذَكَرَ الرَّجُلَ يُطِيلُ السَّفَرَ أَشْعَثَ أَغْبَرَ يَمُدُّ يَدَيْهِ إِلَى السَّمَاءِ: يَا رَبِّ! يَا رَبِّ! وَمَطْعَمُهُ حَرَامٌ، وَمَشْرَبُهُ حَرَامٌ، وَمَلْبَسُهُ حَرَامٌ، وَغُذِّيَ بِالْحَرَامِ، فَأَنَّى يُسْتَجَابُ لَهُ؟ ».

رَوَاهُ مُسْلِمٌ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**“Чындыгында Аллах таала – Аруу зат жана Ал таза (адал нерселерди) гана кабыл кылат. Чындыгында Аллах элчилерге буйруган нерсени ыйман келтиргендерге да буйруду. Аллах айтты: “Эй, элчилер! Таза (адал нерселерден) жегиле жана жакшылык иштерди кылгыла”. (Башка бир аятта) Аллах айтты: “Эй, ыйман келтиргендер! Биз силерге ырыскы кылып берген таза нерселерден жегиле”. Андан кийин сөзүн улап узак сапарга чыккан, чачы жүдөгөн, чаң баскан адам тууралуу пайгамбар мындай деп айтты: "Ал адам**

**эки колун асманга көтөрүп: “Оо, Раббим! Оо, Раббим!” — деп дуба кылат. Бирок анын жегени арам, ичкени арам, кийген кийими да арам жана арам нерсе менен азыктанган болсо, анда анын дубасы кантип кабыл болсун?!”.** (Сахих Муслим)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**– “Чындыгында Аллах таала – Аруу зат”** деген сөздүн мааниси – Аллах таала бардык айып-кемчилдиктерден Аруу жана таза зат. Ошондой эле Аллах таала Өзүнүн затында, ысым-сыпаттарында, өкүмдөрүндө, иштеринде жана Ага тиешелүү болгон бардык нерселерде кемчилиги жок Аруу зат.

**– “Таза (адал нерселерди) гана кабыл кылат”** деген сөздүн мааниси – Аллах таала жакшы сөздөрдү жана жакшы иш-аракеттерди гана кабыл кылат. Ал эми жаман нерселер адамдардын өздөрүнө кайтарылат. Тактап айтканда, ал нерселерди Аллах кабыл кылбайт.

**– “Чындыгында Аллах элчилерге буйруган нерсени ыйман келтиргендерге да буйруду”** деген сөздүн мааниси – Аллах таала адал кылып берген нерселер менен гана тамактануу – элчилер менен пайгамбарларга гана тийиштүү эмес. Бул буйрук Аллахка ыйман келтирген бардык мусулмандарга да тийиштүү.

**– “Андан кийин сөзүн улап узак сапарга чыккан, чачы жүдөгөн, чаң баскан адам тууралуу пайгамбар мындай деп айтты: "Ал адам эки колун асманга көтөрүп: “Оо, Раббим! Оо, Раббим!”**

**— деп дуба кылат. Бирок анын жегени арам, ичкени арам, кийген кийими да арам жана арам нерсе менен азыктанган болсо, анда анын дубасы кантип кабыл болсун?!"** — деп айтты. Бул жерде пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, узак сапарга чыккан адамды мисал келтирди. Анткени сапарга чыгуу – дубанын кабыл болуу себептеринин бири. Ошондой эле эки колду асманга көтөрүп дуба кылуу да дубанын кабыл болуу себептерине кирет. Бирок ал адамдын тапканы, ичкени, жегени жана кийгени арам болгондуктан, анын дубасы кантип кабыл болсун деп айтты. Тагыраак айтканда, адам канчалык дубанын кабыл болуу себептерин аткарбасын, бирок ал өз ырыскысын арам жолдон тапса, анда анын дубасы кабыл болбойт.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Күнөө иштерден жана арам нерселерден алыс болуу.

2. Сапарга чыгуу – дубанын кабыл болуусуна себеп болот. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айткан: **"Үч түрдүү дубанын кабыл болушуна эч кандай шек жок, алар: зулум чеккен адамдын дубасы, мусапыр адамдын дубасы жана атасынын баласына кылган дубасы".** (Тирмизи)

Ошондуктан сапарда жүргөн адам көп дуба кылуусу керек.

3. Алакан жайып, эки колду көтөрүү – бул да дубанын кабыл болуу себептеринин бири. Бир хадисте пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айткан: **"Чындыгында Аллах Уялуучу жана Бере-**

**шен. Эгерде пендеси Ага эки колун көтөрүп (дуба кылса), анда анын эки колун куру кайтаргандан уялат".** (Муснад Ахмад)

4. Дуба кылаарда Аллахтын аты менен баштоо. Пайгамбарыбыз айткан хадистеги мусапыр адам: "Оо, Раббим! Оо, Раббим!" – деп Аллахка кайрылат.

5. Арам нерсе дубанын кабыл болуусун тосуп коюусу толук ыктымал. Ар бир мусулман адамдын ичкени, жегени кийгени жана тапкан акчасы адал болуусу керек. Анткени ушулардын бирин арам жол менен тапкан болсо, анда кылган дубасы кабыл болбой калышы мүмкүн.

## ОН БИРИНЧИ ХАДИС

عَنْ أَبِي مُحَمَّدٍ الْحَسَنِ بْنِ عَلِيّ بْنِ أَبِي طَالِبٍ سِبْطِ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ وَرَيْحَانَتِهِ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا، قَالَ: حَفِظْتُ مِنْ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ "دَعْ مَا يُرِيبُكَ إِلَى مَا لَا يُرِيبُكَ». رَوَاهُ التِّرْمِذِيُّ، وَالنَّسَائِيّ، وَقَالَ التِّرْمِذِيُّ: حَدِيثٌ حَسَنٌ صَحِيحٌ

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, райхандай жыпар жыттуу небереси Хасан ибну Али, радыяллаху анхума, айтты: “Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын жаттап алдым:

**«Шектүү нерсени таштап, шеги жок нерсени кыл».** (Тирмизи, Насаи)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

– Хасан, радыяллаху анху, пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, небереси жана улуу сахабалардын бири. Ал туурасында Абу Бакр, радыяллаху анху, мындай деп айтты: «Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, минбарга Хасан ибну Али менен чыгып минтип айтканын уктум: **«Чындыгында менин бул балам башчы болот. Аллах ушул балам себептүү эки чоң топтон турган мусулмандарды жараштырат».** (Сахих Бухари)

– Чындыгында пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтканындай эле болду. Атасы Али, радыяллаху анху, шейит болгондон кийин мусул-

мандардын баарысы Хасан, радыяллаху анхуну, халиф кылып шайлаганда Хасан, радыяллаху анху, Муавия, радыяллаху анхуга, халифтикти өткөзүп бергенден кийин мусулмандардын ортосунда биримдик күчөп бири-бирине болгон мамилелери бекемделген.

– Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, бул хадиси кыска-нуска болгону менен өзүнө өтө чоң маанилерди камтыган. Мусулмандар бул хадисти жашоосунда пайдалана турган болсо, анда алар үчүн бул хадис алардын жашоолорун жакшыртат. Себеби шек-күмөн – адам баласынын жашоосунда ар бир кадамында кездешет. Мисалы, ибадат кылууда, соода-сатыкта, үйлөнүүдө, ажырашууда жана башка ушуга окшогон көптөгөн нерселерде жолугат.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Чындыгында Ислам дини мусулмандардын шек-күмөндө болуусун каалабайт. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: **«Шектүү нерсени таштап, шеги жок нерсени кыл».**

2. Эгер сенин жүрөгүңдө тынчтык жана бейпилдик болсун десең, анда бардык шек-күмөндөрдөн алыс болууң өтө зарыл, айрыкча ибадат маселесинде көңүл буруу керек.

3. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, **«шектүү нерсени таштап, шеги жок нерсени кыл»** деген хадиси жөнөкөй эки сүйлөмдөн турганы менен, аны чечмелей келгенде бул туурасында томтом китеп жазса да аздык кылат.

# ОН ЭКИНЧИ ХАДИС

عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ ﵁ قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ «مِنْ حُسْنِ إِسْلَامِ الْمَرْءِ تَرْكُهُ مَا لَا يَعْنِيهِ». حَدِيثٌ حَسَنٌ، رَوَاهُ التِّرْمِذِيُّ و ابن ماجه

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Адамдын Ислам динин жакшы (тутунганы) – өзүнө тиешеси жок нерсени таштаганы».** (Тирмизи, Ибну Маажа)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Хадистеги **«ага тиешеси жок нерсени таштаганы»** деген сөздүн мааниси – башкалардын жашоосуна жана иштерине кийлигишпөө, өзүнө тиешеси жок нерселер тууралуу суроодон кармануу, өзүнө тиешеси жок нерселерди кароодон көзүн, угуудан кулагын тыюу жана ошондой эле динине жана жашоосуна пайда алып келбеген бардык нерселерден өзүн алыс тутуу. Анткени бул иштердин ага эч кандай тиешеси жок. Өзүнө тиешеси жок иштерге киришпегени – анын дининин толуктугунан кабар берет. Бул сөз пайгамбарыбыздын: **«Кимде-ким Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирсе, анда ал жакшы сөз сүйлөсүн же болбосо унчукпасын»** – деп айткан сөзү сыяктуу. Бул эки хадис көп тараптан бири-бирине окшошуп кетет.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Ислам дини жакшылыкка үндөгөн бардык асыл сыпаттарды өзүнө камтыган дин. Исламдагы бардык асыл сыпаттар Аллахтын мына ушул эки сөзүндө камтылган: **«Чындыгында Аллах адилеттүүлүккө жана жакшылык кылууга буйруйт».** (Нахл сүрөөсү, 90-аят)

2. Адам өзүнө тиешеси жок иштерге кийлигишпегени – анын Исламды толук кармангандыгынын белгилеринен болуп саналат.

3. Кимде-ким өзүнө тиешеси жок иштерге кийлигише берсе жана өзүнө тиешеси жок сөздөрдү сүйлөгөн болсо, анда бул анын ыйманынын алсыздыгын жана динди начар тутунгандыгынын белгиси.

4. Эгерде адам өзүнө тиешеси жок иштерге ашыкча кийлигише берсе, анда ал өзүн-өзү ашыкча чарчатат, балким күнөөгө да батышы мүмкүн. Бирок бул маселеде кээ бир адамдарда мындай суроо жаралышы мүмкүн: адам өзүнө тиешеси жок нерсени таштагандыгы – адамдарды жакшылыкка чакырып, жамандыктан тыюуну да ташта дегенге жатабы? Бул суроого "жок" деп жооп беребиз. Себеби адамдарга даават кылуу, аларды жакшылыкка чакырып, жамандыктан тыюу – бул адамга тийиштүү болгон милдеттерден. Аллах таала ыйык Куранда айтты:

**«Силердин араңардан жакшылыкка үндөгөн жана жакшылык иштерге буйруп, жамандык иштерден тыйган бир топ болсун».** (Аалу Имран сүрөөсү, 104-аят)

Мисалы, бир адамдын күнөө иш кылып жатканын көрүп, ага: «Бул кылганың туура эмес, бул күнөө» деп айтсаң, ал сага: «Бул сенин ишиң эмес» деп айта турган болсо, анда анын бул айткан сөзү шариятта эч кабыл алынбайт. Анткени жакшылыкка чакырып, жамандыктан тыюу мусулман үммөтүнүн баарысына бирдей тийиштүү милдеттерден.

Ошондой эле адам өз үй-бүлөсүнө, балдар-кыздарына тиешелүү болгон иштерде аларды жакшылыкка багытташы керек, аларды жакшылыкка буйруп, күнөө кылуудан эскертип турушу милдет. Мага алардын жашоосуна кийлигишүүгө болбойт деп кайдыгер мамиле кылганы туура эмес. Себеби ал өз үй-бүлөсү үчүн жоопкер жана акыретте өз милдеттери үчүн жооп берет. Аллах таала айтты:

**«Эй, ыйман келтиргендер! Өзүңөрдү жана үй-бүлөңөрдү отуну адамдар жана таштардан болгон оттон сактагыла!».** (Тахрим сүрөөсү, 6-аят)

# ОН ҮЧҮНЧҮ ХАДИС

عَنْ أَبِي حَمْزَةَ أَنَسِ بْنِ مَالِكٍ ﵁ خَادِمِ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ عَنْ النَّبِيِّ ﷺ قَالَ: «لَا يُؤْمِنُ أَحَدُكُمْ حَتَّى يُحِبَّ لِأَخِيهِ مَا يُحِبُّ لِنَفْسِهِ». رَوَاهُ الْبُخَارِيُّ، وَمُسْلِمٌ

Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, кызматчысы Абу Хамза Анас ибну Малик, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**"Силердин бириңер өзүнө каалаган жакшылыкты башка мусулман бир тууганына кааламайынча (толук) ыймандуу болбойт".** (Сахих Бухари, Сахих Муслим)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

– Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, **«ыймандуу болбойт»** деген сөзү – ыйманыңар толук болбойт дегенди түшүндүрөт. Өзүнө жакшы көргөн нерсени башкаларга каалабаган адамдын ыйманы толук эместигин айткан, ал адамдын ыйманын толугу менен жокко чыгарган эмес. Анткени өзүнө каалаган жакшылыкты башка мусулман бир тууганына каалабай коюу менен ал адам ыймандан чыгып кетпейт жана динден кайткан болуп дагы эсептелбейт. Чындыгында бул хадисти пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мусулман адамдын ыйманы толук болуусу үчүн гана насаат катары айтып кеткен.

– Ыйман – бул келме сөзүн тил менен айтып жана аны иш жүзүнө ашыруу. Ал эми ыймандын орду жүрөктө, тилде жана дене-мүчөлөрүндө болот.

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Ыймандын жетимиштен ашуун бутакчасы бар. Алардын эң жакшысы – лаа илааха иллаллах, ал эми эң төмөнкүсү – жолдо зыян (берген) нерсени алып коюу. Уялуу дагы ыймандын бир бутакчасы».** (Сахих аль-Жаами)

Мусулман адам өзүнө каалаган жакшылыкты башка мусулмандарга да каалабаса жана өзүнө жамандык каалабагандай эле башкаларга да жамандык каалабаса, анда анын ыйманы толукталат.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Эгерде адамдын кандайдыр бир сыпатында же мүнөзүндө кемчилик болсо, ошол нерсесин жок деп айтса болот. Мисалы, бир адам жаман сөз сүйлөсө, анда ага "уятың жок экен" деп айтылат. Бирок бул жердеги максат анын уяты таптакыр эле жок дегенди билдирбейт. Бул хадисте деле пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, «ыймандуу болбойт» деп толук ыймандуулукту четке какты.

2. Мусулман адам өзүнө жакшы көргөн нерсени башка мусулман бир туугандарына да жакшы көрүүгө милдеттүү. Анткени мусулман өзүнө милдеттүү болгон нерсени таштаса же ыйманын кемите турган нерсе кылса, анда ага ыйманы жок деп айтыла берет. Бирок анын ыйманы биротоло жок болуп кетпейт.

3. Көрө албастыктан тыюу. Эмнеге дегенде, көрө албас адам өзүнө каалаган жакшылыкты башка мусулман бир тууганына каалабайт. Тескерисинче, андагы болгон Аллахтын нээматтарын жок болуп кетүүсүн каалайт.

# ОН ТӨРТҮНЧҮ ХАДИС

عَنْ ابْنِ مَسْعُودٍ ﷺ قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ «لَا يَحِلُّ دَمُ امْرِئٍ مُسْلِمٍ إِلَّا بِإِحْدَى ثَلَاثٍ: الثَّيِّبُ الزَّانِي، وَالنَّفْسُ بِالنَّفْسِ، وَالتَّارِكُ لِدِينِهِ الْمُفَارِقُ لِلْجَمَاعَةِ». رَوَاهُ الْبُخَارِيُّ، وَمُسْلِمٌ

Абдулла ибн Масууд, радыяллаху анху, риваят´ хадисте Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Мусулман адамдын канын төгүү арам, бирок үч себеп менен (адал болот), алар: зына кылган үй-бүлөлүү адам, башка бирөөнү өлтүргөн адам жана өз дининен кайтып мусулман жамаатын таштаган адам».** (Сахих Бухари, Сахих Муслим)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Ислам шариятында адам өлтүрүү – өтө чоң күнөөлөрдөн. Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам: **“Мусулман адамды өлтүрүүгө караганда, бул дүйнөнүн жок болуп кетүүсү Аллахтын алдында жеңилирээк”**— деп айткан. (Тирмизи)

Имам Насаи риваят кылган башка хадисте: **“Кыямат күнү адамдардын ортосундагы сурак эң биринчи (бири-биринин) кан төгүүлөрүнөн баштайт”** — деп, пайгамбарыбыз мусулмандын канын акысыз төгүүнү чоң күнөө экенин баяндаган.

Хадисте айтылган бул үч чоң кылмышты аткарса, анда анын канын Аллах таала бузукулук тарап кетпөө үчүн адал кылды. Бирок ар ким жазасын каалагандай же каалаган учурда ала бербейт. Сот же мамлекет башчысы гана жабыркаган адамдын акысын алып берет.

**– "Мусулман адамдын канын төгүү арам".** Аллах таала айтат: **"Кимде-ким мусулманды атайлап өлтүрсө, анда анын жазасы түбөлүк тозок болот".** (Ниса сүрөөсү, 93-аят)

**– "Зына кылган үй-бүлөлүү адам"** дегендин мааниси – эркек менен аял нике окутуп баш кошуп үй-бүлөлүк жашоону көргөндөн кийин зына кылуу. Үй-бүлөлүү адам ал эркек болобу, аял болобу зына кылса, анда аларга шариятта таш баранга алуу өкүм кылынган. Эгерде бойдок адам зына кылса, анда ага өлүм жазасы болбойт. Ага жүз балак урулат. Бул эки учурда адамдарга сөзсүз түрдө адилеттүү төрт адам күбөгө өтүүсү шарт кылынган. Ошондой эле бачабаздык кылгандарга да өлүм жазасы берилет.

**– "башка бирөөнү өлтүргөн адам"** дегендин мааниси, өлүмгө татыктуу болбогон башка адамды өлтүрсө, анда ага өлүм жазасы болот.

**– "өз дининен кайтып мусулман жамаатын таштаган адам"** дегендин мааниси – Ислам дининен чыгып кетүү арам кылынган. Кимде-ким Исламдан баш тартып каапыр болсо, анда ага өлүм жазасы өкүм кылынат. Кээде адам ачкачылык же коркунуч менен сыналат. Мына ошол учурларда ыйманы алсыз адам үчүн динин таштап коюу жеңил

көрүнүп, динден чыгып кетиши мүмкүн. Же ошондой эле напсинин азгыруусунун айынан маани бербей динин таштап, каапырларды ээрчип кетүүсү мүмкүн. Аллах таала адам баласы каапыр болуп, тозокко кирүүсүн каалабагандыктан, Ислам динин таштагандарга өлүм жазасын өкүм кылды. Себеби, адам динден кайтса, ал каапыр болот. Ал эми каапырлардын бара турган жайы түбөлүк тозок.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

### 1. Аллах тааланын даанышмандыгы

Кимде-ким жогоруда айтылган үч чоң күнөө иштерди кылса, анда Аллах ага өлүм жазасын өкүм кылган. Бул маселеде Аллах таала Өзүнүн даанышмандыгын баяндап Өз Китебинде мындай деп айтат: "Эй, акыл ээлери! Өч алууда силер үчүн (аман) жашоо бар. Балким такыба болорсуңар!". (Бакара сүрөөсү, 179-аят)

### 2. Ислам дини – тынчтыктын дини

Исламдын эң негизги максаттарынын бири – адам баласынын жашоосуна тынчтыкты алып келүү. Мына ошондуктан ушул өкүмдөрдү киргизген. Бирок Ислам дини өлүм жазасына тартууда өтө тактыкты талап кылат. Эгер ким бул иштерди атайлабастан кылып алса, анда ага өлүм жазасы берилбейт. Бул иштер атайлап жасалганы, же капысынан болгону эске алынат.

## 3. Аллах тааланын адилеттүүлүгү жана мээримдүүлүгү

Бул жерден Аллахтын өкүм коюуда чыныгы Адилеттүү экенин, ошону менен бирге пенделерин кечирүүгө көп жолдорду түзүп берген Мээримдүү экенин билебиз. Эгер бул өкүмдөргө терең ой жүгүртүү менен карап көрсөк, анда Аллах таала Өз өкүмдөрүн адамдарды тынчтыкта жашоолору үчүн гана койгонун түшүнөбүз. Жана бул кылмыш ишин ким аткарып алса, ал качан тообо кылат экен кечирип жиберсек деп Ислам соттору да күтүп турушат. Мына бул чыныгы адамзаттын оңолуусу үчүн коюлган диний өкүмдөр.

## ОН БЕШИНЧИ ХАДИС

عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «مَنْ كَانَ يُؤْمِنُ بِاللَّهِ وَالْيَوْمِ الْآخِرِ فَلْيَقُلْ خَيْرًا أَوْ لِيَصْمُتْ، وَمَنْ كَانَ يُؤْمِنُ بِاللَّهِ وَالْيَوْمِ الْآخِرِ فَلْيُكْرِمْ جَارَهُ، وَمَنْ كَانَ يُؤْمِنُ بِاللَّهِ وَالْيَوْمِ الْآخِرِ فَلْيُكْرِمْ ضَيْفَهُ». رَوَاهُ الْبُخَارِيُّ، وَمُسْلِمٌ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Кимде-ким Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирсе, анда жакшы сөз сүйлөсүн, же болбосо унчукпасын. Кимде-ким Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирсе, анда кошунасын сыйласын. Кимде-ким Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирсе, анда коногун сыйласын».** (Сахих Бухари, Сахих Муслим)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Бул хадисте пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мусулмандарга милдеттүү болгон кээ бир адептерди баяндады. Пайгамбарыбыз жакшы сөз сүйлөөнү, кошунаны жана конокту сыйлоону Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирүү менен байланыштырды. Демек, ыйман – бул ишеним гана эмес, ага ибадаттар жана иш-аракеттер дагы кирет.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

### 1. Жакшы сөздөрдү гана сүйлөө жана жаман сөздөрдөн тыйылуу

Сөздөр жакшы, жаман жана пайдасыз болуп үч түргө бөлүнөт:

Жакшы сөз – бул шарият талап кылган сөз. Ал эми жаман сөз – бул шарият тыйган сөз. Бул сөз негизи турушунда жаман сөз болушу мүмкүн же болбосо, жаман нерсеге себеп болгон сөз болушу мүмкүн. Ал эми пайдасыз сөз – бул өзүнө жакшыны да, жаманды да камтыбаган сөз. Адам пайдасыз сөздү сүйлөсө күнөөгө батпайт, бирок аны таштаганы жакшыраак. Ошондой эле жакшы сөз сүйлөө – бул жамандыктан сактануунун негизги куралы. Анткени жаман иштердин баарына адамдын тили себеп болот. Адамдар ортосундагы келишпестиктердин жана уруш-талаштардын көбү тилдин айынан болот. Мына ошондуктан динибизде тилди жаман сөздөрдөн тыюуга өтө катуу көңүл бурулган.

### 2. Кошунага жакшы мамиле кылуунун зарылдыгы

Анткени пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, өз хадисинде: **«Кимде-ким Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирген болсо, анда кошунасын сыйласын»** – деп буйруду. Кошунага жакшы мамиле кылуу кандай жолдор менен болору – бул үрп-адатка жараша болот. Мисалы, ооруса аны зыярат кылуу. Муктаж болсо, ага барып жардам берүү. Же болбосо, ага барып салам айтып, анын жанында жөн гана жакшы сөздөрдү сүйлөшүп отуруп келүү. Кээде тамак-аш кылып үйгө чакыруу жана башка ушул сыяктуу жакшы иштерди кылуу.

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, берекелүү хадистеринин биринде мындай дейт:

**«Кошунага жакшылык кылуу жөнүндө Жебреил периште мага ушунчалык көп насаат кылгандыктан улам, кошуна да мурас алганга (укуктуу) болуп калат го деп ойлоп калдым».** (Сахих Бухари)

**Аалымдар кошунаны үч түргө бөлүшкөн:**

**Биринчиси,** мусулман жана тууган болгон кошуна, анын үч акысы бар. Кошуналык, туугандык жана мусулмандык.

**Экинчиси,** мусулман кошуна, анын эки акысы бар. Мусулмандык жана кошуналык.

**Үчүнчүсү,** каапыр кошуна, анын бир эле кошуналык акысы бар.

**3. Ислам дини адамдарды бири-бирине жакшылык кылууга жана бири-бирине зыян бербөөгө чакырат.**

**4. Конокту сыйлоонун милдеттүүлүгү. Үйгө келген конокторду сыйлоо – бул динибиздеги өтө соопту иштерден болуп саналат. Ислам дини адамдардын бири-бири менен болгон мамилелерин бекемдөө жана коомдогу ынтымакты сактоо үчүн келген дин. Ар бир мусулман үйүнө келген коногуна сый-урмат көрсөтүү менен Аллах тааланын алдындагы өзүнүн диний милдетин аткарган болот.**

# ОН АЛТЫНЧЫ ХАДИС

عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ ﵁ أَنْ رَجُلًا قَالَ لِلنَّبِيِّ ﷺ أَوْصِنِي. قَالَ: . لَا تَغْضَبْ، فَرَدَّدَ مِرَارًا، قَالَ: لَا تَغْضَبْ. رَوَاهُ الْبُخَارِيُّ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылат: “Бир адам пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга: “Мага насаат айтыңызчы?” – деп айтты. Ошондо пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ага: **«Ачууланба!»** – деди. Ал адам кайрадан бир нече жолу насаат сурады. Пайгамбар кайра эле: **«Ачууланба!»** – деп жооп берди. (Сахих Бухари)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Хадистеги **"ачууланба"** деген сөз – ачууланган кезде өзүңдү карма деген маанини түшүндүрөт. Анткени ачуулануу адам баласынын табиятында бар сыпат, ал эч качан ачууланбай коё албайт. Бирок ачууланган кезде өзүн кармануу мүмкүн. Ошондуктан кимдин ачуусу келсе, анда жаман сөз же жаман иш-аракеттерди кылып коюудан өзүн кармануусу зарыл. Кимде-ким ачуусу келгенде өзүн карманып, жаман иш-аракеттерди кылбаган болсо, анда ал ачууланбагандай эле болот. Ошондо анын эрки күчтүү экенин билсе болот.

Мына ошондуктан пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айткан:

**«Күрөштөн жеңген адам күчтүү эмес. Күчтүү адам – бул ачуусу келгенде өзүн-өзү кармана билген адам».** (Сахих Бухари)

Ачуусу келгенде өзүн кармана билген адамды сүйүнчүлөгөн бир топ аят-хадистер бар. Алардан бир мисал, пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, бир сахаба келип: **“Мага бейишке киргизе турган бир иш үйрөтүңүзчү”** – дейт. Ошондо пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам:

**«Ачууланба! Сага бейиш болот»** – деп айткан. (Табарани, "аль-Аусат")

## АЧУУЛАНГАН КЕЗДЕ ӨЗҮН КАРМАНУУ ЖОЛДОРУ

### 1. Ачууланганда “Аъуузу биллахи минаш шайтоонир рожиим” – деп айтыш керек

Сулайман ибну Сард, радыяллаху анху, айтат: **“Мен пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, жанында олтурганымда, эки адам катуу айтышып кетти. Ошондо биринин жүзү кызарып, кан тамыры шишип чыкты. Аларды көргөн пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мага:**

**«Мен бир сөздү билем, ким ал сөздү айтса, анын (ачуусу) тарайт. Ал сөз: “Аъуузу биллахи минаш шайтоонир рожиим” – деди».** (Сахих Бухари)

### 2. Унчукпоо

Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам:

**«Силердин бирөөңөрдүн ачуусу келсе, анда ал унчукпасын»** – деп айткан. (Муснад Ахмад)

**3. Ачууланган кезде туруп турган болсо отуруу же жатуу**

Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам:

**«Силердин бирөөңөр турган абалда ачуулан-са, анда отурсун. Ошондо да ачуусу тарабаса, анда жатсын»** – деп айткан. (Сахих аль-Жаами, Муснад Ахмад)

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Насаат сураган адамга анын абалына жараша жооп берүү керек. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдан, бир канча сахабалар келип насаат сурашкан. Аларга абалдарына жараша ар кандай жоопторду берген. Бул хадисте насаат сураган адамдын ачуусу тез келгендиктен, ага ушундай на-саат айткан.

2. Суроого жооп берген адам мугалим болобу же муфтий болобу, алдындагы адамдын абалын билүүсү зарыл жана ошол адамга жараша сүйлөө керек.

# ОН ЖЕТИНЧИ ХАДИС

عَنْ أَبِي يَعْلَى شَدَّادِ بْنِ أَوْسٍ ﵁ عَنْ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ قَالَ: «إِنَّ اللَّهَ كَتَبَ الْإِحْسَانَ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ، فَإِذَا قَتَلْتُمْ فَأَحْسِنُوا الْقِتْلَةَ، وَإِذَا ذَبَحْتُمْ فَأَحْسِنُوا الذِّبْحَةَ، وَلْيُحِدَّ أَحَدُكُمْ شَفْرَتَهُ، وَلْيُرِحْ ذَبِيحَتَهُ». رَوَاهُ مُسْلِمٌ

Абу Яъла Шаддад ибну Аус, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**“Чындыгында Аллах бардык нерсеге жакшылык кылууну буйруду. Демек, силер өлтүрө турган болсоңор, анда жакшы абалда өлтүргүлө. Эгерде соё турган болсоңор, жакшы сойгула. Силердин араңардан жандык соё турган адам бычагын курчутсун. Жандыкты мууздаганда анын жанын жеңил чыгарсын”.** (Сахих Муслим)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Аллах таала бардык нерсеге жакшылык кылууну буйруду. Мындайча айтканда, жакшылык кылуу – бул жашоодо бир нерсеге гана чектелген эмес. Тескерисинче, бардык нерсеге жакшылык кылуу керек. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мисал келтирип мындай деди: **“Силер өлтүрө турган болсоңор, анда жакшы абалда өлтүргүлө. Эгерде соё турган болсоңор, жакшы абалда сой-**

**гула".** Шариятта өлтүрүүгө уруксат берилген жаныбарларды да кыйнабай өлтүрүү керек. Мисалы, бир адам жыланды же адамдарга зыян берген итти өлтүрөм десе, биз ал адамга **"кыйнабай өлтүр"** дейбиз. Ал эми мал-жаныбарларды соё турган адамга **"жакшылап сой"** дейбиз. Ошондуктан пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: **"Силердин араңардан жандык соё турган адам бычагын курчутсун. Жандыкты мууздаганда анын жанын жеңил чыгарсын"** – деп айтты.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Аллах тааланын пенделерине болгон ырайымдуулугу. Ал бардык нерсеге жакшылык кылууну буйруду. Бир адамга жол көрсөтүп коюу, бирөөнү тамактандырып коюу жана жакшылыкка чакырып, жамандыктан тыюу дагы жакшылык кылуу иштеринин катарына кирет.

2. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, мисал келтирүү менен эң жакшы таалим-тарбия берүүсү. Анткени мисал менен түшүндүрүү – сөздүн маанисин ачыктайт жана тереңирээк түшүнүүгө жардам берет.

3. Жандуу нерсени өлтүрүүдө аны жеңил жолдор менен кыйнабай өлтүрүү. Шариятта өлтүрүүгө уруксат берилген жаныбарларды да кыйнабай өлтүрүү керек. Шарият көрсөткөндөй кылып өлтүрүү – бул эң жеңил өлтүрүү болуп саналат.

4. Жандыкты жакшылап мууздоо. Тактап айтканда, шарият көрсөткөндөй кылып мууздоо. Мууздоонун шарттары аткарылуусу керек. Ал шарттар:

**Биринчиси,** мууздоочу адам мусулман же китеп ээлеринен болуусу керек. Эгерде бутпарас мушрик адам сойгон болсо, анын сойгону адал болбойт. Ошондой эле Ислам дининен чыгып кеткен адамдын сойгону да адал болбойт.

**Экинчиси,** сойгондо адал боло турган нерсе менен союу керек. Алар кан агыза турган нерселер. Мисалы, темир же күмүш же алтын же таш же камыш жана башкалар. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам:

**"Кан агызса жана (аны мууздарда) Аллахтын аты эскерилсе, анда аны жей бергин"** – деп айткан. Эгерде бир адам жандыкты кырлуу жыгач же камыш менен кан чыгарып сойгон болсо, анда ал адал болот. Бирок тиш менен же тырмак менен союлган болсо, анда ал жандык арам болот. Ошондой эле кырлуу сөөк менен союлган жандык дагы арам болот.

**Үчүнчүсү,** кан агызуу керек. Кан агызуу – моюндагы эки күрөө тамырды жана кекиртекти кесүү менен орундалат. Анткени бул эки тамыр жүрөк менен байланышкан. Эгерде ал кесилсе, кан атып чыгат жана жандыктын да жаны тез чыгат.

**Төртүнчү,** Аллахтын аты айтылып мууздалуусу керек. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: **"Кан агызса жана (аны мууздарда) Аллахтын аты эскерилсе, анда аны жей бергин"** – деп айткандыгы үчүн "Бисмиллах" деп айтуу шарт. Кан агызуусу шарт болгондой эле Аллахтын аты айтылып мууздалуусу да шарт. Ошондуктан бир адам Аллахтын атын атайын айтпай сойгон болсо, анда ал арам болот.

5. Бычакты жакшылап курчутуу важип. Себеби аны менен мууздоого жеңил болот. Эгерде мокок бычак менен мууздаган болсо, мууздаганы адал боло берет, бирок бычакты курчутпаганы үчүн мууздаган адам күнөөкөр болот. Ошондой эле бычакты мууздалуучу жандыкка көрсөтпөй курчутуу керек.

6. Батыраак мууздоо менен жандыктын жанын жеңил чыгаруу керек. Жандыкка бычак тийгизип таштап койбой, батыраак мууздоо зарыл. Себеби жандыктын жаны чыгуусу жеңилирээк болот.

## ОН СЕГИЗИНЧИ ХАДИС

عَنْ أَبِي ذَرٍّ جُنْدَبِ بْنِ جُنَادَةَ، وَأَبِي عَبْدِ الرَّحْمَنِ مُعَاذِ بْنِ جَبَلٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا، عَنْ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ قَالَ: «اتَّقِ اللَّهَ حَيْثُمَا كُنْتَ، وَأَتْبِعْ السَّيِّئَةَ الْحَسَنَةَ تَمْحُهَا، وَخَالِقْ النَّاسَ بِخُلُقٍ حَسَنٍ». رَوَاهُ التِّرْمِذِيُّ وَقَالَ: حَدِيثٌ حَسَنٌ، وَفِي بَعْضِ النُّسَخِ: حَسَنٌ صَحِيحٌ

Абу Зар Жундуб ибну Жунаада жана Абу Абдурахман Муаз ибну Жабал, радыяллаху анхума, пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын риваят кылышат:

**«Кайда болсоң да Аллахтан корк. Жана күнөө иштин артынан аны кетирген жакшы иш-аракеттерди кыл. Ошондой эле адамдарга жакшы кулк-мүнөз менен мамиле кыл».** (Тирмизи)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**«Кайда болсоң да Аллахтан корк»** – деген сөз – үйдө же базарда, өзүң жалгыз же адамдардын арасында болосуңбу, же кандай гана жерде болбогун Аллахтын буйруктарын аткарып, тыйган нерселеринен тыйыл дегенди түшүндүрөт. Ошондой эле бардык учурда Аллахтан коркуу сезимиң жүрөктө болсун дегенди билдирет.

**«Жана күнөө иштин артынан жакшы иш кыл. Ал күнөө ишти жууп кетет»** – деген сөздүн түшүндүрмөсү – мусулман адам чоң күнөөлөрдөн башка кандай гана күнөө иштерди кылып алса, анда анын артынан намаз, орозо, садака сыяктуу жакшы иштерди аткаруусу керек. Ошондо ал жакшы иштери күнөөлөрдүн кечирилишине себеп болот. Анткени пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтат:

**«Эгерде адам чоң күнөөлөрдөн алыс болсо, беш маал убак намаздын ортосундагы жана жума намаз кийинки жума намазга чейинки, рамазандан кийинки рамазанга чейинки күнөөлөрдүн кечирилишине себеп болот».** (Сахих Муслим)

Ошондой эле Аллах таала ыйык Куранда айтат:

**«Чындыгында жакшы иштер жаман иштерди (күнөөлөрдү) кетирет».** (Худ сүрөөсү, 114-аят)

Ал эми чоң күнөөлөрдүн кечирилиши үчүн сөзсүз тообо кылуу керек.

Хадистин «жана адамдарга жакшы кулк-мүнөз менен мамиле кыл» – деген бөлүгүндө пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мусулмандарды кулк-мүнөздүүлүккө, адептүүлүккө үгүттөгөн. Анткени кулк-мүнөздүүлүк кыямат күнүндө таразага коюла турган эң оор амалдардын бири. Ошондой эле кыямат күнүндө пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, эң жакын адамдардын бири – кулк-мүнөздүү адам. Кулк-мүнөзү жакшы адамдын элдин алдында дагы орду жана кадыр-баркы бийик болот.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Мусулман адам кайсы жакта болсо да, Аллахтан коркуп такыбалык кылууга милдеттүү. Анткени пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Кайда болсоң да, Аллахтан корк» – деп айтты. Ал эми Аллахтан коркуу – жашыруун жана ашкере иш-аракеттерде Анын буйруктарын аткарып, тыйган нерселеринен тыйылуу.

Кайсынысы жакшыраак? Жашыруун кылынган иш-аракеттерби же ашкере кылынган иш-аракеттерби?

Адам такыбалыгын, Аллахтан коркуусун ашкере кылуусунда элге пайда болуп, адамдар андан үлгү ала тургандай болсо, анда жакшылык ишин ашкере кылуусу жакшыраак. Ал эми ашкере кылуусунда пайда жок болсо, анда жашыруун кылуусу жакшыраак.

Күнөөлөрдү таштоону ашкерелеген жакшыбы же жашырган жакшыбы?

Бул нерсе деле жогорку маселеге окшош. Мисалы, бир адам сүткорлукту ашкере таштоосунда элге пайда болуп, адамдар андан үлгү алса, анда ашкере кылуусу жакшы. Ал эми ашкере кылуусунда элге пайда алып келбесе, анда аны жашырганы жакшыраак.

2. Жакшы иштер жана соопту иштер күнөөлөрдүн кечирилүүсүнө себеп болот.

3. Аллах тааланын адамзатка болгон мээримдүүлүгү. Анткени адилеттүүлүк менен карай турган болсок, бир күнөө иштин кечирилүүсүнө себеп

боло турган жакшы иш – ошол күнөө ишке бардык жагына тең келүүсү шарт кылыныш керек эле. Бирок, хадиске карай турган болсок, андай шарт жок.

Ошондой эле бир жакшы иш кылаардан алдын ага чейин кылынган күнөө иштин кечирилүүсүнө себеп болсун деп ниет кылуу шартпы же шарт эмеспи?

Хадиске карай турган болсок, андай да шарт жок. Бул да болсо, Аллахтын бизге болгон мээрими.

4. Бул хадис адамдар менен жакшы мамиледе болууга кызыктырат.

Кээ бир учурларда, кээ бир адамдар менен катуу жана корс мамиле кылуу – бул хадиске каршы келеби же каршы келбейби?

Албетте каршы келбейт. Анткени ар бир сөздүн айтыла турган өз орду болот. Эгерде кандайдыр бир абалда адамга катуу жана курч мамиле кылуу талап кылынса, анда ага катуу мамиле кылуу керек. Ал эми тескерисинче сылык жана жумшак мамиле кылууда көбүрөөк пайда болсо, анда сылык мамиле кылуу керек.

Эгерде абал эки нерсенин ортосунда болуп калса, анда албетте сылык, жылуу мамиле кылуу керек. Анткени пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, дайыма кичипейил жана сылык болууга чакырган.

# ОН ТОГУЗУНЧУ ХАДИС

عَنْ عَبْدِ اللَّهِ بْنِ عَبَّاسٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا قَالَ: «كُنْت خَلْفَ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ يَوْمًا، فَقَالَ: يَا غُلَامِ! إنِّي أُعَلِّمُك كَلِمَاتٍ: احْفَظْ اللَّهَ يَحْفَظْك، احْفَظْ اللَّهَ تَجِدْهُ تُجَاهَك، إذَا سَأَلْت فَاسْأَلْ اللَّهَ، وَإِذَا اسْتَعَنْت فَاسْتَعِنْ بِاَللَّهِ، وَاعْلَمْ أَنَّ الْأُمَّةَ لَوْ اجْتَمَعَتْ عَلَى أَنْ يَنْفَعُوك بِشَيْءٍ لَمْ يَنْفَعُوك إلَّا بِشَيْءٍ قَدْ كَتَبَهُ اللَّهُ لَك، وَإِنْ اجْتَمَعُوا عَلَى أَنْ يَضُرُّوك بِشَيْءٍ لَمْ يَضُرُّوك إلَّا بِشَيْءٍ قَدْ كَتَبَهُ اللَّهُ عَلَيْك؛ رُفِعَتْ الْأَقْلَامُ، وَجَفَّتْ الصُّحُفُ» . رَوَاهُ التِّرْمِذِيُّ وَقَالَ: حَدِيثٌ حَسَنٌ صَحِيحٌ

وَفِي رِوَايَةِ غَيْرِ التِّرْمِذِيِّ: احْفَظْ اللَّهَ تَجِدْهُ أمامك، تَعَرَّفْ إلَى اللَّهِ فِي الرَّخَاءِ يَعْرِفُك فِي الشِّدَّةِ، وَاعْلَمْ أَنَّ مَا أَخْطَأَك لَمْ يَكُنْ لِيُصِيبَك، وَمَا أَصَابَك لَمْ يَكُنْ لِيُخْطِئَك، وَاعْلَمْ أَنَّ النَّصْرَ مَعَ الصَّبْرِ، وَأَنْ الْفَرَجَ مَعَ الْكَرْبِ، وَأَنَّ مَعَ الْعُسْرِ يُسْرًا

Абдуллах ибну Аббас, радыяллаху анху, айтат: "Күндөрдүн биринде мен пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, артында учкашып бараттым эле. Ошондо ал мага айтты: **"Эй, бала! Мен сага ушундай сөздөрдү үйрөтөм, Аллахтын (шария-тын) сакта! Аллах сени сактайт. Аллахтын (дайы-**

**ма шариятын) сактап жүр! Мына ошондо Аллах сени бардык жакшылыктарга жолдогонун табасың. Эгерде сурай турган болсоң, анда Аллахтан сура. А эгер жардам тилей турган болсоң, анда Аллахтан жардам тиле. Билгиниң! Эгерде бүткүл үммөт сага пайда берүү үчүн бириксе да, алар сага Аллах тагдырыңа жазганчалык гана пайда бере алышат. Ошондой эле үммөттүн баарысы сага зыян берүү үчүн бириксе, алар сага Аллах тагдырыңа жазганчалык гана зыян бере алышат. Калемдер көтөрүлгөн, барактар кургаган”.** (Тирмизи)

Имам Тирмизиден башка бир риваятта:

**“Аллахтын (дайыма шариятын) сактап жүр! Мына ошондо Аллах сени бардык жакшылыктарга жолдогонун табасың. Аллахты барчылыкта эстеп жүр, Аллах сени кыйынчылыкта эстейт. Билгиниң! (Жашоодо) сенден өтүп кеткен нерсе, эч качан сага жетпейт. Сага жеткен нерсе эч качан сенден өтүп кетпейт (деп тагдырыңа жазылган). Билгиниң! Чындыгында жеңишке жетүү сабыр кылуу менен болот. Ийгиликке жетүү кыйынчылыктар менен болот жана жеңилдик оорчулуктан кийин болот”** — деп айткан.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мүнөзүнүн жумшактыгы. Ал жаштарга насаат айтканда да аларга көңүл буруп кайрылат эле. Бул хадисте да Абдуллах ибну Аббас, радыяллаху анхуга: *«Эй бала! Мен сага ушундай сөздөрдү үйрөтөйүн»* – деп жылуу жумшак кайрылды.

2. Кимде-ким бирөөгө олуттуу бир сөздү айта турган болсо, анда ал пайгамбарыбыз кылгандай ал адамдын жанына барып көңүл буруп сүйлөөсү зарыл.

3. Кимде-ким Аллахтын буйруктарына моюн сунуп жүрбөсө, анда аны Аллах таала кырсыктан, адашуудан сактабайт, жардамсыз калтырат. Аллах таала ыйык Куранда айтты: **«Аллахты эстен чыгарган адамдар сыяктуу болбогула. Алар Аллахты унуткандары себептүү (Аллах) да аларды өздөрүн унуттуруп койду. Мына ошолор баш ийбегендер».** (Хашр сүрөөсү, 19-аят)

4. Аллах тааланын сактоосу бул – пендесин туура жолго баштаганы. Жакшылык иштерге кылууга багыттап койгону. Аллах таала эгер пендесин сактап койсо, анда ал пенде көптөгөн зыяндардан алыс болот.

5. Аллахтын буйруктарына моюн сунуп жүрүүнүн пайдасы – жакшылыктардын бүт барына жетишүү. Ал жакшылыктардын эң улуусу – Аллах таала менен бирге болуу.

6. Эгерде адам жардамга муктаж болсо, анда ал Аллахтан гана сурасын. Бирок бериле турган жардам адамдын колунан келе турган иш болсо, анда колунан келген адамдан жардамдашуусун сураса болот. Буга шариятта уруксат берилген. Бул тууралуу хадисте пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам: **"Бир адамды улоосуна минип алуусуна жардам бергениң, ага жүктөрүн алып жүктөшүп койгонуң – садака болуп эсептелет"** – деген.

7. Чындыгында бүт үммөт баары биригишип, бир адамга пайда берүүгө аракет кылышса, алар

ал адамга Аллах тагдырына жазганчалык гана пайда бере алышат. Андан ашык эч нерсе кыла алышпайт. Ошондой эле алар эч кандай зыян да бере алышпайт. Бирок ал адамдын тагдырына Аллах жазганчалык гана зыян бере алышат. Зыян берүү же пайда берүү Аллахтын өкүмү менен гана болот. Аллах пенденин тагдырына зыян тартууну жазбаган болсо, анда ал адамга эч ким зыян бере албайт. Бардык нерсе Аллахтын колунда.

8. Пенде ар дайым Аллахтан гана үмүт кылып жашоосу зарыл. Аллахтан башка нерселерден үмүт кылуу күнөө. Анткени Аллахтан башка нерселер Аллахтын каалоосу менен гана пайда да зыян да бере алат. Мына ошондуктан Аллахтан гана үмүт кылып жашоо керек.

9. Бардык нерсе тагдырга жазылган. Пенде эмнени көрөөрү, кайда бараары, канча ырыскы жеп, дагы канча жашаары тагдырга жазылган. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айткан: **«Адамдардын тагдыры – асман менен жердин жаралуусунан элүү миң жыл мурда жазылган».** (Сахих Муслим)

10. Сабыр кылгандарга эң чоң сүйүнчү: **"Билгиниң! Чындыгында жеңишке жетүү сабыр кылуу менен болот".** Ийгилик ар дайым сабырлуулар менен бирге.

11. Дагы бир чоң сүйүнчү: Эгер адам баласына кыйынчылык жетсе, анда ал жеңил жашоону күтө берсин. Аллах таала ыйык Куранда айткан: **«Албетте кыйынчылык менен бирге жеңилдик бар».** (Шарх сүрөөсү, 5-аят)

Эй, мусулман бир тууган, эгерде сага бул дүйнө иштери оор болуп кетсе, анда сен Аллах убада кылган жеңил жашоону күткүн.

# ЖЫЙЫРМАНЧЫ ХАДИС

عَنْ ابْنِ مَسْعُودٍ عُقْبَةَ بْنِ عَمْرٍو الْأَنْصَارِيِّ الْبَدْرِيِّ ﵁ قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ «إِنَّ مِمَّا أَدْرَكَ النَّاسُ مِنْ كَلَامِ النُّبُوَّةِ الْأُولَى: إِذَا لَمْ تَسْتَحِ فَاصْنَعْ مَا شِئْتَ». رَوَاهُ الْبُخَارِيُّ

Абу Масууд Уъкбату ибну Амр ал-Ансарий ал-Бадрий, радыяллаху анху, айтты: **“Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: “Мурунку пайгамбарлардын сөздөрүнөн адамдарга жетип келген ушундай сөз бар “Эгерде уялбасаң, анда каалаганыңды жасай бер”.** (Сахих Бухари)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**“Эгерде уялбасаң, анда каалаганыңды жасай бер”** деген сөз эки маанини камтыйт:

**Биринчи мааниси:** Эгерде сенде уят-сыйыт болбосо, анда оюңа келгенди жасай бересиң. Анткени сенде уялуу жок. Адамгерчиликке жатпаган иштерди деле кыла бересиң.

**Экинчи мааниси:** Сен аткара турган ишиң уяттуу иш болбосо, анда аны уялбастан аткара бер. Тактап айтканда, уяттуу иш болбосо, анда аны уялып таштап койбостон аткара бер.

Биринчи маанисин эске алсак, хадис уятсыздыкты жектегенин түшүнөбүз. Ал эми экинчи маанисинде, жөндөн-жөн эле уяла берүүнүн кажети жоктугу айтылды.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Мурунку пайгамбарлардын сөздөрү биздин үммөткө жетип келген. Буга пайгамбарыбыздын: **“Мурунку пайгамбарлардын сөздөрүнөн адамдарга жетип келген ушундай сөз бар”** – деген сөзү далил. Мурунку элдердин кабарлары вахий[1] аркылуу же хадис аркылуу же адамдар аркылуу бизге жетип келет. Бизге жетип келген мурунку пайгамбарлардын кабарлары үч түргө бөлүнөт, алар:

**Биринчиси,** ал кабардын тууралыгын шарыятыбыз тастыктайт. Мындай кабарлар туура жана кабыл кылынат.

**Экинчиси,** ал кабардын жалган экендигин шариятыбыз тастыктайт. Мындай кабарлар жалган жана кабыл кылынбайт.

**Үчүнчүсү,** ал кабардын тууралыгын да, жалгандыгын да шариятыбыз тастыктабайт. Мындай кабарларды четке какпайбыз жана кабыл кылбайбыз. Мына ушул адилеттүүлүк.

2. Уяттуулук жакшы сыпаттарга кирет. Башка хадисте пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айткан: ***“Уяттуулук ыймандын бир бөлүгү”***.

**Уяттуулук эки түргө бөлүнөт:**

**Биринчиси,** Аллахтын акысына байланышкан уяттуулук. Бул – Аллах таала сен күнөө кылып жатканыңды көрүүсүнөн уялууң. Жана сени буйруган ишти аткарбай жатканыңды көрүүсүнөн уялууң.

1 Аллах таала тарабынан пайгамбарларга түшкөн кабар

**Экинчиси,** адамдардын акыларына байланышкан уяттуулук. Бул – сен адамгерчиликке жатпаган кылык-жоруктардын баарын таштооң. Мисалы, илимий жыйында бирөө биринчи сапта олтуруп бутун сунуп алса, анда бул кылганы уят иш болуп саналат. Анткени бул адамгерчиликке жатпайт. Ал эми достору менен олтурганда бутун сунуп алса, бул уят иш болуп саналбайт. Бирок ошондой болсо да “уруксат берсеңер бутумду сунуп олтурайын” деп уруксат сурап коюу жакшыраак.

**Уяттуулукка ээ болуу жагынан караганда дагы экиге бөлсө болот**

1 - Табигый уяттуулук

2 - Аракет менен жетишилген уяттуулук.

**Биринчиси,** кээ бир адамдарга Аллах уяттуулукту берген, алар жаштайынан эле табиятынан уяттуу болушат. Зарылчылык болсо гана сүйлөйт. Бир ишти да зарылчылык болсо гана аткарат. Анткени ал уялчаак.

**Экинчиси,** аракет менен жеткен уяттуулук, ага адам өзүн көндүрөт. Тактап айтканда, адам өзү уялчаак эмес, оюна келгенди сүйлөй берет жана оюна келгенди кыла берет. Кийин ал уяттуу, жакшы адамдар менен достошуп, алардан уяттуулукту үйрөнөт. Адамдагы табигый уяттуулук жакшыраак.

Уяттуулук – бул макталган сыпат. Бирок милдет болгон иштен тосуп койсо же арам ишке алып барса, анда ал жек көрүлгөн уяттуулук болуп эсептелет. Мисалы, күнөө ишти көргөндө аны токтотуу важип болсо да аны токтотуудан тосуп койгон бол-

со, анда бул уяттуулук жек көрүлгөн болуп эсептелет. Күнөө ишти көргөндө ойлонбостон аны токтотууга аракет кылуу керек. Макталган уяттуулук – бул важип ишти аткаруудан тоспогон жана күнөө ишти кылдырбаган уяттуулук.

3. Оюна келгенди сүйлөй берүү жана оюна келгенди кыла берүү – бул уятсыз адамдын мүнөзүнөн. Ошондуктан бирөө уят иш кылган болсо, адамдар "бул уялбайт", "бул адамда бет деле жок", "бул ушундай..." деп айтып калышат.

# ЖЫЙЫРМА БИРИНЧИ ХАДИС

عَنْ أَبِي عَمْرٍو وَقِيلَ: أَبِي عَمْرَةَ سُفْيَانَ بْنِ عَبْدِ اللَّهِ ﵁ قَالَ: «قُلْت: يَا رَسُولَ اللَّهِ! قُلْ لِي فِي الْإِسْلَامِ قَوْلًا لَا أَسْأَلُ عَنْهُ أَحَدًا غَيْرَك؛ قَالَ: قُلْ: آمَنْت بِاَللَّهِ ثُمَّ اسْتَقِمْ». رَوَاهُ مُسْلِمٌ

Абу Амр Суфиян, радыяллаху анху, айтты: "Оо, Аллахтын элчиси! Мага Исламдан бир насаат айтыңыз, мен ал насаатты сизден башка эч кимден сурабай турган болоюн. Ошондо пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

**"Аллахка ыйман келтирдим деп айткын, андан соң туура жолдо жүргүн".** (Сахих Муслим)

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Сахабалар илим алууга кызыгышкан. Сахабалар жашоолорунда өздөрү билбеген кандай гана маселе болбосун, аны сөзсүз түрдө пайгамбарыбызга келип сурашкан.

2. Бул хадисте пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, кыска айтса да, бирок насаатынын мааниси өтө терең болгон. Тагыраак айтканда, диндин баарын **"Аллахка ыйман келтирдим деп айткын, андан соң туура жолдо жүргүн"** – деп эки сөз менен түшүндүрүп койду.

3. Мусулман адам ар дайым өзүнөн өзү: **"Мен туура жолдо жүрөмбү? Тагыраак айтканда, шарият көрсөткөн жолдо жүрөмбү же жокпу?"** — деп сурап туруусу керек.

Эгерде туура жолдо жүргөн болсо, анда ал Аллах таалага мактоо-шүгүрлөрдү айтсын жана Андан мындан ары да туура жолдо бекем кылуусун сурасын. А эгерде шарияттан алыстап, туура жолдон адаша баштаган болсо, анда ал Аллах таалага дароо тообо кылып, туура жолго кайтуусу керек.

Мисалы: Кимде-ким намазын өз убактысынан кечиктирип окуп жүргөн болсо, же болбосо, кээде окуп, кээде окубай жүргөн болсо, анда ал адам туура жолдо эмес. Анткени ал адам Аллах тааланын буйругун аткарбады.

Ошондой эле аманатка кыянат кылса, убадасын аткарбаса жана соода-сатыкта, ижарага алууда же берүүдө жана башка мамилелерде адамдарды алдап чектен ашкан болсо, анда ал адам туура жолдон адашкан болуп эсептелет.

# ЖЫЙЫРМА ЭКИНЧИ ХАДИС

عَنْ أَبِي عَبْدِ اللَّهِ جَابِرِ بْنِ عَبْدِ اللَّهِ الْأَنْصَارِيِّ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا: «أَنَّ رَجُلًا سَأَلَ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ فَقَالَ: أَرَأَيْت إذَا صَلَّيْت الْمَكْتُوبَاتِ، وَصُمْت رَمَضَانَ، وَأَحْلَلْت الْحَلَالَ، وَحَرَّمْت الْحَرَامَ، وَلَمْ أَزِدْ عَلَى ذَلِكَ شَيْئًا؛ أَأَدْخُلُ الْجَنَّةَ؟ قَالَ: نَعَمْ». رَوَاهُ مُسْلِمٌ

Жабир ибну Абдуллах, радыяллаху анху, айтат: "Бир киши пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа салламга, келип: "Айтыңызчы, эгер парз намаздарды окусам, рамазан айында орозо кармасам, адал нерселерди адал деп, арам нерселерди арам деп билсем жана бул ибадаттарга кошумча ибадаттарды аткарбасам да, мен бейишке киремби?" – деп сурады. Ошондо пайгамбар: **"Ооба"** – деп жооп берди. (Сахих Муслим)

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Пайгамбарыбызга келген киши ал – Нууман ибну Каукал болгон. Ал тээ алыскы араб чөлдөрүндө жашаган бедуиндерден эле. Анын пайгамбарыбызга берген суроосунун максаты – бул түбөлүккө турбаган дүйнөгө жетүү эмес, жыргалы түбөлүктүү чыныгы жашоо болгон бейишке жетүүнүн жолун сурап келген болчу.

2. Жабир ибну Абдуллах ансарлардан болгон. Атасы Абдуллах, радыяллаху анху, Ухуд согушунда шейит болгон. Аны Аллах бейиш менен сыйлаганын айтып баласы Жабирди пайгамбарыбыз көп жолу сүйүнчүлөгөн. Ал пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа салламдын, жанында жүрүп илимин алгандыгын, Ухуддан кийин пайгамбарыбыз менен согуштан калбагандыгын өз сөзүндө айтат. Бул хадисти жана башка көптөгөн хадистерди бизге риваят кылып, пайгамбарыбыздын сүннөттөрүн өмүрүнүн акырына чейин пайгамбарыбыздын мечитинде сабак берип келген. Аллах ага өмүр берип, Мединада өткөн акыркы сахабалардан болгон.

3. Парз намаздар – бул күнүнө беш маал окулган жана жүрөктү Аллахка арнап, жан дили менен Аллахтын алдында туруп, адамдын ички-сырткы дүйнөсүнө азык жана ырахат болгон ибадаттардан. Ошондой эле Аллах менен байланыштырган жети асмандын үстүнөн адамдарга парз кылынган. Бул Аллахтын белеги. Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, өлүм алдында жатканда **“Намаз…Намаз”**— деп насаат айтып кеткен. Жана да “Менин көзүмдү сүйүнткөн – бул намаз” деп Аллахка көп-көп шүгүрлөрдү айткан. Түнү бою Аллахка ибадат кылып намазда тургандыктан, буттары шишип кетет эле. Азанчысы Билал, радыяллаху анхуга: **“Оо, Билал, кана азанды айтчы… биз намаз менен жүрөгүбүздү эс алдыралы”**— деп, намазды ырахат менен окуйт болчу. Аллах таала Өз элчиси жана сүйүктүүсү болгон пайгамбарыбыздын жүрөгүн намазга байлаган жана да Өз пенделерине намаз окууну буйруган.

4. Рамазан айында орозо тутуу. Бул ай жоомарттыктын жана жакшылыктардын айы. Себеби бул айда пайгамбарыбызга биринчи ирет кереметтүү Куран китебинен алгачкы аяттар түшкөн. Ал аяттар пайгамбарыбыздын жүрөгүндө жанган нур болгон. Ал аяттар дүйнө караңгыга баткан зулумдук жана бутпарастык башкарган дүйнөнү тазалап адилеттүүлүк жана жалгыз Аллахка сыйынууну алып келген негизги керемет болгон. Бул Аллахтын жакшылыгына ой жүгүртүп шүгүр кылып, рамазан айында орозо кармайбыз.

5. Ислам дининдеги адал нерселерди адал деп, арам нерселерди арам деп билүү – бул ишеним жана иш жүзүндө аткарыла турган маселелерден. Исламдагы арам нерселерди арам деп ишенип, андан кийин аларды аткаруудан алыс болуу керек. Ал эми адал нерселердин адал экенине ишенип, андан кийин аткаруу керек. Мусулман адам дайым ушул эки нерсе менен динди кармануусу керек: Ишеним жана иш-аракеттер.

6. Эмнеге пайгамбарыбыз бул сахабага зекет жана ажылык ибадаттарын айтпады деген суроого аалымдар мындай деген жоопту айтышкан:

**“Пайгамбарыбыз анын зекетке жана ажылыкка мал-дүйнөсү жетиштүү бай эместигин билген, мына ошондуктан, ага бул ибадаттарды айткан эмес”.**

Экинчи жообунда: **“Ислам дининдеги адал нерселерди адал деп ишенүүсү жана аны иш жүзүндө аткаруусуна зекет, ажылык, жакшылыкка үндөө жана жамандыктан тыюу иштери да камтылып кетет”.**

Үчүнчү жообунда: **“Пайгамбарыбыздын хадисинин башка риваятында Исламдын беш түркүгү айтылган жана кошумча ибадаттар деп нафил ибадаттар максат кылынганын”**— айтышат.

7. Адам кошумча нафил намаз жана нафил орозо ибадаттарын аткарбаса, ага күнөө болбойт. Бирок көптөгөн жакшылыктардан куру калат. Жана Аллахтын сүйүүсүнө жете турган негизги себептерден алыс болот. Себеби пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, айтат: **“Аллах таала айтты: Ким-де-ким Менин сүйүктүү пенделериме душмандык кылса, Мен ага согуш жарыялаймын. Менин пендем Мен парз кылган буйруктардан да сүйүктүрөөк башка нерселер менен Мага жакындай албайт. Бирок Мен аны жакшы көрүп калганга чейин ал Мага нафил ибадаттар менен жакындай берет”.** (Сахих Бухари)

8. Ар бир адамдын негизги максаты түбөлүктүү бейишке умтулуусу керек. Эмнеге Аллах таала жана Анын элчиси ар бир майда-чүйдө иштерди да кылууда бейиштеги жыргалчылык менен сүйүнчүлөйт? Анткени адам өмүрүндө бейишти эңсеп, анын жыргалчылыгына ой жүгүртүп жүрсө, анда ал бул дүйнө азгырыгына алданбайт жана ага дүйнөдөгү сыноолор дагы жеңил болот. Эгер бул дүйнөнүн жыргалчылыгын эңсеп, көздөгөн максаты бул дүйнө менен гана чектелсе, анда ал дүйнөгө жетери менен Аллахты эсинен чыгарат. Эгер бейиш менен сүйүнчүлөнсө, өтө алыска көз жетпегендей көрүнүп, Аллахтын сыйлыктары анын жүрөгүнө таасирин бербей калат. Себеби анын жүрөгү бул дүйнөгө байланып калган. Мына ошондуктан бул

сахаба Нууман ибну Каукал жана башка сахабалар пайгамбарыбыздан бул дүйнөгө жетүүнү эмес, бейиште аны менен бирге болуунун жана Аллахтын ыраазылыгына жетүүнүн жолдорун сурашкан.

Асмандын биринчи кабатын изилдеп бүтпөгөн батыш аалымдары бул асман чексиз деген тыянакты чыгарып, адамдын илими чектүү экендигин айтып келишет. Бирок Аллах бейиштин кеңдиги жети асман менен жердин кеңдигине барабар экенин мындай деп айтат: **“Раббиңердин кечиримине жана такыба адамдар үчүн даярдап коюлган, кеңдиги асмандар менен жердей болгон бейишке карай умтулгула”.** (Аалу Имран сүрөөсү, 133-аят)

# ЖЫЙЫРМА ҮЧҮНЧҮ ХАДИС

عَنْ أَبِي مَالِكٍ الْحَارِثِ بْنِ عَاصِمٍ الْأَشْعَرِيِّ ﵁ قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ «الطَّهُورُ شَطْرُ الْإِيمَانِ، وَالْحَمْدُ لِلَّهِ تَمْلَأُ الْمِيزَانَ، وَسُبْحَانَ اللَّهِ وَالْحَمْدُ لِلَّهِ تَمْلَآنِ –أَوْ: تَمْلَأُ– مَا بَيْنَ السَّمَاءِ وَالْأَرْضِ، وَالصَّلَاةُ نُورٌ، وَالصَّدَقَةُ بُرْهَانٌ، وَالصَّبْرُ ضِيَاءٌ، وَالْقُرْآنُ حُجَّةٌ لَك أَوْ عَلَيْك، كُلُّ النَّاسِ يَغْدُو، فَبَائِعٌ نَفْسَهُ فَمُعْتِقُهَا أَوْ مُوبِقُهَا». رَوَاهُ مُسْلِمٌ

Абу Малик аль-Харис ибну Аасим аль-Ашари, радыяллаху анхудан, риваят. Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: **«Тазалык – ыймандын жарымы. “Алхамдулиллах” сөзү кыяматта амал таразаны толтурат. “Субхааналлах” жана “Алхамдулиллах” сөздөрү болсо асман менен жердин ортосун толтурат. Намаз – бул нур. Садака – далил. Ал эми сабырдуулук болсо – жарык. Куран болсо, сенин пайдаңа же зыяныңа далил болот. Ар бир адам күн сайын чыгып, өз напсисин (Аллах үчүн же шайтан үчүн) сатыкка коёт, анан аны куткарып алат же аны курутат».** (Сахих Муслим)

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Чыныгы тазалык – бул жүрөктүн тазалыгы. Мисалы, көрө албастыктан, ичи тардыктан, жек көрүүдөн ж.б.у.с. жаман сыпаттардан тазалануу. Анткени ыйман ошол оорулардан арылгандан кийин гана толукталат. Кимде-ким келмени айтса, анда анын ыйманы жарым болот, ал эми кимде-ким жүрөгүн жаман сыпаттардан тазаласа, анда анын ыйманы толук болот.

2. **“Алхамдулиллах”** деп айтканы анын амал таразасын кыяматта толтурат, анткени бул сөздүн сыйлыгы аябай чоң.

3. **“Субхааналлах валхамдулиллах”** деген сөздөр асман менен жердин ортосун толтурат. Анткени бул сөздөрдүн пазилети аябай чоң. Себеби Аллах тааланы бардык айып-кемчиликтерден арууллоо жана Аллахтын алдында өзүн төмөн тутуу ж.б-.у.с. ибадаттарды камтыйт.

4. **“Намаз – бул нур”** дегендин мааниси – намаз окуган адамдын жүзү эки дүйнөдө нурлуу болот. Себеби намаз бардык жакшы нерселерге багыттайт жана бардык жаман нерселерден тыят.

5. **Садака – далил.** Тактап айтканда, ыйманынын жогору жана туура экендигине далил. Мисалы, эки жүздүү адам намаз окушу мүмкүн, бирок ал үчүн садака бериш өтө кыйын.

6. **“Сабырдуулук – жарык”** дегендин мааниси: Балээлер башка түшкөн кезде, Аллахка толук моюн сунуу менен сыноолорго сабыр кылуу. Сабырдуу адам эч качан туура жолдон адашпайт.

7. Ар бир адам күн сайын өз напсисин сатыкка коёт, анан аны куткарып алат же аны курутат. Ар бир адам күнүгө эртең менен тургандан баштап өз напсиси үчүн иштейт. Аллахка ибадат кылып, моюн сунуу менен өз напсисин азаптан куткарат, же шайтан үчүн иштеп, өз каалоолорун ээрчүү менен өз напсисин курутат.

# ЖЫЙЫРМА ТӨРТҮНЧҮ ХАДИС

عَنْ أَبِي ذَرٍّ الْغِفَارِيِّ ﵁ عَنْ النَّبِيِّ ﷺ فِيمَا يَرْوِيهِ عَنْ رَبِّهِ تَبَارَكَ وَتَعَالَى، أَنَّهُ قَالَ: "يَا عِبَادِي: إنِّي حَرَّمْت الظُّلْمَ عَلَى نَفْسِي، وَجَعَلْته بَيْنَكُمْ مُحَرَّمًا؛ فَلَا تَظَالَمُوا. يَا عِبَادِي! كُلُّكُمْ ضَالٌّ إلَّا مَنْ هَدَيْته، فَاسْتَهْدُونِي أَهْدِكُمْ. يَا عِبَادِي! كُلُّكُمْ جَائِعٌ إلَّا مَنْ أَطْعَمْته، فَاسْتَطْعِمُونِي أُطْعِمْكُمْ. يَا عِبَادِي! كُلُّكُمْ عَارٍ إلَّا مَنْ كَسَوْته، فَاسْتَكْسُونِي أَكْسُكُمْ. يَا عِبَادِي! إنَّكُمْ تُخْطِئُونَ بِاللَّيْلِ وَالنَّهَارِ، وَأَنَا أَغْفِرُ الذُّنُوبَ جَمِيعًا؛ فَاسْتَغْفِرُونِي أَغْفِرْ لَكُمْ. يَا عِبَادِي! إنَّكُمْ لَنْ تَبْلُغُوا ضُرِّي فَتَضُرُّونِي، وَلَنْ تَبْلُغُوا نَفْعِي فَتَنْفَعُونِي. يَا عِبَادِي! لَوْ أَنَّ أَوَّلَكُمْ وَآخِرَكُمْ وَإِنْسَكُمْ وَجِنَّكُمْ كَانُوا عَلَى أَتْقَى قَلْبِ رَجُلٍ وَاحِدٍ مِنْكُمْ، مَا زَادَ ذَلِكَ فِي مُلْكِي شَيْئًا. يَا عِبَادِي! لَوْ أَنَّ أَوَّلَكُمْ وَآخِرَكُمْ وَإِنْسَكُمْ وَجِنَّكُمْ كَانُوا عَلَى أَفْجَرِ قَلْبِ رَجُلٍ وَاحِدٍ مِنْكُمْ، مَا نَقَصَ ذَلِكَ مِنْ مُلْكِي شَيْئًا. يَا عِبَادِي! لَوْ أَنَّ أَوَّلَكُمْ وَآخِرَكُمْ وَإِنْسَكُمْ وَجِنَّكُمْ قَامُوا فِي صَعِيدٍ وَاحِدٍ، فَسَأَلُونِي، فَأَعْطَيْت كُلَّ وَاحِدٍ مَسْأَلَته، مَا نَقَصَ ذَلِكَ مِمَّا عِنْدِي إلَّا كَمَا يَنْقُصُ الْمِخْيَطُ إذَا أُدْخِلَ الْبَحْرَ. يَا عِبَادِي! إنَّمَا هِيَ أَعْمَالُكُمْ أُحْصِيهَا لَكُمْ، ثُمَّ أُوَفِّيكُمْ إيَّاهَا؛ فَمَنْ وَجَدَ خَيْرًا فَلْيَحْمَدْ اللَّهَ، وَمَنْ وَجَدَ غَيْرَ ذَلِكَ فَلَا يَلُومَن إلَّا نَفْسَهُ". رَوَاهُ مُسْلِمٌ

Абу Зар аль-Гифари, радыяллаху анху, айтты: Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, хадис кудсийде Аллах тааланын мындай деп айтканын риваят кылат: **“Оо, пенделерим! Чындыгында Мен зулумдук кылууну Өзүмө арам кылдым жана аны силерге да арам кылдым. Ошондуктан силер эч качан бири-бириңерге зулумдук кылбагыла! Оо, пенделерим! Чындыгында силердин баарыңар адашуудасыңар. Бирок бир гана Мен туура жолго салып койгон адамдар гана туура жолдо. Мына ошондуктан силер Менден туура жол сурагыла! Ошондо Мен силерди туура жолго саламын. Оо, пенделерим! Чындыгында Мен тамактандырган адамдардан башка баарыңар ачкасыңар. Ошондуктан силер Менден ырыскы сурагыла, Мен силерге ырыскы беремин. Оо, пенделерим! Чындыгында Мен кийинткен адамдардан башка баарыңар жылаңачсыңар. Ошондуктан силер Менден гана кийиндирүүнү сурангыла, Мен силерди кийиндиремин. Оо, пенделерим! Силер эртели-кеч күнөө кыласыңар, ал эми Мен күнөөлөрдүн бүт баарын кечиремин. Ошондуктан силер Менден кечирим сурагыла, Мен силерди кечиремин. Оо, пенделерим! Силер Мага зыян бергидей, зыян жеткире албайсыңар. Оо, пенделерим! Силер Мага пайда бергидей, пайда да жеткире албайсыңар. Оо, пенделерим! Эгерде силерден алгачкыңардан баштап акыркыңарга чейинки адамдардын жана жиндердин бүт баарысынын жүрөктөрү, силердин араңардан эң такыба бир адамдын жүрөгүндөй болуп бир деңгээлде такыба болсоңор, бул нерсе Аллахтын мүлкүн эч кандай көбөйтпөйт. Оо, пенделерим!**

**Эгерде силерден алгачкыңардан баштап акыркыңарга чейинки адамдардын жана жиндердин бүт баарысынын жүрөктөрү, силердин араңардан эң жаман бир адамдын жүрөгүндөй болуп бир деңгээлде жаман болсоңор, бул нерсе Аллахтын мүлкүн эч кандай кемитип койбойт. Оо, пенделерим! Эгерде силерден алгачкыңардан баштап акыркыңарга чейинки адамдардын жана жиндердин бүт баарысы бир жерге чогулушуп, Менден муктаждыктарын сураса, Мен алардын ар бирине сураган нерселерин берсем, бул нерселер ийне деңизге салынып алынганда, деңиздин суусун кемиткенчелик гана кемите алат. Оо, пенделерим! Чындыгында бул силердин иш-аракеттериңер. Мен ал иш-аракеттериңерди (кыяматта) эсеп-кысап кылам. Анан ошого жараша силерге сооп же жаза берем. Ошондо кимде-ким жакшылыктарды тапса, анда ал адам Аллахка мактоо айтсын. Ал эми кимде-ким жакшылыктарды таппаса, анда ал адам өзүнөн башка эч кимди күнөөлөбөсүн".** (Сахих Муслим)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Бул хадис – хадис кудсийлерден . Аллах тааланын сөзүн пайгамбар Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам, хадисте өз сөзү менен айтып берди. Мындай хадистерди аалымдар "хадис кудсий" деп термин катары атаган. Аллахтын сөзү – бул Куран, ал эми пайгамбарыбыз Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламдын, сөздөрү – хадис. Ал эми Аллах таала мындай деди деп пайгамбарыбыз, саллаллаху

алейхи уа саллам, Аллахтын сөздөрүн өз сөзү менен айтса, анда бул "хадис кудсий" деп аталат. Кыргызча айтканда ыйык хадис болот.

Бул хадис кудсийде “адамдар жана жиндер” – деп жиндер жөнүндө да учкай кабар айтылды. Чындыгында жиндер да Аллахтын кулдары. Аллах таала аларды оттон жаратты. Бул дүйнөдө алар адамдардын көздөрүнө көрүнбөйт. Бирок адамдарга аралашып эле жашашат. Жиндер жөнүндө ыйык Куранда айтылган. Алар да өзүнчө уруулар, өзүнчө эл, өзүнчө падышалыктар жана аял-эркек болуп жашашат. Жиндердин мусулмандары жана каапырлары бар. Алар да кыямат күнүндө кылган иш-аракеттеринен суралат. Кылган ибадаттарына жана жасаган жакшылык иштерине жараша сооп алышат. Аллах таала аларды да бейиш менен сыйлаганга убада берген. Ошондой эле каапыр жана күнөөкөр жиндер кылган күнөөлөрүнө жараша тозокто азапталышат.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Аллах таала Өзүнүн улуулугу жана адилеттүүлүгү менен зулум кылууну арам кылды. Аллах таала Өзүнүн адилеттүүлүгү менен зулумдукту Өзүнө арам кылды. Жана зулумдукту пенделерине да арам кылды.

2. Чындыгында Ислам дини бири-бирибизге зулумдук кылуудан тыйган. Адилетсиз болуунун шарияттагы өкүмү – арам. Муну кылган адам чоң күнөөгө батат. Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мусулмандын мал-дүйнөсүн тартып

алуу, мусулмандын канын жана абийирин төгүү арам экендигин баяндаган. Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: **«Чындыгында силердин каныңар, малыңар жана абийириңер ушул күндүн урматы сыяктуу, ушул шаардын урматы сыяктуу, ушул айдын урматы сыяктуу арам кылынган»** – деген.

3. Аллах тааладан хидаят, туура жол сурап дуба кылуу важип экендиги бул хадисте да айтылды. Хадисте: **"Мына ошондуктан силер Менден туура жол сурагыла! Ошондо Мен силерди туура жолго саламын"** — деп айтылды.

4. Чындыгында адамдардын баарысы Аллахка муктаж. Адам эле эмес бардык жаратылган макулуктардын бүт баары Аллах таалага көз каранды. Биз Аллахтын ырыскысына дайым муктаж экенибизди моюнга алып, ар дайым Аллахка таянуу керек. Ошондуктан биз милдеттүү түрдө дайыма Аллах тааланын Өзүнөн гана жардам сурашыбыз зарыл.

5. Адам баласы эртели-кеч күнөөлөрдү кылат. Бирок бул күнөөлөрдү Аллах таала мээрими менен кечиришин убада кылат. Пенде билбестен же алсыздыгынан күнөө иштерди кылганда тезинен тообо кылса жана Аллахтан кечирим сураса, анда аны Аллах таала кечирет.

Бирок адам баласы, Аллах кечирет деп эле күнөөнү коркпой кыла бергени туура эмес. Анткени адамдын күнөөсүнүн кечирилиши тообо кылган адамдын тообосуна да байланыштуу болот. Тообонун шарттары толук аткарылган чакта гана Аллах кечирет. Аллах таала биз кылып жүргөн иштердин баарынан кабардар.

6. Адамдардын бүт баары Аллахтын динин таштап баары бузулуп кетишсе да, алар Аллах таалага эч кандай зыян бере алышпайт. Билким өздөрүнө гана зыян кылып кыйроого учурайт.  Аллах таала бизге муктаж эмес. Тескерисинче, биз алсыз пенделер Аллахка муктажбыз.

7. Аллах таала Берешен жана Анын мүлкү чексиз. Эгерде адамдардын жана жиндердин бүт баарысы бир жерге чогулушуп, Аллахтан муктаждыктарын сурашса, Аллах алардын ар бирине сураган нерселерин берсе, бул нерселер ийне деңизге салынып алынганда, деңиздин суусун ийне кемиткенчелик гана Аллахтын мүлкүнөн кемите алат.

8. Аллах таала эч кимге зулумдук кылбайт. Ошондуктан пенде Аллахтын буйруктарын аткарып, жакшы иштерди кыла берсин. Албетте Аллахтын алдында сооп-сыйлыктарды табат. Ал эми күнөөкөрлөр дүйнөдө жакшы иштерди кылбаганы үчүн кыяматта өздөрүн гана жемелешет. Бул тууралуу хадистин аяк жагында айтты: **“Чындыгында бул силердин иш-аракеттериңер. Мен ал иш-аракеттериңерди (кыяматта) эсеп-кысап кылам. Анан ошого жараша силерге сооп же жаза берем. Ошондо кимде-ким жакшылыктарды тапса, анда ал адам Аллахка мактоо айтсын. Ал эми кимдеким жакшылыктарды таппаса, анда ал адам өзүнөн башка эч кимди күнөөлөбөсүн”.**

# ЖЫЙЫРМА БЕШИНЧИ ХАДИС

عَنْ أَبِي ذَرٍّ ﵁ أَيْضًا، «أَنَّ نَاسًا مِنْ أَصْحَابِ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ قَالُوا لِلنَّبِيِّ ﷺ يَا رَسُولَ اللَّهِ ذَهَبَ أَهْلُ الدُّثُورِ بِالْأُجُورِ؛ يُصَلُّونَ كَمَا نُصَلِّي، وَيَصُومُونَ كَمَا نَصُومُ، وَيَتَصَدَّقُونَ بِفُضُولِ أَمْوَالِهِمْ. قَالَ: أَوَلَيْسَ قَدْ جَعَلَ اللَّهُ لَكُمْ مَا تَصَّدَّقُونَ؟ إِنَّ بِكُلِّ تَسْبِيحَةٍ صَدَقَةً، وَكُلِّ تَكْبِيرَةٍ صَدَقَةً، وَكُلِّ تَحْمِيدَةٍ صَدَقَةً، وَكُلِّ تَهْلِيلَةٍ صَدَقَةً، وَأَمْرٌ بِمَعْرُوفٍ صَدَقَةٌ، وَنَهْيٌ عَنْ مُنْكَرٍ صَدَقَةٌ، وَفِي بُضْعِ أَحَدِكُمْ صَدَقَةٌ. قَالُوا: يَا رَسُولَ اللَّهِ أَيَأْتِي أَحَدُنَا شَهْوَتَهُ وَيَكُونُ لَهُ فِيهَا أَجْرٌ؟ قَالَ: أَرَأَيْتُمْ لَوْ وَضَعَهَا فِي حَرَامٍ أَكَانَ عَلَيْهِ وِزْرٌ؟ فَكَذَلِكَ إِذَا وَضَعَهَا فِي الْحَلَالِ، كَانَ لَهُ أَجْرٌ». رَوَاهُ مُسْلِمٌ

Абу Зар, радыяллаху анху, риваят кылат: "Бир топ сахабалар Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, айтышты: **"Оо, Аллахтын элчиси! Бай адамдар сооп иштерди кылууда бизден озуп кетишти. Алар деле биз окугандай эле намаз окушат, биз орозо кармагандай эле орозо кармашат. Алар мал-дүнүйөсүнөн ашыкчасын садака кылышат". Ошондо Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: "Аллах силерге деле садака кыла турган нерселерди бербедиби? Силердин ар бир "субханаллах" деп айтып жаткан тасбихиңер**

**– садака. Ар бир "Аллаху акбар" деп айтып жаткан такбириңер – садака. Ар бир "алхамдулиллах" деп айтып жаткан тахмидиңер – садака. Ар бир "лаа илааха иллаллах" деп айтып жаткан тахлилиңер – садака болот. Силердин жакшылыкка чакырууңар – садака. Жамандыктан тыйганыңар – садака. Ошондой эле силер өз жубайларыңарга кошулганыңар да – садака болот"** – дегенде, сахабалар: "Оо, Аллахтын элчиси! Эгерде биздин кумардануубуз себептүү аялыбызга кошулсак, мына ушул кумарыбызды кандырганыбызга да сооп болобу?" – деп сураштьы. Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: **"Айткылачы! Эгерде адам кумарын арам жол менен кандырса, ага күнөө болобу? Кудум ошондой эле адам кумарын адал жол менен кандырса, анда ал адамга сооп болот".** (Сахих Муслим)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Бул хадисте кедейлердин соопту иштерге канчалык умтулуп жатышкандыгын байкасак болот. Алар Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга: "Бай адамдар бизден сооп иштерди кылууда озуп кетишти" – деп айтышты. Сахабалар бул сөздөрдү көрө албастыктан же Аллахтын тагдырына наааразы болуп айтышпады. Алардын максаттары: кана эми бизде да ушундай бир өзгөчө амалдар болсо, биз аны аткарып байлардан озуп кетсек же биз дагы алар кылган сооптoрго ээ болсок деген каалоолору болгон. Алардан Аллах таала ыраазы болсун! Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, сахабаларга садаканын көптөгөн эшиктерин ачып берди.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Сахабалардын жакшы иштерге умтулуп, бири-бири менен сооп иштерди кылууда жарышуулары. Анткени алар көрө албастык себептен Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, келип сурашкан жок. Жакшылыкта жарышуу максатта пайгамбарыбыз аларга ушундай жакшылык эшиктерин ачып беришин үмүт кылып андан сурашкан.

2. Сахабалар мал-мүлктөрүн бул дүйнөдө жана акыретте да пайда бере турган иштерге сарпташкан.

3. Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, сахабаларга жакшылыктын өтө көп эшиктерин ачып, ар бирин бирден атап өттү.

4. Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, атап өткөн иш-аракеттердин баардыгы – садака. Бирок бул садакалардын кээ бири милдеттүү түрдө аткарылыш керек, кээ бирлери милдеттүү эмес. Кээ бир садаканын пайдасы өзгөлөргө тийип турса, кээ биринин пайдасы өзүнө гана тийет. Мисалга алып айтсак: "Силердин ар бир **"субханаллах"** деп айтып жаткан тасбихиңер – садака. Ар бир **"Аллаху акбар"** деп айтып жаткан такбириңер – садака. Ар бир **"алхамдулиллах"** деп айтып жаткан тахмидиңер – садака. Ар бир **"лаа илааха иллаллах"** деп айтып жаткан тахлилиңер – садака болот". Бул садака эсептелген зикирлердин пайдалары айткан адамдын өзүнө гана тийет.

Хадистеги: **“Силердин жакшылыкка чакырууңар – садака. Ошондой эле жамандыктан тыйганыңар – садака”** дегендин мааниси, бул садакалар кээде парз айн болсо, кээде парз кифая болот.

**Парз айн** – бул ар бир мусулман адам милдеттүү түрдө аткаруусу зарыл болгон иштерге айтылат. Мисалы, эгерде бир адам күнөө иштин аткарылып жатканын көрүп жана аны тыйып койгонго күчү жетип, ал күнөө ишти тыя турган ал адамдан башка бирөөлөр жок болсо, анда ал адамга – ал күнөө ишти тыюу парз айн болот.

**Парз кифая** – бул көпчүлүк мусулмандардын арасынан бир тобу аткарып койсо жетиштүү. Калган мусулмандар аткарбаса да күнөөкөр болушпайт. Эгерде мусулмандардын эч бири парз кифаяны аткарбай коюшса, анда бүт баары күнөөкөр болушат. Мисалы, эгерде адам күнөө иштин кылынып жатканын көрдү жана аны тыюуга кудурети жетет. Бирок ал күнөөнү тыйып коё турган атайын дайындалган адамдар бар болсо, анда ал адамга күнөөдөн тыйып кою – парз кифая болот.

## ЖЫЙЫРМА АЛТЫНЧЫ ХАДИС

عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ ﵁ قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ «كُلُّ سُلَامَى مِنْ النَّاسِ عَلَيْهِ صَدَقَةٌ، كُلَّ يَوْمٍ تَطْلُعُ فِيهِ الشَّمْسُ تَعْدِلُ بَيْنَ اثْنَيْنِ صَدَقَةٌ، وَتُعِينُ الرَّجُلَ فِي دَابَّتِهِ فَتَحْمِلُهُ عَلَيْهَا أَوْ تَرْفَعُ لَهُ عَلَيْهَا مَتَاعَهُ صَدَقَةٌ، وَالْكَلِمَةُ الطَّيِّبَةُ صَدَقَةٌ، وَبِكُلِّ خُطْوَةٍ تَمْشِيهَا إِلَى الصَّلَاةِ صَدَقَةٌ، وَتُمِيطُ الْأَذَى عَنْ الطَّرِيقِ صَدَقَةٌ».

رَوَاهُ الْبُخَارِيُّ، وَمُسْلِمٌ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**"Адамдар ар күн таң аткан сайын ар бир муунү үчүн садака берип туруусу керек. Эки адамдын ортосунда адилеттүү болгонуң – садака. Бирөөнү улоого минүүсүнө жардам берүүң, же болбосо жүгүн жүктөшүп коюуң – садака. Жакшы сөз да – садака. Намазга бара жаткандагы ар бир баскан кадамың – садака. Адамдарга зыян бере турган нерселерди жолдон алып салууң да – садака".** (Сахих Бухари, Сахих Муслим)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Имам Муслимдин "Сахих" хадистер жыйнагында адамдын денесинде үч жүз алтымыш муун бар деп келет. Муну азыркы медицина дагы изилдөө жүргүзүп тастыктап чыкты. Бул нерсени пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, он төрт кылым мурда айтып кеткен. Хадисте: **"Адамдар ар күн таң аткан сайын ар бир мууну үчүн садака берип туруусу керек. Эки адамдын ортосунда адилеттүү болгонуң – садака"** деп айтылды. Тагыраак айтканда, бир күндө үч жүз алтымыш муун үчүн садака берилүүсү керек. Демек, адам бир жумада 2520 садака кылуусу керек. А бул нерсе адам баласы үчүн өтө кыйынчылыкты жаратат.

Бирок Аллахтын ырайымы менен бул садакалар бардык ибадаттарга бөлүнгөн. Ошого бардык ибадаттар садака болот, аны аткаруу мусулман адамга жеңил болот.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Хадисте адамдар Кудайдын ар бир куттуу күнүндө бардык мүчөлөрү жана бардык муундары үчүн садака берип туруулары милдеттүү түрдө экендиги баяндалган.

Мунун түшүндүрмөсү: Эгерде адамдын колу, буту, көзү, оозу жана башка дене мүчөлөрү сак-саламатта болсо, анда ал сөзсүз түрдө Аллах таалага мактоо-шүгүрлөрдү айтсын. Анткени ден-соолуктун чың болушу – бул эң чоң нээматтардын бири. Ошондуктан бул нээматтар үчүн Аллахка көп-көп шүгүрлөрдү кылсын.

2. Эки адамдын ортосундагы чыр-чатакка адилеттүү өкүм чыгарып, ал экөөнү жараштыруунун пазилети.

3. Адамдардын бири-бирине жардам берүүсүнө кызыктыруу.

Анткени бир мусулмандын башка бир мусулманга кылган жардамы – садака болуп эсептелет.

4. Жакшы сөз сүйлөөнүн артыкчылыгы.

Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: **"Жакшы сөз да – садака".**

Ал эми сөздөрдүн эң жакшысы – Куран. Демек, Курандагы ар бир сөз – бул садака болуп эсептелинет.

5. Жолдогу зыян бере турган нерселерди алып таштоо – садака. Ошонун эле тескериси: адамдарга зыян бере турган нерселерди жолго таштоо – бул күнөө болуп саналат.

6. Аллах таалага жакындата турган иш-аракеттер жана адамдарга жакшылык кылуунун баарысы садака болуп эсептелет. Ал эми хадистеги пайгамбарыбыз айтып өткөн амалдар жалпы жакшылык иштерге мисал катары айтылган.

## ЖЫЙЫРМА ЖЕТИНЧИ ХАДИС

عَنْ النَّوَّاسِ بْنِ سَمْعَانَ ﵁ عَنْ النَّبِيِّ ﷺ قَالَ: «الْبِرُّ حُسْنُ الْخُلُقِ، وَالْإِثْمُ مَا حَاكَ فِي صَدْرِك، وَكَرِهْت أَنْ يَطَّلِعَ عَلَيْهِ النَّاسُ» رَوَاهُ مُسْلِمٌ.

وَعَنْ وَابِصَةَ بْنِ مَعْبَدٍ ﵁ قَالَ: أَتَيْت رَسُولَ اللَّهِ ﷺ فَقَالَ: «جِئْتَ تَسْأَلُ عَنْ الْبِرِّ؟ قُلْت: نَعَمْ. فقَالَ: استفت قلبك، الْبِرُّ مَا اطْمَأَنَّتْ إلَيْهِ النَّفْسُ، وَاطْمَأَنَّ إلَيْهِ الْقَلْبُ، وَالْإِثْمُ مَا حَاكَ فِي النَّفْسِ وَتَرَدَّدَ فِي الصَّدْرِ، وَإِنْ أَفْتَاك النَّاسُ وَأَفْتَوْك» . حَدِيثٌ حَسَنٌ، رَوَيْنَاهُ فِي مُسْنَدَي الْإِمَامَيْنِ أَحْمَدَ بْنِ حَنْبَلٍ، وَالدَّارِمِيّ بِإِسْنَادٍ حَسَنٍ

Наввас ибну Самъан, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: **"Жакшылык – бул кулк-мүнөздүүлүк. Ал эми күнөө – көкүрөгүңдү өйүгөн жана аны башка адамдардын билүүсү сени кыжалат кылган иш-аракеттериң".** (Сахих Муслим)

Вабиса ибну Маъбад, радыяллаху анху, айтты: "Мен Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, келгенимде, ал: **"Сен жакшылык жөнүндө сураганы келдиңби?"** – деп айтты. Мен: "Ооба" – дедим. Ошондо Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: **"Сен жүрөгүңө карап көр. Эгерде адамдар сага (туура же туура эмес деп) өкүм**

**берсе да, жакшылык – бул жан-дүйнөң жана жүрөгүң бейпилдик тапкан иш-аракеттер. Ал эми күнөө – жан-дүйнөңдү өйүгөн жана көкүрөгүңдү экилентткен иш-аракеттер" – деп айтты".** (Муснад Ахмад, Ад-Дарими)

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Кулк-мүнөздүүлүктүн артыкчылыгын пайгамбарыбыз **"Жакшылык – бул кулк-мүнөздүүлүк"** деп, хадисте баяндады.

2. Күнөөнүн таразасы – ал көкүрөктү өйүгөн жана жүрөктү тынчсыздандырган ойлор, сөздөр жана иш-аракеттер.

3. Ыймандуу адам – күнөөлөрү адамдарга билинип калуусунан кыжалат болгон адам. Ал эми ыйманы алсыз адам күнөөлөрү адамдарга билинип калуусуна кыжалат болбойт.

4. Бул хадистен пайгамбарыбыздын парасатын билсек болот. Анткени Вабиса келгенде, пайгамбарыбыз андан: **"Сен жакшылык иштер жөнүндө сураганы келдиңби?"** – деп, эмне үчүн келгенин билди.

5. Мусулман адам башка адамдардын берген өкүмдөрүнөн кийин да өзүнүн жүрөгүнө кароосу керек. Анткени кээ бир адамдар эч бир илими жок туруп өкүм чыгара беришет. Мына ошол учурда мусулман адам алардын шектүү сөздөрүнө таянбастан өзүнүн каалоосун ээрчип, жүрөгүндө шек жаратпаган чечимдерди аткаруусу керек.

## ЖЫЙЫРМА СЕГИЗИНЧИ ХАДИС

عَنْ أَبِي نَجِيحٍ الْعِرْبَاضِ بْنِ سَارِيَةَ ﵁ قَالَ: «وَعَظَنَا رَسُولُ اللَّهِ ﷺ مَوْعِظَةً وَجِلَتْ مِنْهَا الْقُلُوبُ، وَذَرَفَتْ مِنْهَا الْعُيُونُ، فَقُلْنَا: يَا رَسُولَ اللَّهِ! كَأَنَّهَا مَوْعِظَةُ مُوَدِّعٍ فَأَوْصِنَا، قَالَ: أُوصِيكُمْ بِتَقْوَى اللَّهِ، وَالسَّمْعِ وَالطَّاعَةِ وَإِنْ تَأَمَّرَ عَلَيْكُمْ عَبْدٌ، فَإِنَّهُ مَنْ يَعِشْ مِنْكُمْ فَسَيَرَى اخْتِلَافًا كَثِيرًا، فَعَلَيْكُمْ بِسُنَّتِي وَسُنَّةِ الْخُلَفَاءِ الرَّاشِدِينَ الْمَهْدِيِّينَ، عَضُّوا عَلَيْهَا بِالنَّوَاجِذِ، وَإِيَّاكُمْ وَمُحْدَثَاتِ الْأُمُورِ؛ فَإِنَّ كُلَّ بِدْعَةٍ ضَلَالَةٌ».

رَوَاهُ أَبُو دَاوُدَ، وَالتِّرْمِذِيُّ وَقَالَ: حَدِيثٌ حَسَنٌ صَحِيحٌ

Абу Нажих аль-Ирбад ибну Сария, радыяллаху анху, айтты: "Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, бизге ушунчалык жеткиликтүү баян кылды. Ал баяндан биздин жүрөктөрүбүз жибип, көздөрүбүздөн жаш акты". Ошондо биз: "Оо, Аллахтын элчиси! Бул баяндарыңыз коштошуп жаткан адамдын баянындай, бизге дагы осуят кылыңызчы" – деп айттык".

Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: **"Аллахка такыбалык кылууңарды осуят кылам. Эгерде силерге Эфиопиялык кара кул – башчы болуп калса да ага баш ийип, моюн сунгула. Араңардан ким көп жашаса анда ал келечекте көптөгөн талаш-тартыштарды көрөт. Мына ошондук-**

**тан менин сүннөттүмдү жана менден кийинки туура жолдогу халифтеримдин сүннөттөрүн кармангыла. Ал сүннөттөрдү азуу тишиңер менен тиштегендей бекем кармангыла! Ошондой эле диндеги бидаттан сак болгула! Чындыгында динге киргизилген ар бир бидаат – бул адашуу!”** – деди”. (Абу Дауд, Тирмизи)

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Бир адам сапарга аттанаардан алдын үй-бүлөсүнө, тууган-досторуна аларга таасир бере тургандай осуяттарды айтып кетүүсү абзел. Анткени сапарга алыс жакка кеткен адамдын керээз сөздөрү көбүрөөк эсте калат.

2. Такыбалыкты осуят кылуу – адамзат жаралгандан баштап кыяматка чейинки адамдарга айтылган эң улуу осуят. Аллах таала айтты: **“Чындыгында Биз сенден мурунку китеп ээлерин жана силерди Аллахка такыбачылык кылууңарды буйрудук”.** (Ниса сүрөөсү, 131-аят)

3. Мусулмандар ар дайым башчыларга моюн сунуш керек. Башчыларга моюн сунуу, жакшылык иштерде гана болот. Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: **“Моюн сунуу жакшы иштерде гана”** – деп айтты.

4. Баян же осуят кылуучу адам сүйлөгөндө ар дайым тастыкталган, туура хадистерди тандап алуусу зарыл. Көбүрөөк пайда берет экен, жүрөктөрдү эзет экен деп эле жалган хадистерди айта бергени болбойт. Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа

саллам: **“Кимде-ким жалган экенин билип туруп менин атымдан жалган хадис айтса, анда ал жалганчылардын бири”** – деп айтты.

5. Сүннөттү бекем кармануудa кандай кыйынчылык болбосун, өзгөчө талаш-тартыш, келишпестиктерде Куран жана сүннөттү кармануу зарыл.

6. Эгерде дүйнө иштеринде адамдар үчүн пайдалуу иштер болсо, анда жаңылык киргизсе болот. Ал эми динге жаңылык киргизүү кескин түрдө тыйылган. Анткени динибиз толук, эч кандай кошумча нерселерге муктаж эмес. Динге бидаат киргизүүнүн көп жаман жактары бар: бөлүнүп-жарылуу, урушуп-талашуу ж.б.

Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: **“Чындыгында динге киргизилген бардык бидаат – бул адашуу”.**

## ЖЫЙЫРМА ТОГУЗУНЧУ ХАДИС

عَنْ مُعَاذِ بْنِ جَبَلٍ ﵁ قَالَ: قُلْت يَا رَسُولَ اللَّهِ! أَخْبِرْنِي بِعَمَلٍ يُدْخِلُنِي الْجَنَّةَ وَيُبَاعِدْنِي مِنْ النَّارِ، قَالَ: «لَقَدْ سَأَلْت عَنْ عَظِيمٍ، وَإِنَّهُ لَيَسِيرٌ عَلَى مَنْ يَسَّرَهُ اللَّهُ عَلَيْهِ: تَعْبُدُ اللَّهَ لَا تُشْرِكْ بِهِ شَيْئًا، وَتُقِيمُ الصَّلَاةَ، وَتُؤْتِي الزَّكَاةَ، وَتَصُومُ رَمَضَانَ، وَتَحُجُّ الْبَيْتَ، ثُمَّ قَالَ: أَلَا أَدُلُّك عَلَى أَبْوَابِ الْخَيْرِ؟ الصَّوْمُ جُنَّةٌ، وَالصَّدَقَةُ تُطْفِئُ الْخَطِيئَةَ كَمَا يُطْفِئُ الْمَاءُ النَّارَ، وَصَلَاةُ الرَّجُلِ فِي جَوْفِ اللَّيْلِ، ثُمَّ تَلَا: « تَتَجَافَى جُنُوبُهُمْ عَنِ الْمَضَاجِعِ « حَتَّى بَلَغَ «يَعْمَلُونَ»، ثُمَّ قَالَ: أَلَا أُخْبِرُك بِرَأْسِ الْأَمْرِ وَعَمُودِهِ وَذُرْوَةِ سَنَامِهِ؟ قُلْت: بَلَى يَا رَسُولَ اللَّهِ. قَالَ: رَأْسُ الْأَمْرِ الْإِسْلَامُ، وَعَمُودُهُ الصَّلَاةُ، وَذُرْوَةُ سَنَامِهِ الْجِهَادُ، ثُمَّ قَالَ: أَلَا أُخْبِرُك بِمَلَاكِ ذَلِكَ كُلِّهِ؟ فَقُلْت: بَلَى يَا رَسُولَ اللَّهِ! فَأَخَذَ بِلِسَانِهِ وَقَالَ: كُفَّ عَلَيْك هَذَا. قُلْت: يَا نَبِيَّ اللَّهِ وَإِنَّا لَمُؤَاخَذُونَ بِمَا نَتَكَلَّمُ بِهِ؟ فَقَالَ: ثَكِلَتْك أُمُّك وَهَلْ يَكُبُّ النَّاسَ عَلَى وُجُوهِهِمْ -أَوْ قَالَ عَلَى مَنَاخِرِهِمْ- إلَّا حَصَائِدُ أَلْسِنَتِهِمْ؟! رَوَاهُ التِّرْمِذِيُّ وَقَالَ: حَدِيثٌ حَسَنٌ صَحِيحٌ

Муаз ибну Жабал, радыяллаху анху, айтты: "Мен Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдан: "Оо, Аллахтын элчиси! Мени бейишке киргизип, тозоктон алыс кыла турган иштер тууралуу кабар бериңизчи?" – деп сурадым. Ошондо Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: **"Сен өтө улуу иш тууралуу сурадың. Бул иштерди Аллах кимге жеңил кылса, анда ал ага жеңил болот: Аллахка шерик кошпостон Анын Өзүнө гана сыйын, намаз оку, зекет бер, рамазан айында орозо карма жана ажылык кыл"** – деди. Андан соң Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: **"Сага жакшылыктын эшиктери тууралуу кабар берейинби? Ал эшиктер: (тозоктон) калкан болгон орозо, суу отту өчүргөндөй күнөөлөрдү өчүрө турган садака жана түндөсү окулган намаздар"** – деп айтып, бул аятты окуду: **"Алардын капталдары уктай турган төшөктөрүнөн ажырап турат да, өздөрүнүн Раббисине коркуу, үмүт кылуу менен дуба кылышат. Жана Биз ырыскы кылып берген нерселерден садака кылышат. Бир да жан жасаган (жакшы) иштери үчүн өздөрүнө (бейиште) жашыруун даярдап коюлган кубанычтарды билбейт".** (Сажда сүрөөсү, 16-17-аяттар) Аятты окуп бүткөн соң: **"Бардык иштин башаты, анын түркүгү жана туу чокусу эмне экени тууралуу кабар берейинби?"** – деди. Мен Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга: "Ооба, айтыңыз оо, Аллахтын элчиси!" – дедим. Ал: **"Бардык иштин башаты – Ислам ал эми түркүгү намаз жана туу чокусу – Аллах жолунда күрөшүү"** – деди да: **"Бул ибадаттардын баарысынын максаты эмне экендиги тууралуу кабар берейинби?"** – деп

айтты. Мен Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга: "Ооба, айтыңыз оо, Аллахтын элчиси!" – дедим. Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, өзүнүн тилин кармап: **"Мына ушуну тыйып жүр"** – деди. Ошондо мен: "Оо, Аллахтын элчиси! Биз ар бир сүйлөгөн сөзүбүздүн баарына жооп беребизби?" – деп сурадым. Ошондо Аллахтын элчиси: **"Кургур экенсиң го, эй Муаз! Беттери менен – же болбосо тумшуктары – менен тозокко түшө турган адамдардын тозокко кирүүсүнө тилдеринин кесепети болбодубу?!"** – деп айтты". (Тирмизи)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Ушул мааниде келген хадистердин баарысында айтылгандай, кимде-ким Аллах парз кылган иштерди өз убагында аткарса жана тыйылган арам иштерден тыйылса, анда ал бейишке татыктуу болот жана тозоктон кутулат. Эгерде мусулман хадисте келген иштерди аткарса, ал мусулман атка татыктуу болот. Ошондой эле ийгиликке жетүүчү туура жолдо жүргөн такыба атка конот.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Сахабалардын жакшылык иштерге умтулуулары. Өзгөчө бейишке киргизип, тозоктон алыстата турган иштерди пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа салламдан, сурап турушкан. Ошондуктан ар бир мусулман да мындай иштерге умтулуусу керек.

2. Бейиш менен тозоктун азыр бар экенин тастыктоо. Азыр бейиш менен тозок бар жана эч качан жок болуп кетпейт.

3. Ар бир мусулманга эң биринчи милдет жана эң улуу нерсе Аллахты жалгыздоо. Жана кылган иштерин чын ыкыластан кылуу. Буга хадистеги: **“Аллахка шерик кошпостон Анын Өзүнө гана сыйын!”** – деген пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа салламдын, осуяты далил болот.

4. Хадистеги: **“Аллахка шерик кошпостон Анын Өзүнө гана сыйын, намаз оку, зекет бер, рамазан айында орозо карма жана ажылык кыл”** – деген пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа салламдын, сөзү Исламдын беш түркүгү. Бул түркүктөрдү ар бир мусулман аткаруусу милдет.

5. Бирөөгө илим берүүдө көзгө көрүнгөн бир нерсени мисал кылып үйрөтүүнүн абзелдиги. Буга пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа салламдын, өз тилин кармап көргөзгөндүгү далил.

6. Эгерде биз тилди туура эмес колдонсок, анда тилибиз бизди тозокко алып бараары хадистен анык болду.

## ОТУЗУНЧУ ХАДИС

عَنْ أَبِي ثَعْلَبَةَ الْخُشَنِيِّ جُرْثُومِ بن نَاشِبٍ ﵁ عَنْ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ قَالَ: «إِنَّ اللَّهَ تَعَالَى فَرَضَ فَرَائِضَ فَلَا تُضَيِّعُوهَا، وَحَدَّ حُدُودًا فَلَا تَعْتَدُوهَا، وَحَرَّمَ أَشْيَاءَ فَلَا تَنْتَهِكُوهَا، وَسَكَتَ عَنْ أَشْيَاءَ رَحْمَةً لَكُمْ غَيْرَ نِسْيَانٍ فَلَا تَبْحَثُوا عَنْهَا».

حَدِيثٌ حَسَنٌ، رَوَاهُ الدَّارَقُطْنِيّ

Абу Саалаба аль-Хушани Журсум ибну Наашир, радыяллаху анху, айтат: Аллахтын элчиси, саллаллааху алейхи уа саллам, айтты: **“Чындыгында Аллах таала силерге парз ибадаттарды аткарууңарды милдет кылды. Ошондуктан парз ибадаттарга кошкөңүлдүк кылбагыла! Жана Аллах жашооңордо чектерди койду, ал чектерден чыгып кетпегиле! Ошондой эле кээ бир нерселерди силерге арам кылды, аларды жасабагыла! Жана Аллах унутпастан, ырайым кылып силерге кээ бир нерселер жөнүндө айткан жок. Мына ошондуктан алар туурасында изденбегиле”.** (Даракутни)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Шарияттагы парз ибадаттар – алар Исламдын беш түркүгү жана ыймандын негиздери. Ошондой эле ата-энеге урмат-сый көрсөтүү жана колунан келген жакшылыктарды аябоо да парз ибадат-

тардан. Бул ибадаттарды Аллах таала адамдарга милдеттүү түрдө буйрук кылды. Ошондой эле адамдардын ортосундагы мамилелер тынчтыкта болуусу үчүн Аллах таала көптөгөн ибадаттарды милдет кылды. Жана адамдарга зыян болгон нерселердин баарына чек коюп арам кылды. Анткени Ислам дини тынчтыктын жана жашоонун бардык тарабын камтыган дин. Аллах таала бизге ырайым кылып эскербеген нерселердин баары адал. Ичимдик жана тамак-азыктардын же мамиле келишимдердин бизге арам кылынгандары саналуу гана. Ал эми калган адал тамак-аштар жана соода-сатык келишимдердин баары адал.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Бизге бир ишти парз кылууга жана бир иштен тыюуга Аллах таала гана татыктуу. Башка ким болбосун бизге бир ишти милдеттендирүүгө акысы жок. Анткени Аллахтан башка эч ким биздин табигый муктаждыгыбызды жана бизге зыяндуу нерселерди биле албайт.

2. Ислам дининдеги иш-аракеттер – парз кылынган жана тыйылган иштерге бөлүнөт. Мунун баары адамдардын бул жашоосу тең салмактуу кетүүсү үчүн жана акыреттик жашоосунда кылган жакшылыктарынын сыйлыгын алуу үчүн коюлган дин эрежелери.

3. Аллах парз кылган ибадаттарды сөзсүз аткаруу керек. Эгер адам парз ибадаттарды билгенден кийин да аткарбай жүрө берсе, анда айбандан да төмөн болгон каапырчылыкка жакын болот.

4. Эки кошунанын ортосунда дубалдан тургузулган чек сыяктуу, Аллах да Өз désinде ачык чектерди койду. Аны Аллах Куран китебинде жана пайгамбарыбыз өз хадистеринде баяндап кетти.

5. Адамдар муктаж болгон кандай гана иш болбосун, аны Аллах таала баарын билет. Аллах ырайымдуулугунун себебинен, ал иштер жөнүндө бизге айткан жок. Мына ошондуктан эгер жашоодогу кылган иштерибиз күмөндүү болбосо, анда шектенбестен аны аткара берүү керек. Себеби Аллах айтпаган турмуштагы иштердин баарын аткарса боло берет. Бирок динге байланышкан, ибадаттарга тийиштүү иштердин өкүмүн билгенден кийин гана аткаруу керек. Анткени ибадаттар ачык бир далилдин үстүнө курулгандан кийин гана аткарылат. Ал эми жашоого байланышкан иштердин өкүмүн сурабай же изилденбей туруп аткара берсе болот. Бирок элдин арасында чыныгы күмөндүү иштер болсо, анда ал иштерден алыс болуу керек.

6. Бир гана илим жолунда жүргөн адамдар Исламдагы ар бир өкүмдү изилденип, илимин тереңдетип адал же арам экенин билет.

7. Бул үммөткө Аллахтын ырайымдуулугу себебинен көптөгөн пайдалуу таза нерселер адал кылынган. Ал эми зыяндуу ыплас нерселер арам кылынган. Бул да болсо Аллахтын ырайымдуулугу. Анткени Исраил урпактарынын каапырчылыгы себептүү, аларга Аллах мал-жандыктардын кээ бир таза майлуу жерлерин арам кылган эле.

8. Аллах эч бир нерсени унутпайт. Ал кыямат күнү адамдар кылган күнөө иштердин каалаганын ачыкка чыгарат жана каалаганын кечирип жашырат.

9. Ислам дининдеги арам нерселер саналуу гана. Калган нерселердин баары адал. Аллах таала айтат: **"Силерге Аллах өлүктү, мууздалганда аккан канды, чочконун этин жана Аллахтан башкага аталып союлган жандыкты арам кылды".** Эгер жаныбар жырткыч же ыплас болбосо, анда ал шарият жолу менен мууздалса таза жана адал болот. Ошондой эле суу жаныбарларынын бардык түрлөрү мууздалбай өлүк болсо да адал болот.

10. Пайгамбарыбыз, саллаллаахху алейхи уа саллам, Аллахтын өкүмүн мыкты тартипте айтты: Адал менен арам, парз менен Аллахтын койгон чектери жана Аллах айтпаган жашоодогу калган мубах иштер. Бул хадистеги айтылган өкүмдөр – адам баласынын жашоосунун бардык жактарын камтып алат.

## ОТУЗ БИРИНЧИ ХАДИС

عَنْ أَبِي الْعَبَّاسِ سَهْلِ بْنِ سَعْدٍ السَّاعِدِيِّ ﷺ قَالَ: جَاءَ رَجُلٌ إِلَى النَّبِيِّ ﷺ فَقَالَ: يَا رَسُولَ اللَّهِ! دُلَّنِي عَلَى عَمَلٍ إِذَا عَمِلْتُهُ أَحَبَّنِي اللَّهُ وَأَحَبَّنِي النَّاسُ؛ فَقَالَ: «ازْهَدْ فِي الدُّنْيَا يُحِبُّكَ اللَّهُ، وَازْهَدْ فِيمَا عِنْدَ النَّاسِ يُحِبُّكَ النَّاسُ». حديث حسن، رَوَاهُ ابْنُ مَاجَهْ

Сахл ибну Саад ас-Саади, радыяллаху анху, айтат: “Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, бир киши келип: "Оо, Аллахтын элчиси! Эгер мен аны аткарсам Аллах жана адамдар жакшы көрүп кала тургандай иштерден мага үйрөтүңүзчү?” – деп сурайт. Ошондо Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп жооп берет: **“Дүйнөгө кызыкпа, ошондо Аллах сени жакшы көрөт. Адамдардагы нерселерге көз артпа, ошондо сени адамдар жакшы көрүшөт”.** (Ибну Маажах)

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Сахабалардын өздөрүнө пайда бере турган нерселерди пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа салламдан, сурап билүүгө умтулуусу.

2. Адам баласынын табияты – Аллах таала жана адамдар да аны жакшы көрүүсүн каалайт. Ошондой эле Аллах таала жана адамдар аны жек көрүүсүн каалабайт.

3. Ким бул дүйнө жыргалчылыктарын таштап, акыретке көбүрөөк умтулса анда Аллах таала аны жакшы көрөт.

4. Кимде-ким адамдардын колдорундагы нерселерге көз артып, үмүт кылбаса, анда ал адамдардын арасында кадыр-барк, сый-урматка жетет жана сөзү да өтүмдүү болот.

5. Дүйнөнүн артынан ээрчип, өз диний милдеттерин таштоо – Аллах таала жек көрүп калуусунун себептеринин бири. Ошондой эле адамдардын колдорундагы нерселерге көз артуу адамдардын жек көрүүсүнө себеп болот.

# ОТУЗ ЭКИНЧИ ХАДИС

عَنْ أَبِي سَعِيدٍ سَعْدِ بْنِ مَالِكِ بْنِ سِنَانٍ الْخُدْرِيِّ ﵁ أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ قَالَ: « لَا ضَرَرَ وَلَا ضِرَارَ» . حَدِيثٌ حَسَنٌ، رَوَاهُ ابْنُ مَاجَهْ

Саад ибну Синан ал-Худрий, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Өзүңө да, өзгөлөргө да зыян бергенге болбойт».** (Ибну Маажах)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Мусулман адамга зыян берүү – шариятта катуу тыйылган иштерден. Мусулман адам башка мусулманга тили менен болобу, колу менен болобу зыян берүүсү – арам. Эгерде бирөөгө жетүүчү зыян сага пайдалуу иш болсо да бул ишти таштоо керек. Мисалы, бир адам багын сугарса, андан чыккан суусу кошунасынын үйүнө кирип, кошунасы зыян тарта турган болсо, анда ал адам зыян бербөө үчүн багын сугарууну токтотуусу зарыл. Же зыян бербей турган жол менен сугарсын. Бардык иштин аргасын тапса болот. Бакты сугарууда өзү да, кошунасы да зыян тартпагыдай болушу керек. Анткени хадисте пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам: **«Өзүңө да, өзгөлөргө да зыян бергенге болбойт»** – деп айтты. Ошондой эле мусулмандар өтүүчү жол-

дорго, базарларга зыян берүүчү нерселерди ташташанга да болбойт. Бул хадисте айтылган насаат шариятта чоң эреже катары колдонулат.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Мусулман адамга зыян берүүнүн арам экендигине бул хадис дагы бир ирет далил. Зыян берүү төмөндөгү иштерде болот: Адамдын тынчын алып, жашоосуна коркунуч салуу, Аллах таала тыйган арам иштерди кылуу, чектен чыгуу ж.б.

2. Башкаларга зыян берүүчү иштерди кылбоо үчүн, зыян берүүчү иштердин алдын алуу.

3. Адам өзүнө, башка бирөөнүн жанына, үй-бүлөсүнө, мал-дүйнөсүнө жана намысына зыян келтире турган иштердин бардык түрүн таштоосу жана андан алыс болуусу зарыл.

4. ислам дини адамды зыянга түшпөстөн мурда этият болууга чакырат. Ошондой эле зыян бербөөгө жана зыян тартпоого буйруйт. Эгерде зыянга түшүп калса, анда аны куткарат.

5. Бул хадис өкүм алганга жарактуу болгондуктан хадистен **“Ар бир зыяны бар иш-аракетти кылуу – арам”** – деген чоң эреже чыгат. Бул хадис өкүм берүүдө эреже катары колдонулат.

## ОТУЗ ҮЧҮНЧҮ ХАДИС

عَنْ ابْنِ عَبَّاسٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ قَالَ: «لَوْ يُعْطَى النَّاسُ بِدَعْوَاهُمْ لَادَّعَى رِجَالٌ أَمْوَالَ قَوْمٍ وَدِمَاءَهُمْ، لَكِنَّ الْبَيِّنَةَ عَلَى الْمُدَّعِي، وَالْيَمِينَ عَلَى مَنْ أَنْكَرَ» . حَدِيثٌ حَسَنٌ، رَوَاهُ الْبَيْهَقِيّ

Ибну Аббас, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте, Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: **«Эгерде адамдарга доологон нерселери бериле берсе, анда адамдар башкалардын мал-мүлктөрүнө жана кандарына да доо кылышмак, бирок доо кылуучу адам далил келтирүүсү керек, ал эми танган адам ант ичүүсү зарыл».** (Байхаки)

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Шарият адамдардын мал-мүлк жана кандарынын кол тийбестигин сактоо үчүн келген.

2. Доо койгон адам далил алып келүүсү зарыл. Далилдин бир канча түрлөрү бар. Алар:

**1) Күбө болуу.** Бул тууралуу Аллах таала ыйык Куранда айтат: **"Өзүңөр ыраазы болгон күбөңөрдөн эки эркек адамды күбө кылгыла, эгерде эки эркек табылбай калса, анда бир эркек жана эки аялды күбө кылгыла".** (Бакара сүрөөсү, 282-аят)

**2) Абалдын ачык көрүнүп туруусу дагы далил болот.** Сулайман пайгамбардын окуясын мисалга алалы. Эки аял сейилдегени талаага чыгышат. Экөөнүн тең колдорунда балдары болот. Талаада жүргөн кезде ал эки аялдын улуусунун баласын карышкыр жеп кетет. Улуу аял кичүүсүнүн баласын талашып, экөө араздашып, Дауд пайгамбарга анын чечимин сураганы келишет. Дауд пайгамбар "бала улуусунуку" деген өкүм чыгарып берет. Себеби улуусу төрөбөй турган куракка жетип калышы мүмкүн эле. Ал эми кичинеси дагы төрөп алат деп акыл калчап чечип берет. Ошентип экөө Дауд пайгамбардан чыгышып, араздашып бара жатышып Сулайманга жолугуп калышат. Сулайман пайгамбар алардан эмне болгондугун сурайт. Экөө тең окуяны айтып беришет. Сулайман пайгамбар бычакты алып келип, "баланы союп экиге бөлөм" деп айтканда, ага улуусу макул болот. Кичүүсү болсо: "Оо, Аллахтын пайгамбары, бала ушул аялдыкы" – дейт. Ошондо баланы кичүүсүнө берет.

Бул жерде бала кичүү аялдыкы экендигине абалдын далилдүүлүгү ачык болуп турат. Себеби мээримин төккөн баланын энеси үчүн баланын берки аял менен болуп, өмүр сүрүүсү жакшы эле. Ал аялга болсо баары бир. Себеби анын баласын карышкыр жеп кеткен болчу.

3. Танган адам касам ичпей койсо, анын зыянына өкүм берилет. Себеби ал мойнундагы нерсени аткарбай койду.

## ОТУЗ ТӨРТҮНЧҮ ХАДИС

عَنْ أَبِي سَعِيدٍ الْخُدْرِيِّ رَضِيَ اللهُ عَنْهُ قَالَ سَمِعْت رَسُولَ اللَّهِ ﷺ يَقُولُ: «مَنْ رَأَى مِنْكُمْ مُنْكَرًا فَلْيُغَيِّرْهُ بِيَدِهِ، فَإِنْ لَمْ يَسْتَطِعْ فَبِلِسَانِهِ، فَإِنْ لَمْ يَسْتَطِعْ فَبِقَلْبِهِ، وَذَلِكَ أَضْعَفُ الْإِيمَانِ» .

رَوَاهُ مُسْلِمٌ

Абу Саид ал-Худри, радыяллаху анху, айтат: "Мен Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтып жатканын уктум:

**"Эгерде силердин бирөөңөр күнөө ишти көрсө, анда аны колу менен токтотсун. Эгерде колу менен токтото албаса, анда сөзү менен токтотсун. А эгерде сөзү менен да токтото албаса, анда жүрөгү менен жаман көрсүн. Мына ушул – ыймандын эң төмөнкү даражасы".** (Сахих Муслим)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Хадистеги **"күнөө ишти көрсө"** деген сөз – күнөө ишти көзү менен көргөн адам гана эмес, күнөөнү кулагы менен уккан адамды жана баланча жерде күнөө иш кылынып жатат деп кабар жеткен адамдарды дагы камтып кетет.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Бул хадисте, пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам: **"Эгерде силердин бирөөңөр күнөө ишти көрсө, анда аны колу менен токтотсун. Эгерде колу менен токтото албаса, анда сөзү менен токтотсун"** – деп, бардык үммөткө буйрук иретинде айтып кетти. Ошондуктан кимдир бирөө: "Күнөө ишти көрсөң, адамдарды андан кайтаргын" – деп сага ким буйрук берген? – деп сураса, эч экиленбестен пайгамбарым буйруган деп жооп бергин.

2. Бир иштин анык күнөө экенин билбей туруп, андан кайтарганга болбойт. Бул нерсе эки жол менен түшүндүрүлөт:

**Биринчиси,** бир нерсенин анык күнөө, арам экенин билүү.

**Экинчиси,** бир иштин кээ бир адамдар үчүн гана күнөө экенин билүү. Анткени ал иш кээ бир адамдар үчүн күнөө, арам болушу мүмкүн. А бирок кээ бир адамдар үчүн күнөө эмес болушу да мүмкүн.

Мисалы, рамазан айында таң аткандан баштап, күн батканга чейин жеп-ичүү күнөө иш болуп саналат. Ал эми оорукчан, мусапыр адамдар үчүн жеп-ичүү күнөө болуп саналбайт. Анткени аларга шарият тарабынан ооз ачууга уруксат берилген.

Мына ошондуктан күнөө иштерден кайтаруу үчүн ушул нерселерди билүү зарыл.

3. Бул хадистен белгилүү болгондой, Ислам дини – жеңилдиктин дини жана ошондой эле Ислам дини адамдардын колунан келе турган иш-ара-

кеттерди гана буйруйт. Анткени пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, хадисинде: **"Эгерде колу менен токтото албаса, анда сөзү менен токтотсун"** — деди.

4. Эгерде адам бир күнөө ишти колу менен да, тили менен да айтып токтото албаса, анда жүрөгү менен жаман көрсүн.

Жүрөгү менен жаман көрүү – бул ошол күнөө ишти жаман көрүү жана качан ошол күнөөнү токтотууга күчүм жетсе, токтотом деп ичинен бекем чечим чыгаруу.

Суроо: Бир адам күнөө кылып жаткан адамдардын алдына барып, мен бул күнөөлөрдү жүрөгүм менен жаман көрөм деп коюп, алар менен бирге олтура берсе болобу?

Жооп: Жок, алар менен бирге олтуруусу таптакыр болбойт. Анткени ал күнөө иштерди чын эле жүрөгү менен жаман көргөндө, анда ал алар менен эч качан бирге олтурмак эмес.

## ОТУЗ БЕШИНЧИ ХАДИС

عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ «لَا تَحَاسَدُوا، وَلَا تَنَاجَشُوا، وَلَا تَبَاغَضُوا، وَلَا تَدَابَرُوا، وَلَا يَبِعْ بَعْضُكُمْ عَلَى بَيْعِ بَعْضٍ، وَكُونُوا عِبَادَ اللَّهِ إِخْوَانًا، الْمُسْلِمُ أَخُو الْمُسْلِمِ، لَا يَظْلِمُهُ، وَلَا يَخْذُلُهُ، وَلَا يَكْذِبُهُ، وَلَا يَحْقِرُهُ، التَّقْوَى هَاهُنَا، وَيُشِيرُ إِلَى صَدْرِهِ ثَلَاثَ مَرَّاتٍ، بِحَسْبِ امْرِئٍ مِنَ الشَّرِّ أَنْ يَحْقِرَ أَخَاهُ الْمُسْلِمَ، كُلُّ الْمُسْلِمِ عَلَى الْمُسْلِمِ حَرَامٌ: دَمُهُ وَمَالُهُ وَعِرْضُهُ». رَوَاهُ مُسْلِمٌ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте, Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Силер бири-бириңерге көрө албастык кылбагыла. Бири-бириңерге соодаңардын баасын жалгандан көтөрбөгүлө. Бири-бириңерди жек көрбөгүлө. Бири-бириңерден тескери карап кетпегиле. Бирөөнүн соодасын бузуп анын үстүнөн соода кылбагыла. Силер бир тууган боордош болгон абалда, Аллахтын пендеси болгула! Мусулман мусулмандын бир тууганы. Ошондуктан мусулман адам мусулман боордошуна зулум кылбайт. Аны жардамсыз калтырбайт. Ал аны алдабайт жана аны кемсинтпейт. Такыбачылык мына бул жерде болот. Такыбачылык мына бул жерде болот. Такыбачылык мына бул жерде бо-**

**лот»** – деп үч жолу колу менен көкүрөгүнө ишарат кылды. Андан кийин дагы айтты: **«Адамдын жаман экендигине – ал мусулман бир тууганын кемсинткендиги эле жетиштүү болот. Мусулман адамдын каны, мал-мүлкү жана абийири башка мусулманга арам кылынган».** (Сахих Муслим)

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Көрө албастык арам болгондуктан, пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, мындан тыйган. Көрө албастыктын зыяндары өтө көп. Алардан:

**-** Көрө албаган адам Аллах таала башка адамдарга берген жакшылыктарды жек көрүп калат. Ошондой эле Аллахтын тагдырына нааразы болот.

**-** Мусулман бир тууганына душмандык кылат.

**-** Көрө албаган адамдын жүрөгү кайгыда болот. Башкалардын жакшылыктары көбөйгөн сайын, анын кайгысы көбөйө берет. Ошентип анын жашоосу кайгы-капа менен өтөт.

2. Бирөөнүн сатыкка коюлган буюмун сатып алууну каалабай туруп, анын баасын жалгандан көтөрүү же түшүрүү арам кылынды.

Мисалы, бир адам кийим сатып алуу үчүн сатуучу менен соодалашып жаткан учурда аларга башка адам келип, бул буюмдун баасы силер айткандан кымбат – деп көп баага жалгандан эле сатып алат же баасын жогорулатат. Бирок ал адам сатуучу менен ушинтип алдап сатууну сүйлөшүп алган болот.

Мына ушундай соодадагы алдоолордун бардык түрлөрүнөн пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, тыйган.

3. Бир адам мусулман бир тууганынан кол үзүп мамилесин суздатуунун арамдыгы айтылды. Ошондой эле мусулман адам мусулман бир тууганына артын салып кетип калуу жана пикир келишпестик – мамилени суздатуу экенин жана бөлүнүп-жарылууга алып барарын билүүсү керек.

4. Мусулман адам башка бир мусулмандын соодасынын үстүнөн соодалашпоосу керек. Мисалы, бир адам бир буюмду сатып алууну каалады бирок андан алдын ал буюмду башка бир мусулман сатуучу менен соодалашып койгонун билсе же соодалашып жатканын көрсө, анда сатуучуга барып көбүрөөк бааны айтып же соодалашкан адам жогунда сатуучудан сатып алуу арам кылынды. Эгер ал мусулман бир тууганы сатып албоосун толук билгенде гана сатуучу менен соодалашса болот.

Ошондой эле жуучулукка барууда да мындай кылуу тыйылган. Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, башка хадисинде айтат: **“Кызга мусулман бир тууганыңар жуучу болгонун билсеңер, силер да аны менен кошо ал кызга жуучу болуп барбагыла”.**

Качан анын жуучулугу кайтарылганы билингенде, ошондо гана жуучулукка барса болот.

5. Ыймандуу бир туугандардан болуу – бул биз үчүн парз. Бирок ыймандуу бир туугандыкты кантип күчөтөбүз десеңиз, анда бир тууганлыкты алсыздаткан пикирлерди четке коюп, мамилени

кубаттаган пикирлерди айтып жана сылык мамилелерди көбөйтүү керек деген жооп болот.

Мисалы, белек берүү жана жакшылыктын үстүндө көрүшүп туруу өзгөчө жамаат намаздарда. Бул мамилелер бир туугандыкты күчөтөт.

6. Мусулман адамдын жаны, мал-мүлкү жана абийири башка мусулманга арам кылынды.

7. Мусулман бир тууганына жардам берүү. Пайгамбарыбыз, саллаллаху уа алейхи саллам, айтат: “Мусулман адам зулумдук көрсө да, зулумдук берсе да, ага жардам берүү керек” ошондо сахабалар: "Мейли, зулумдук көргөнгө жардам беребиз, бирок зулумдук кылганга кантип жардам беребиз" – деп сурашат. Анда пайгамбарыбыз, саллаллаху уа алейхи саллам, айтат: ***“Эгер аны зулумдук берүүсүнөн тыйсаң, мына ошондо сен ага жардам берген болосуң”.***

# ОТУЗ АЛТЫНЧЫ ХАДИС

عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ ﵁ عَنْ النَّبِيِّ ﷺ قَالَ: «مَنْ نَفَّسَ عَنْ مُؤْمِنٍ كُرْبَةً مِنْ كُرَبِ الدُّنْيَا نَفَّسَ اللَّهُ عَنْهُ كُرْبَةً مِنْ كُرَبِ يَوْمِ الْقِيَامَةِ، وَمَنْ يَسَّرَ عَلَى مُعْسِرٍ، يَسَّرَ اللَّهُ عَلَيْهِ فِي الدُّنْيَا وَالْآخِرَةِ، وَمَنْ سَتَرَ مُسْلِما سَتَرَهُ اللهُ فِي الدُّنْيَا وَالْآخِرَةِ ، وَاللَّهُ فِي عَوْنِ الْعَبْدِ مَا كَانَ الْعَبْدُ فِي عَوْنِ أَخِيهِ، وَمَنْ سَلَكَ طَرِيقًا يَلْتَمِسُ فِيهِ عِلْمًا سَهَّلَ اللَّهُ لَهُ بِهِ طَرِيقًا إِلَى الْجَنَّةِ، وَمَا اجْتَمَعَ قَوْمٌ فِي بَيْتٍ مِنْ بُيُوتِ اللَّهِ يَتْلُونَ كِتَابَ اللَّهِ، وَيَتَدَارَسُونَهُ فِيمَا بَيْنَهُمْ؛ إِلَّا نَزَلَتْ عَلَيْهِمْ السَّكِينَةُ، وَغَشِيَتْهُمْ الرَّحْمَةُ، وَذَكَرَهُمْ اللَّهُ فِيمَنْ عِنْدَهُ، وَمَنْ أَبْطَأَ بِهِ عَمَلُهُ لَمْ يُسْرِعْ بِهِ نَسَبُهُ». رَوَاهُ مُسْلِمٌ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылат. Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деди: **«Кимде-ким мусулманды бул дүйнө кайгыларынын биринен куткарса, Аллах аны кыямат күнүнүн кайгыларынын биринен куткарат. Кимде-ким мусулмандын (айыбын) жашырса, Аллах анын (айыбын) бул дүйнөдө жана акыретте жашырат. Кимде-ким кыйынчылыкка кабылган адамдын (ишин) жеңилдетсе, Аллах анын (абалын) бул дүйнөдө жана акыретте жеңилдетет. Эгерде адам мусулман бир тууганы-**

**нын жардамында болсо, анда Аллах анын жардамында болот. Кимде-ким илим издеп жолго чыкса, Аллах ал себептүү анын бейишке карай жолун жеңилдетет. Кайсы бир топ адамдар Аллахтын үйлөрүнүн биринде чогулушуп Аллахтын Китебин окушуп, аны бири-бирине үйрөтүшсө, аларды периштелер курчап алышат жана аларга бейпилдик түшүп, Аллахтын мээрими ороп алат. Ошондой эле Аллах аларды Өзүнүн алдындагы (периштелер) алдында эскерет. Ал эми ким иш-аракеттерине кайдыгер караса, (акыретте) анын ата-теги аны бийик даражаларга көтөрбөйт».** (Сахих Муслим)

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Ыймандуулардын башына кайгылуу иш түшсө, аларга жардам берип кайгыдан куткаруу өтө улуу иштерден. Бул ишти кылган адам кыяматтагы чоң кайгыдан кутулат. Ошондуктан пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, буга кызыктырган. Хадисте: **«Кимде-ким мусулманды бул дүйнө кайгыларынын биринен куткарса, Аллах аны кыямат күнүнүн кайгыларынын биринен куткарат»** – деп айтылды.

2. Бул хадисте кыямат күнүндө өтө чоң кайгы болору айтылды. кыямат күнү адамдар Аллах таалага эсеп берүү үчүн тирилип кабырларынан чыгарылат.

3. Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам: **«Кимде-ким кыйынчылыкка кабылган адам-**

**дын (ишин) жеңилдетсе, Аллах анын (абалын) бул дүйнөдө жана акыретте жеңилдетет»** – деп кыйналгандарга жардам берүүгө кызыктырды. Кыйналган адамга жардам берип анын кыйынчылыгын жеңилдетүүнүн түрлөрү көп. Алардан бирин мисалга алып айтсак: Карыз болгон адамга карызын төлөгөнгө жардам берүү – анын кыйынчылыгын жеңилдетүү болот.

4. Хадисте пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, мусулман адамдын айыбын жана кемчилдиктерин жашырууга үндөдү. Бирок адамдардын айыптуу иштерин жашыруу дайым эле жакшы сыпаттардан эмес. Мисалы, ачык түрдө кылмыш кылган адамдын айыбын биз жашырбайбыз. Бирок адам сырткы көрүнүшүндө туура жүргөн адам болуп көрүнүп, бирок акыйкатында ал ар түрдүү жаман иштерди кылып жүрсө, анда анын айыбын жашырабыз. Ошондой эле эгер бир адам, жалган жала менен кылмыштуулукка айыпталып жатса, акыйкатында ал айыпсыз болсо, анда аны биз милдеттүү түрдө коргообуз керек.

5. Илим издеген адамга бейиш жолдору жеңил болот. Кимде-ким илим талап кылып чыкса, анда ага Аллах таала бейиштин жолун жеңил кылат. Ошондой эле Аллах тааланын сөзү ыйык Куранды Аллахтын үйү болгон мечиттерде окуу жана аны башкаларга үйрөтүү өтө соопту иштерден. Эгерде кайсы бир коом Аллахтын үйлөрүнөн болгон бир үйдө, мечиттерде чогулушуп Аллахтын китеби ыйык Куранды окушса жана аны бири-бирине үйрөтүп биргеликте сабак кылышса, анда аларга Аллахтын тынчтыгы түшөт. Жүрөктөрү тынчтанып

ырахаттанат. Аллахтын мээрими аларды курчайт. Алардын айланасына периштелер топтолушуп аларды ороп алат. Аллах таала ошол жерде сабак кылып жаткан пенделерин периштелердин арасында эстейт. Аллах таала хадис кудсийде айткан:

**"Эгерде пендем Мени адамдардын арасында эстесе, анда Мен аны алардан да жакшыраак кулдарымдын алдында эстеймин".**

6. Кимдин акырет үчүн кылган амалы аз болсо, анда ага анын тектүүлүгү, ата-бабаларынын атактуу болгондугу эч кандай пайда бере албайт. Ошондуктан адам өзүн-өзү ата-тегинин улуулугу менен алдабаш керек. Жакшы иштерди көп кылып акыретте сооп-сыйлыктарга ээ болууга жана улуу даражага жетүүгө аракет кылуусу зарыл.

## ОТУЗ ЖЕТИНЧИ ХАДИС

عَنْ ابْنِ عَبَّاسٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا عَنْ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ فِيمَا يَرْوِيهِ عَنْ رَبِّهِ تَبَارَكَ وَتَعَالَى، قَالَ: "إنَّ اللَّهَ كَتَبَ الْحَسَنَاتِ وَالسَّيِّئَاتِ، ثُمَّ بَيَّنَ ذَلِكَ، فَمَنْ هَمَّ بِحَسَنَةٍ فَلَمْ يَعْمَلْهَا كَتَبَهَا اللَّهُ عِنْدَهُ حَسَنَةً كَامِلَةً، وَإِنْ هَمَّ بِهَا فَعَمِلَهَا كَتَبَهَا اللَّهُ عِنْدَهُ عَشْرَ حَسَنَاتٍ إلَى سَبْعِمِائَةِ ضِعْفٍ إلَى أَضْعَافٍ كَثِيرَةٍ، وَإِنْ هَمَّ بِسَيِّئَةٍ فَلَمْ يَعْمَلْهَا كَتَبَهَا اللَّهُ عِنْدَهُ حَسَنَةً كَامِلَةً، وَإِنْ هَمَّ بِهَا فَعَمِلَهَا كَتَبَهَا اللَّهُ سَيِّئَةً وَاحِدَةً". رَوَاهُ الْبُخَارِيُّ، وَمُسْلِمٌ

Абдуллах ибну Аббас, радыяллаху анхума, риваят кылат. Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, хадис кудсийде Аллахтын сөзүн айтты: **“Чындыгында Аллах жакшы иш-аракеттер менен жаман иш-аракеттерди жазып койгон. Кийин аны мындай деп баяндады: Кимде-ким жакшы иш-аракетти аткарамын деп ниет кылып бирок аны аткарбаса, анда Аллах ага толук бир жакшы иш-аракет (кылды деп) жазат. Ал эми ким бир жакшы иш-аракетти аткарамын деп ниет кылып аны аткарса, анда Аллах ага ондон жети жүз эсеге чейин жана андан да көп эселеген жакшы иш-аракеттерди (кылды деп) жазат. Кимде-ким жаман иш-аракетти кыламын деп ниет кылып бирок аны кылбаса, анда Аллах ага толук бир**

**жакшы иш-аракет (кылды деп) жазат. Ал эми ким бир жаман иш-аракетти кыламын деп ниет кылып аны кылган болсо, анда Аллах ага бир жаман иш-аракет (кылды деп) жазат".** (Сахих Бухари, Сахих Муслим)

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Аллах тааланын берешендиги бул хадисте ачык-айкын баяндалды. Пенделер кылган жакшы иштердин сооპторун Аллах таала эселеп берет. Жана Аллах кимге кааласа эсепсиз соопторду берет. Ошол эле убакта пенделер кылган күнөөлөр үчүн ошол күнөөнүн өзү гана жазылат. Ал эми ниет кылган жаман ишин Аллахтан коркуп Аллах үчүн ишке ашырбаса, анда ага дагы сооп жазылат. Анткени имам Муслим риваят кылган башка хадис кудсийде: "**Чындыгында пендем Мен үчүн ал күнөөнү таштады**" – деп келет.

2. Жакшы ишти аткарууну ниет кылуу менен жаман ишти аткарууну ниет кылуунун айырмасы:

- Эгерде кимдир бирөө жакшы иш-аракет кылууну ниет кылып, бирок аны себепсиз эле аткарбай койсо, анда ага Аллах анын ниети үчүн гана толук сооп берет. Ал эми ар дайым кылып жүргөн жакшы иш-аракетин бир себептер менен аткара албай калса, анда ага ниет кылгандыгы үчүн жана ошол жакшы иш-аракетти кылды деген толук сооп алат. Анткени имам Бухари риваят кылган башка хадисте пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам: "**Кимде-ким ооруп калса же сапарда жүрсө, ал ден-соолугу чың жана үйүндө ар дайым атка-**

**рып жүргөн жакшы иш-аракеттеринин сообун ала берет”** – деп айткан.

- Ал эми күнөө иш кылууну ниет кылып, бирок аны Аллах үчүн таштаса, анда ага толук бир сооп жазылат. Бирок жаман иш-аракетти Аллах үчүн эмес, жөн эле кылгысы келбей таштаса, анда ага эч кандай сооп да, күнөө да жазылбайт. Ал эми ниет кылган жаман иш-аракетин аткара албагандыктан кылбаса, ага ниетине жараша күнөө жазылат. Мисалы, врачтар арак ичкен адамга “арак ичсең өлөсүң” деп айта турган болсо, анда ал “эгерде мага врачтар айтпаганда анда мен каалаганымдай арак ичмекмин” деп ниет кылган болсо, анда кылган жаман ниетине жараша күнөө жазылат. Кимде-ким жаман иш-аракетти кыламын деп ниет кылып, ал ниетин кылыш үчүн болгон аракетин кылып, бирок ал жаман иш-аракети ишке ашпай калса, анда ниетине да, кылган аракетине да толук күнөө алат.

## ОТУЗ СЕГИЗИНЧИ ХАДИС

عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ ﵁ قَالَ: قَالَ رَسُول اللَّهِ ﷺ إِنَّ اللَّهَ تَعَالَى قَالَ: «مَنْ عَادَى لِي وَلِيًّا فَقَدْ آذَنْتهُ بِالْحَرْبِ، وَمَا تَقَرَّبَ إِلَيَّ عَبْدِي بِشَيْءٍ أَحَبَّ إِلَيَّ مِمَّا افْتَرَضْتُهُ عَلَيْهِ، وَلَا يَزَالُ عَبْدِي يَتَقَرَّبُ إِلَيَّ بِالنَّوَافِلِ حَتَّى أُحِبَّهُ، فَإِذَا أَحْبَبْتُهُ كُنْت سَمْعَهُ الَّذِي يَسْمَعُ بِهِ، وَبَصَرَهُ الَّذِي يُبْصِرُ بِهِ، وَيَدَهُ الَّتِي يَبْطِشُ بِهَا، وَرِجْلَهُ الَّتِي يَمْشِي بِهَا، وَلَئِنْ سَأَلَنِي لَأُعْطِيَنَّهُ، وَلَئِنْ اسْتَعَاذَنِي لَأُعِيذَنَّهُ». رَوَاهُ الْبُخَارِيُّ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, айтат: **“Аллах таала айтты: "Кимде-ким Менин жакын пенделериме душмандык кылса, анда Мен ага согуш жарыялаймын. Пендем Мен парз кылган ибадаттардан да сүйүктүрөөк башка нерсе менен Мага жакындай албайт. Мен аны жакшы көрүп калганга чейин пендем Мага нафил ибадаттар менен жакындай берет. Ошентип Мен пендемди жакшы көрүп калсам, анын уккан кулагы, көргөн көзү, кармаган колу, баскан буту боломун. Эгер Менден бир нерсени сураса, анда сураганын сөзсүз беремин. Менден коргоо сураса, анда аны сөзсүз коргоймун”.** (Сахих Бухари)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Кимде-ким Аллахтын ыймандуу пенделерине Аллахка ыйман келтиргендиктери үчүн душмандык кылса, ага Аллах согуш жарыялайт. Эгерде Аллах кимге согуш жарыяласа, анда ал кантип Аллахтын алдында туруштук бермек эле!? Ал эки дүйнөдө кыйраган абалда болот.

Бирок момундар менен ыйман келтиргендиктери үчүн эмес, башка себептерден улам алар менен араздашып кетишсе, анда Аллахтын каарына дуушар болушпайт. Мисалы, мусулмандар менен соода-сатыкта же башка күнүмдүк мамилелерде араздашып урушканга чейин барса, анда өзүнө да жана мусулман бир туугандарына да зулумдук кылган болот. Бирок хадисте айтылган чоң күнөөнү кылган болбойт.

Аллахтын жакын пенделеринен болуунун жолу – ал Аллах парз кылган ибадаттарды аткаргандан кийин, нафил ибадаттарды аткаруу. Ошондой эле бул хадисте: **“Анын көргөн көзү, кармаган колу боломун**…” – дегенин, аалымдар мындай деп түшүндүрүшөт: Ал пенде көп ибадаттары менен Аллахтын сүйүктүүсү болгон учурда, ал Аллах жакшы көргөн нерселерди гана көрүп калат жана Аллах жакшы көргөн иштерди гана аткарып калат – Аллах аны ар бир жасаган ишинде Өзү жакшы көргөн амалдарга багыттап коёт.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Кимде-ким Аллахтын сүйүктүү пенделеринен болсо, анда чоң жакшылыктарга ээ болуп, бул дүйнөдө жана акыретте Аллахтын коргоосунда болот. Бирок Аллахтын жакын пенделеринен болуу үчүн ыймандуу жана такыба адамдардан болуусу керек. Буга Аллахтын бул аяты далил болот: **“Чындыгында Аллахтын жакын пенделери (акыретте) коркунучта жана кайгы-капада болушпайт. Алар (жашоолорунда) ыйман келтирип, такыба болуп жүрүшкөн”.** (Юнус сүрөөсү, 62-63-аяттар)

2. Аллахтын эң жакшы көргөн буйруктары ал – парз ибадаттары.

3. Эгерде пенде парз ибадаттарын жана нафил ибадаттарын калтырбай аткара берсе, анда Аллах аны Өзү жакшы көргөн дене менен жана жүрөк менен аткарыла турган ибадаттарды аткарууга багыттап коёт. Тагыраак айтканда, анын жүрөгүндө мусулман бир туугандарына болгон мээримдүүлүк, кичипейилдик пайда болот жана дин душмандарына каршы тайманбастык, эр-жүрөктүүлүк пайда болот. Ошондой эле жан дилинен Аллахтын ага болгон сүйүүсүн сезип, бул дүйнөдөгү чыныгы бактылуулукту табат.

4. Бул хадисте айтылгандай, парз ибадаттарды өз убагында толук аткаргандан кийин, нафил ибадаттарды аткарууга өтүү керек. Парз жана нафил ибадат деп намазды гана түшүнбөш керек. Себеби Ислам390 дининде ар бир парз ибадаттын кошумча нафил ибадаттары да бар. Мисалы, зекет бергенден тышкары кошумча садака берүү, рамазан айынан

башка айларда да кошумча орозо тутуу, биринчи парз ажылыктан кийин дагы ажылыкка баруу ж.б. ибадаттар нафил ибадаттардын катарына кирет.

5. Аллахтын сүйүүсүнө жетүү – ал баа жеткис сыйлыктардын эң улуусу. Аллах таала айтат: **“Чындыгында ыйман келтирип жана жакшы амалдарды кылгандарга Мээримдүү (Аллах) Өз сүйүүсүн арнайт”.** (Мариям сүрөөсү, 96-аят)

Бул аятты аалымдар мындайча түшүндүрүшкөн: Аллах таала: Кимде-ким ыйман келтирип, жакшы амалдарды аткара берсе, анда аны Аллах жакшы көрөөрүн жана адамдар да аны жакшы көрөөрүн баяндайт.

Жана бул үммөттүн эң улуу тафсир аалымы Абдуллах ибну Аббас, радыяллаху анхума, мындай деп айтат: “Ыймандууларды Аллах сүйөт жана адамдарды да сүйдүрүп коёт”.

Себеби пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, айтат:

**“Качан Аллах таала бир пендесин сүйгөн кезде, Ал Жебреил периштеге айтат: “Эй, Жебреил! Чындыгында Аллах баланча пендесин сүйдү, сен да аны сүйгүн!”. Ошондо Жебреил периште да, ал пендени сүйөт. Анан Жебреил асмандагы макулуктардын баарына: “Оо, асман ээлери! Аллах баланча пендесин сүйдү, силер да аны сүйгүлө!” – деп жар салат. Ошондо асман ээлери да, ал пендени сүйүшөт. Андан кийин ал адамга болгон сүйүү, жердеги макулуктарга өтүп, алар да аны жакшы көрүп калышат”.** (Сахих Бухари)

Аллахтын сүйүүсүнө жетүү үчүн көптөгөн парз, важип, мустахаб, нафил ибадаттарды аткара берүү керек. Бул иштерди аткарууда элдин ыраазы же нааразы экендиги каралбайт. Аллахтын сүйүүсүнө жетүү үчүн, Анын шариятын бекем кармануу керек. Бирок бул ибадаттарды адамдардын каршылыгына карабай аткара берсе, анда убакыттын өтүшү менен адамдардын зыяны деле тийбей калат. Акырында Аллах андан ыраазы болот жана элди да андан ыраазы кылып коёт.

Аллахтын элчиси өз хадисинде мындай деп айтат:

“Кимде-ким элди ыраазы кылуу үчүн, Аллахтын каарын келтирген иштерди кылса, анда Аллах ага каарданат жана элди да ага каршы кылып коёт. Кимде-ким адамдар каршы болсо да Аллахты ыраазы кылуу үчүн бир ишти кылса, анда Аллах андан ыраазы болот жана адамдарды да андан ыраазы кылып коёт”. (Ибну Хиббан)

## ОТУЗ ТОГУЗУНЧУ ХАДИС

عَنْ ابْنِ عَبَّاسٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ قَالَ: «إِنَّ اللَّهَ تَجَاوَزَ لِي عَنْ أُمَّتِي الْخَطَأَ وَالنِّسْيَانَ وَمَا اسْتُكْرِهُوا عَلَيْهِ» . حَدِيثٌ حَسَنٌ، رَوَاهُ ابْنُ مَاجَهْ، وَالْبَيْهَقِيّ

Абдуллах ибну Аббас, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: **"Чындыгында Аллах менин үммөтүмдүн билбестен кылган катачылыктарын жана унутуп кылган (күнөөлөрүн), ошондой эле бирөө мажбурлап кылдырган күнөөлөрүн мен үчүн кечирди".** (Ибну Маажах, Байхаки)

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Бул хадистен Аллах тааланын пенделерине болгон мээримдүүлүгү чексиз экенин билсек болот.

2. Эгерде адам бир иштин күнөө экенин унутуп кылып алган болсо, ал иши үчүн адам суралбайт. Ал эми ал кылган иши арам иштерден болсо, ага күнөө жазылбайт жана кун дагы төлөнбөйт. Ошондой эле ибадаттарда ката кетирсе күнөөкөр болбойт. Ал эми парз болгон ибадаттарды унутуп таштаса, ал үчүн күнөө жазылбайт. Бирок парз болгон ибадаттарды калтырбай жетишип аткаруусу зарыл.

3. Эгерде пенде бир ишти кылууга же бир сөздү сүйлөөгө бирөө тараптан мажбур кылынса, анда

ага күнөө жазылбайт. Ал эми мажбурланган иш – адамдын акыларына байланыштуу болсо, анда ал иш аткарылбайт. Мисалы, бир адам "баланчаны өлтүрбөсөң, анда сенин жаның кыйылат" деп адам өлтүрүүгө мажбурласа дагы адам андай күнөө иштен баш тартыш керек. Анткени мажбур болуу башка бир адамдын канын төгүүнү адал кылбайт. Ошондой эле адам өзүнүн жанын сактап калыш үчүн башка бир адамдын жанын кыюусу арам.

## КЫРКЫНЧЫ ХАДИС

عَنْ ابْنِ عُمَرَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا قَالَ: أَخَذَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ بِمَنْكِبِي، وَقَالَ: «كُنْ فِي الدُّنْيَا كَأَنَّكَ غَرِيبٌ أَوْ عَابِرُ سَبِيلٍ». وَكَانَ ابْنُ عُمَرَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا يَقُولُ: إِذَا أَمْسَيْتَ فَلَا تَنْتَظِرْ الصَّبَاحَ، وَإِذَا أَصْبَحْتَ فَلَا تَنْتَظِرْ الْمَسَاءَ، وَخُذْ مِنْ صِحَّتِكَ لِمَرَضِكَ، وَمِنْ حَيَاتِكَ لِمَوْتِكَ. رَوَاهُ الْبُخَارِيُّ

Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анхума, айтты: “Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, менин ийинимен кармап туруп: **«Сен бул дүйнөдө чоочун адамдай же жолоочудай болгун»** – деп насаат берди.

Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анхума, айтат эле: **“Эгерде кеч кирсе, анда таңды күтпөгүн. А эгер таң атса, анда кеч кирүүсүн күтпөгүн. Оору келбестен мурда ден-соолугуңдун кадырын билгин. Өлүм келерден алдын жашоонун кадырын билгин”.** (Сахих Бухари)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Чоочун адам – анык бара турган жери болбогон, жашай турган турак-жайы жок сырттан келген бөтөн адам. Ал эми жолоочу адам – жол жүрүп бара жаткан мусапыр адам. Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: «Сен бул дүйнөдө чоочун адамдай же жолоочудай болгун» – деп бул дүйнөгө кызыкпоого жана дүйнөнү негизги максат кылып

албоого чакырды. Анткени адам канча узак өмүр сүрсө да баары бир бул дүйнөдө түбөлүк калбайт. Бул дүйнөдөн ажырай турган убак да келет. Муну айтпасак да баарыбызга белгилүү. Ошондуктан дүйнөгө өтө катуу байланып албастан, акыретке даярдануу зарыл. Мына ошондо бул дүйнөдө жашоо жеңил жана ырахаттуу болот. Ошондой эле өлүм сааты келгенде дүйнөдөн ажыроо да адамга оңой болот. Ибну Умарга айтылган Аллахтын элчиси Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламдын, насааты баарыбызга тиешелүү. Мусулман адам ар дайым акырет күнүнө жана өлүмгө даяр болушу зарыл. Акырет үчүн сооптуу амалдарды кылууга жанталашып аракет кылуусу керек.

Абдуллах ибну Умар да элдерге насаат кылып: "Эгерде кеч кирсе, анда таңды күтпөгүн. А эгер таң атса, анда кеч кирүүсүн күтпөгүн. Оору келбестен мурда ден-соолугуңдун кадырын билгин. Өлүм келбестен алдын жашоонун кадырын билгин" – деп көп айтат эле. Элибизде: Бүгүнкү ишти эртеңкиге калтырба деген жакшы сөз бар. Балким бул сөз сахаба ибну Умардан калган насааттын негизинде айтылып калгандыр. Акыйкатта, адам кыпындай да убакытты текке кетирбей акыретке азык топтошу керек. Эртең эмнелер болуп кетээрин адам билбейт. Кеч кирди, эртең таңга чейин ким бар, ким жок экендигин бир гана Аллах билет. Ойлонуп көрөлү! Кече эле жаныбызда жүргөн адамдар бүгүн жок. Ошондуктан баарыбыз Аллахтын бизге берген нээматтарынан пайдаланып өмүрдүн, ден-соолуктун жана убакыттын кадырын билели. Акыретте зыян тартуучулардан болуп калбайлы.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Дүйнөгө көп берилбөө жана байлык жыйноого баш оту менен кирип кетпөө. Хадисте: **«Бул дүйнөдө чоочун адамдай же жолоочудай болгун»** – деп келди.

2. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, түшүнүүгө оңой болуусу үчүн сахабаларга көбүнчө ар түрдүү мисалдарды келтирип үйрөткөн. Бул нерсе пайгамбарыбыздын илим үйрөтүүдө өтө чебер болгондугунан кабар берет. Эгерде пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам: **"Дүйнөгө көп берилбегин, байлык жыйноого берилбегин!"** – деген сыяктуу сөздөр менен айтканда, анда мынчалык жеткиликтүү болбойт эле. Ошондуктан пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, өтө түшүнүктүү кылып мисал менен: **«Бул дүйнөдө чоочун адамдай же жолоочудай болгун»** – деп айтты.

3. Насаат айтыла турган адамды көңүл бурдуруу максатында, ага айтылуучу сөз таасирдүү болуусу үчүн кээ бир ыкмаларды колдонсо болот. Буга далил: Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа салламдын, ибну Умарга кылган насаатында анын ийининен кармап туруп анан айтканы.

4. Акылдуу, ден-соолугу жакшы адам жашоосунда тынымсыз аракет кылып, акырети үчүн соопту иш-аракеттерди кылуусу керек. Эгерде кеч кирсе, анда таңды күтпөгүн. А эгер таң атса, анда кеч кирүүсүн күтпөгүн. Оору келбестен мурда ден-соолугуңдун кадырын билгин. Өлүм келбестен алдын жашоонун кадырын билгин

5. Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анхума, жашоодо өрнөк болгон, ошол доордун залкар инсандарынан болгон. Ал жаштайынан бери пайгамбарыбыздын жанында болуп, анын көптөгөн тарбиясын алган. Бул сөзгө далил катары пайгамбарыбыз ага: **«Сен бул дүйнөдө чоочун адамдай же жолоочудай болгун»** – деп айткан сөзүнөн насаат алганы. Ошондой эле ал сахаба өзү да башкаларга: "Эгерде кеч кирсе, анда таңды күтпөгүн. А эгер таң атса, анда кеч кирүүсүн күтпөгүн. Оору келбестен мурда ден-соолугуңдун кадырын билгин. Өлүм келбестен алдын жашоонун кадырын билгин" – деп насаат кылганы.

## КЫРК БИРИНЧИ ХАДИС

عَنْ أَبِي مُحَمَّدٍ عَبْدِ اللَّهِ بْنِ عَمْرِو بْنِ الْعَاصِ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا، قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ «لَا يُؤْمِنُ أَحَدُكُمْ حَتَّى يَكُونَ هَوَاهُ تَبَعًا لِمَا جِئْتُ بِهِ». حَدِيثٌ حَسَنٌ صَحِيحٌ

Абдуллах ибну Амр ибну ал-Аас, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Силердин кимиңер болбосун, көздөгөн максаты мен алып келген шарияттын негизинде болмоюнча толук ыймандуу боло албайт». (Хафиз Абу Наим)

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Пайгамбарыбыз бул хадисте шарияттан алдын, акылга же үрп-адатка карап өкүм берүүдөн тыйды. Анткени Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: **"Каалоолорун шарияттан алдын койгондорду толук ыймандуу боло албайт"** – деп өз сөзүндө айтты. Ошондуктан өкүм берүүдө эң биринчи шариятка кайрылуу зарыл.

2. Ким болбосун, кылып жаткан ишине өкүм чыгарып алгандан кийин эмес, биринчи шариятка карап, шариятка төп келээрин аныктап алуусу керек.

3. Адам кандай гана иш болбосун, шариятты өкүмдар кылууга милдеттүү. Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, хадисте: **"Мен алып келген шарияттын негизинде болмоюнча, толук**

**ыймандуу боло албайт"** – деп айтты. Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, адамдардын бардык муктаждыктарына жарактуу болгон шариятты алып келди. Аллах таала ыйык Куранда айтат: **"Биз сага Китепти (Куранды) ар бир нерседе ачык туура жол кылып түшүрдүк".** (Нахл сүрөөсү, 89-аят)

Адамдар муктаж болгон кандай гана иш болбосун, анын баянын жана жообун сөзсүз шарияттан таба алышат.

## КЫРК ЭКИНЧИ ХАДИС

عَنْ أَنَسِ بْنِ مَالِكٍ ﷺ قَالَ: سَمِعْت رَسُولَ اللَّهِ ﷺ يَقُولُ: قَالَ اللَّهُ تَعَالَى: "يَا ابْنَ آدَمَ! إنَّك مَا دَعَوْتنِي وَرَجَوْتنِي غَفَرْتُ لَك عَلَى مَا كَانَ مِنْك وَلَا أُبَالِي، يَا ابْنَ آدَمَ! لَوْ بَلَغَتْ ذُنُوبُك عَنَانَ السَّمَاءِ ثُمَّ اسْتَغْفَرْتنِي غَفَرْتُ لَك، يَا ابْنَ آدَمَ! إنَّك لَوْ أتَيْتنِي بِقُرَابِ الْأَرْضِ خَطَايَا ثُمَّ لَقِيتنِي لَا تُشْرِكُ بِي شَيْئًا لَأَتَيْتُك بِقُرَابِهَا مَغْفِرَةً" . رَوَاهُ التِّرْمِذِيُّ، وَقَالَ: حَدِيثٌ حَسَنٌ صَحِيحٌ

Анас ибну Малик, радыяллаху анху, риваят кылат. Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, хадис кудсийде айтты:

**“Аллах таала айтты: "Эй, адам баласы! Эгерде сен Мага дуба кылсаң жана күнөөлөрүңдүн кечирилүүсүн үмүт кылсаң, анда Мен сенин кылган күнөөлөрүңдү кечиремин. Күнөөлөрүңдүн кандай экенине көңүл да бурбаймын. Эй, адам баласы! Эгерде сенин күнөөлөрүң көбөйүп асманга жетип турса да бирок Менден кечирим сурасаң, анда Мен сени кечиремин. Эй, адам баласы! Эгерде сен Мага жер бети толо күнөөлөр менен келип, бирок Мага эч нерсени шерик кылбаган болсоң, Мен сага жер бети толо кечирим менен келемин”.** (Тирмизи)

## ХАДИСТИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Адам баласы жер бетиндей толо күнөө кылып бирок ал күнөөлөрү үчүн Аллахтан кечирим сураса, анда Аллах таала ага жер бети толо кечирим менен келет. Аллах тааланын бул кечирими – адам баласына берилген эң чоң нээматтардын бири. Негизи Аллах адилеттүүлүгү менен ал адамды күнөөлөрү үчүн азапташ керек эле. Бирок Аллах адилеттүүлүгү менен эле токтолбостон, аны менен бирге пенделеринин күнөөлөрүн кечирип аларга кошумча нээматтарды берет.

## ХАДИСТЕН АЛЫНГАН ПАЙДАЛАР

1. Хадис кудсийден адам баласынын башка макулуктардан артык, жогору экендигин түшүнсө болот. Анткени Аллах таала: *"Эй адам баласы!"* – деп, жалпы адамзатка кайрылып жатат.

2. Кимде-ким Аллах тааладан күнөөлөрүнүн кечирилүүсүн үмүт кылып, Ага дуба кылса, анда Аллах анын күнөөлөрүн кечирет. Ошондуктан дуба кылууда сөзсүз түрдө үмүт кылуу жана дубанын жообун күтүү керек. Жүрөгү менен эмес жөн эле адат катары тили менен айтып койгон дуба кабыл болбошу мүмкүн. Анткени ал адам Аллах таалага жалбарып, үмүт кылып дуба кылган жок.

3. Аллах таалага шерик кошпоонун артыкчылыгы. Адам баласы кандай гана күнөө кылбасын, бирок Аллах тааланы жалгыз сыйынууга татыктуу Кудай деп ширк кылбаса, анда Аллах аны кечирет.

4. Аллах күнөөлөрдүн канчалык чоңдугуна жана көптүгүнө карабай кечирет. Бул туурасында көптөгөн аят-хадистер бар.

Бирок Аллах тааладан кечирим суроонун жана Ага тообо кылуунун беш шарты бар. Качан ушул шарттар аткарылса, Аллах ал адамдын тообосун кабыл кылып, анын күнөөлөрүн кечирет.

## АЛ ШАРТТАР ТӨМӨНДӨГҮЧӨ:

1 - Аллах таалага ыкластуу болуу. Анткени ыкластуулук гана адамды тообо кылууга түртөт.

2 - Адам ошол кылган күнөөлөрү үчүн өкүнүп, кайгыруусу керек. Анткени кылган жаман иштерине өкүнүү – бул адамдын чынчылдыгын билдирет.

3 - Кылып жаткан күнөөсүн дароо таштоо. Эгерде башка адамдарга зыян жеткирген болсо, алардын акыларын берүү. Же болбосо, ыраазылыгын алуу. Мисалы, бирөөнү гыйбат кылсаң, же ушактасаң, барып кечирим сура. Уурдасаң, уурдаган нерсеңди кайра ээсине кайтарып бер ж.б.у.с.

4 - Кайра күнөөгө барбоого кескин түрдө чечим чыгаруу.

5 - Өз убактысында тообо кылуу. Жалпы адам баласынын тооболору кабыл болуу убактысы – күн батыш тараптан чыкканга чейинки убакыт. Ал эми ар бир адамдын жекече тообосунун кабыл болуу убактысы – анын ажалы келгенге чейинки убакыт. Ажал келиши менен тообо эшиги жабылат. Буга Аллах тааланын бул сөзү далил болот:

**"Ал эми күнөө кылып жүрө берип, качан алардын бирине өлүм келгенде гана "Мен эми тообо кылдым" дей турган адамдарга жана каапыр бойдон өлүп кеткендердин тооболору кабыл кылынбайт".** (Ниса сүрөөсү, 18-аят)

## МАЗМУНУ

Кириш сөз ........................................ 3
БИРИНЧИ ХАДИС ................................ 5
ЭКИНЧИ ХАДИС ................................ 10
ҮЧҮНЧҮ ХАДИС ................................ 19
ТӨРТҮНЧҮ ХАДИС ................................ 23
БЕШИНЧИ ХАДИС ................................ 28
АЛТЫНЧЫ ХАДИС ................................ 33
ЖЕТИНЧИ ХАДИС ................................ 37
СЕГИЗИНЧИ ХАДИС ................................ 40
ТОГУЗУНЧУ ХАДИС ................................ 44
ОНУНЧУ ХАДИС ................................ 48
ОН БИРИНЧИ ХАДИС ................................ 52
ОН ЭКИНЧИ ХАДИС ................................ 54
ОН ҮЧҮНЧҮ ХАДИС ................................ 57
ОН ТӨРТҮНЧҮ ХАДИС ................................ 60
ОН БЕШИНЧИ ХАДИС ................................ 64
ОН АЛТЫНЧЫ ХАДИС ................................ 67
ОН ЖЕТИНЧИ ХАДИС ................................ 70
ОН СЕГИЗИНЧИ ХАДИС ................................ 74
ОН ТОГУЗУНЧУ ХАДИС ................................ 78
ЖЫЙЫРМАНЧЫ ХАДИС ................................ 82
ЖЫЙЫРМА БИРИНЧИ ХАДИС ................................ 86
ЖЫЙЫРМА ЭКИНЧИ ХАДИС ................................ 88
ЖЫЙЫРМА ҮЧҮНЧҮ ХАДИС ................................ 93
ЖЫЙЫРМА ТӨРТҮНЧҮ ХАДИС ................................ 96
ЖЫЙЫРМА БЕШИНЧИ ХАДИС ................................ 102
ЖЫЙЫРМА АЛТЫНЧЫ ХАДИС ................................ 106
ЖЫЙЫРМА ЖЕТИНЧИ ХАДИС ................................ 109
ЖЫЙЫРМА СЕГИЗИНЧИ ХАДИС ................................ 111

ЖЫЙЫРМА ТОГУЗУНЧУ ХАДИС .............. 114
ОТУЗУНЧУ ХАДИС.................................. 118
ОТУЗ БИРИНЧИ ХАДИС .......................... 122
ОТУЗ ЭКИНЧИ ХАДИС ............................ 124
ОТУЗ ҮЧҮНЧҮ ХАДИС............................. 126
ОТУЗ ТӨРТҮНЧҮ ХАДИС ......................... 128
ОТУЗ БЕШИНЧИ ХАДИС.......................... 131
ОТУЗ АЛТЫНЧЫ ХАДИС.......................... 135
ОТУЗ ЖЕТИНЧИ ХАДИС .......................... 139
ОТУЗ СЕГИЗИНЧИ ХАДИС ...................... 142
ОТУЗ ТОГУЗУНЧУ ХАДИС ....................... 147
КЫРКЫНЧЫ ХАДИС ............................... 149
КЫРК БИРИНЧИ ХАДИС ......................... 153
КЫРК ЭКИНЧИ ХАДИС ........................... 155